**2025-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде жана анын ведомстволук мекемелеринде бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**

**Отчет**

2026-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына ылайык, 2025-жылга карата Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде жана анын ведомстволук мекемелеринде бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектиси**

Ушул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги (мындан ары – Министрлик) эсептелет.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

Министрликтин жетекчилиги бюджеттик жана атайын каражаттардын тескелишине жана мыйзам чегинде ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга жоопкерчилик тартат.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдеттери**

Аудитордун жана аудитордук топтун милдети Министрликтин жана анын ведомстволук мекемелеринин иши аудиттин критерийлерине ылайык келүүсүнө, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде тиешелүү корутундуларга өз алдынча келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейт.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, укукту белгилөөчү ченемдик документтерде бекитилген милдеттерге жана максаттарга Министрликтин ишинин шайкеш келишин изилдөө болуп эсептелет.

Аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер:

- бюджеттик жана атайын каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшү жана аткарылышы;
- штаттык ырааттамалардын, эмгек акы төлөө шарттарынын сакталышы жана Социалдык фонддун төгүмдөрүнүн чегерилиши;
- транспорттук каражаттардын лимиттеринин сакталышы жана транспорттордун пайдаланылышы;
- ижара мамилелери;

- товардык-материалдык баалуулуктардын жана негизги каражаттардын эсебин жүргүзүү;

- мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптарынын аткарылышы;

- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышы;

- курулуш-куроо жана оңдоо иштери;

- башка бузуулар жана кемчиликтер;

- дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти.

**Аудиттин критерийлери**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдору:

✓ 2022-жылдын 30-мартындагы № 182 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” (КР Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 25-апрелиндеги № 287 токтомуна ылайык күчүн жоготту);

✓ 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө”;

✓ 2022-жылдын 1-августундагы № 433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө”;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору:

✓ 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” (КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы № 778 токтомуна ылайык күчүн жоготту);

✓ 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө”;

✓ 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы №302 “Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары

жөнүндө” (КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтомуна ылайык күчүн жоготту);

✓ 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекитүү тууралуу”;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-апрелиндеги № 194 токтому менен бекитилген, “Эпидемиялар менен күрөшүү жана алардын алдын алуу иш-чараларын жүргүзүүгө түшкөн каражаттарды сарптоо тартиби жөнүндө” жобо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” буйругу;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ишин жөнгө салуучу башка ченемдик-укуктук актылар.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык олуттуу аспекттеринде мыйзам чыгаруучу жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиктен, негиздүү ишеним алуу үчүн аудит өткөрүүнү жана пландаштырууну талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Ушул аудиттин жүрүшүндө Министрлигинин ишине тиешелүү болгон ченемдик-укуктук актылар, ошондой эле ички ченемдик документтер колдонулду. Тобокелдиктин белгиленген деңгээлдеринин негизинде, аныкталган тандоо көлөмүнө ылайык маселелердин аудити жүргүзүлдү.

**Аудит жүргүзүү мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген:**

- Министр: 2023-жылдын 13-сентябрынан тартып 2025-жылдын 3-февралына чейин А.С.Бейшеналиев, 2025-жылдын 3-февралынан тартып 2025-жылдын 1-декабрына чейин Э.М. Чечейбаев, 2025-жылдын 1-декабрынан тартып 2026-жылдын мартына чейин К.М. Досмамбетов, 2026-

жылдын мартынан тартып ушул күнгө чейин Д.А. Осмонов иш алып барат.

- Финансы саясаты башкармалыгынын начальниги: 2022-жылдын 11-февралынан тартып 2025-жылдын 1-ноябрына чейин А.А. Раимбаева, 2025-жылдын 1-ноябрынан тартып бүгүнкү күнгө чейин К.Т.Оскомбаева иш алып барат.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иш-чаранын натыйжасында, төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, Министрлик тарабынан бюджеттин аткарылышы маанилүү аспекттеринде мыйзам талаптарына (белгиленген аудиттин критерийлерине) шайкеш келери аныкталды.

**Мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасынын жазма буйруктарынын жана сунуштамаларынын аткарылышы**

2024-жылга карата бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча жалпы 3 жазма буйрук берилген:

2025-жылдын 23-декабрындагы №01-6/175 жазма бурук боюнча жалпы 16 пункттан турган жазма буйрук берилген, анын ичинен 11 пункту аткарылган, 3 пункту жарым-жартылай аткарылган (2,4,7-пунктар), 2 пункту аткарылган эмес (1,6-пунктар). Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 33169,3 миң сомдон, 27728,8 миң сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 5440,5 миң сомду түзөт:

2026-жылдын 26-январындагы №01-20/86 жазма буйрук боюнча (Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондуна шайкештик аудит жүргүзүү алкагында каралгандар) жалпы 19 пункттан турган жазма буйрук берилген, анын ичинен 7 пункту аткарылган, 7 пункту жарым-жартылай аткарылган (12,3,10,13,14,16-пунктар), 5 пункту аткарылган эмес (7,9,12,17,18-пунктар). Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 675,5 миң сомдон, 440,9 миң сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 234,6 миң сомду түзөт:

2025-жылдын 23-декабрындагы №01-6/178 жазма бурук боюнча (“Кыгызфармация “МИна натыйжалуу аудит жүргүзүү алкагында каралгандар) жалпы 22 пункттан турган жазма буйрук берилген, анын ичинен 1 пункту аткарылган, жарым-жартылай аткарылган эмес, 21 пункту аткарылган эмес (1,2,3,4,5,6,7,8,9,10,11,13,14-пунктар). Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 565,6 миң сом калыбына келтирилген эмес.

**Сунуштама**

2024-жылга карата бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктун аткарылбаган жана жарым-жартылай аткарылган пункттарынын толугу менен аткарылышы камсыздалсын жана 6240,7 миң сом (5440,5+234,6+565,6) өлчөмүндөгү калдык калыбына келтирилсин.

Жазма буйруктардын аткарылбаган бардык пункттарын аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

## Министрлик жөнүндө жалпы маалымат

Министрликтин Жобосу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №249 токтому менен бекитилген.

Министрлик саламаттык сактоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуучу жана ишке ашыруучу жана башкарууну жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органы болуп саналат.

Саламаттык сактоо уюмдары жалпысынан 258 ведомстволук мекеме бар, анын ичинде:

- Биринчи медициналык-санитардык жардам – 97 мекеме;
- Жалпы профилдеги жана адистештирилген ооруканалар – 59 мекеме;
- Санаторийлер жана калыбына келтирүүчү дарылоо борборлор – 14 мекеме;
- Кан куюу станциялары – 6 мекеме;
- Санитардык-эпидемиологиялык станциялар, карантиндик жана коркунучтуу инфекциялар борборлору, СПИДге каршы күрөшүү борборлору – 41 мекеме;
- Балдар үйлөрү – 3 мекеме;
- Билим берүү – 14 мекеме;
- жана башка мекемелер – 24 мекеме.

Азыркы аудиттин отчетунда жалпы 106 субъект, анын ичинен 5 субъект долбоор жана курулуш иштери боюнча 10 субъект каралды.

## Министрликтин программалык бюджетинин аткарылышы

Министрликтин 2025-жылга бюджети “Кыргыз Республикасынын бюджетинин 2025-жылга жана 2026-2027 жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-тиркемеси менен программалык форматта бекитилген жана анын ичинде бюджеттик иш-чаралар, каржылоо, пайдалуу жыйынтык индикаторлору жана максаттуу маанилүүлүктөр камтылган.

**Стратегиялык максаттар жана сектордун тапшырмалары** (ведомстволук классификациялары 37121, 37110, 37131). *миң сом*

| № | Программанын аталышы | Бекитилген бюджет | Такталган бюджет | Кассалык чыгымдар | % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Башкаруу жана администрациялоо | 216 127,3 | 262 169,3 | 240 656,3 | 92% |
| 2 | Коомдук саламаттык сактоо | 1 623 240,8 | 1 591 334,8 | 1 532 385,0 | 96% |
| 3 | Саламаттык сактоо кызматтарын көрсөтүүнү уюштуруу | 5 000 485,3 | 5 541 518,7 | 4 980 792,1 | 90% |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 4 | Медициналык билим берүү жана саламаттыкты сактоодогу адам ресурстарын башкаруу | 767 026,3 | 643 371,2 | 600 868,1 | 93% |
| 5 | Алгачкы медициналык-санитардык жардам кызматтарын көрсөтүү | 10 161 284,9 | 11 092 832,8 | 11 013 193,0 | 99% |
| 6 | Медициналык мекемелер тарабынан стационардык деңгээлде кызмат көрсөтүү | 15 531 053,7 | 15 330 864,8 | 15 198 772,5 | 99% |
| 7 | Жеңилдетилген гемодиализ дарылоосуна жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу | 2 530 800,0 | 3 451 400,0 | 3 451 400,0 | 100% |
| | **Баардыгы:** | **35 830 018,3** | **37 913 491,5** | **37 018 066,9** | **97,6%** |

**Аныкталды жана корутунду**

Министрликке жана анын ведомстволук уюмдарына 2025-жылы такталган программалык бюджеттин көлөмү 37 913 491,5 миң сомду түзгөн, ал эми бюджеттин аткарылышы 37 018 066,9 миң сом болгон же 97,6% түзгөн.

Бюджеттин аткарылбагандыгынын бирден-бир себептери бул өз убагында сатып алуулар жана берүүчүлөр тарабынан товарларды жеткирип берүүнүн кечиктирилишине байланыштуу болгон.

Мындан сырткары “Башкаруу жана администрациялоо” программасы боюнча 2025-жылдын ичинде бош штаттык кызмат орундардын болушуна байланыштуу 3 402,4 миң сом өлчөмүндөгү бюджеттик каражат үнөмдөлгөн. Натыйжада эмгек акы төлөө фонду толук көлөмдө өздөштүрүлгөн эмес.

“Саламаттык сактоо кызматтарын көрсөтүүнү уюштуруу” программасы боюнча бюджеттин аткарылбай калышынын негизги себеби болуп “Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасы тарабынан Жогорку технологиялар фондунун **335 136,5 миң сом** өлчөмүндөгү каражаттарынын өздөштүрүлбөй калышы саналат.

“Медициналык билим берүү жана саламаттык сактоодогу адам ресурстарын башкаруу” программасы боюнча бюджеттин толук аткарылбай калышы ведомстволук уюмдардагы бош кызмат орундардын болушу, эмгек акы төлөө фонду жана эмгек акыга чегерүүлөр боюнча үнөмдөөлөрдүн түзүлүшү, медициналык кадрларды даярдоо жана алардын квалификациясын жогорулатуу боюнча айрым иш-чаралардын мөөнөттөрүнүн өзгөртүлүшү, ошондой эле клиникалык ординаторлорго жана интерн-врачтарга стипендия төлөөгө каралган каражаттардын толук өздөштүрүлбөй калышы менен шартталган.

**Сунуштама**

1. Бюджеттик каражаттарды пландаштыруунун негиздүүлүгүн жогорулатып, бюджеттик программалар боюнча каражаттардын өздөштүрүлүшүнүн жүрүшүнө үзгүлтүксүз талдоо жүргүзүп, бюджеттин аткарылбай калуу тобокелдиктерин азайтуу боюнча ыкчам чаралар көрүлсүн.
2. “Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасы тарабынан Жогорку технологиялар фондунун каражаттарын өздөштүрбөй калуу себептери талданып, бөлүнгөн каражаттарды өз убагында жана планга ылайык пайдалануу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

## Министрликтин бюджеттик жана атайын каражаттарынын чыгымдар сметасынын аткарылышы

**“Саламаттык сактоо”** бөлүгү медициналык буюмдарга, жабдууларга жана аппаратурага, амбулатордук кызмат көрсөтүүлөргө, оорукаалардын кызмат көрсөтүүлөрүнө, саламаттык сактоо жаатындагы кызмат көрсөтүүлөргө, башка категорияларга кирбеген саламаттык сактоо маселелерине чыгымдарды камтыйт.

“2025-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети жана 2026-2027-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин бюджети **40 571,2 млн сом** суммасында бекитилген, анын ичинен:

- бюджеттик каражаттар 35 830,0 млн сом (жалпы бюджеттен 88,31%);
- атайын каражаттар 2 103,1 млн сом (5,2%);
- өнүгүү бюджети (Мамлекеттик инвестициялык долбоорлор) 2 638,1 млн сом (6,5 %).

**“Саламаттык сактоо”** бөлүгү боюнча бюджеттик каражаттардын чыгымдарынын көбөйүшү дары-дармектерди жана медициналык багыттагы буюмдарды сатып алууга, ошондой эле саламаттык сактоо чөйрөсүн өнүктүрүү жана калктын жашоо-турмушунун жана ден соолугунун сапатын жакшыртуу максатында саламаттык сактоо системасынын кызматкерлеринин эмгек акысын этап-этабы менен жогорулатуунун алкагында каралган.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде **263** саламаттык сактоо уюмдары иш жүргүзүшөт, анын ичинен: Жалпы дарыгерлер практикалык борборлору, Үй-бүлөлүк медицина борборлору, СПИДге каршы күрөшүү боюнча борборлор, санитардык-эпидемиологиялык станциялар жана карантиндик жана кооптуу инфекциялар борборлору, алар коомдук кызматтарды көрсөтүшөт жана жалпы профилдеги ооруканалар, медициналык-реабилитациялык борборлор, кан куюу станциялары, алар калкка жеке медициналык кызматтарды көрсөтүшөт.

Белгилей кетсек, аудиттин планына олуттуулугу боюнча кирген “Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасына (8 895 482,3 миң сом, анын ичинен Жогорку технологиялар фондусу 2 775 455,0 миң сом), Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин “Натыйжалуу багытталган программа” (429 647,8 миң сом) долбооруна өзүнчө натыйжалык аудит жүргүзүлөт, ошондуктан азыркы аудит тарабынан каралбайт.

2025-жылга такталган бюджет 41 707,6 **млн.сом**, анын ичинен: бюджеттик каражаттар 37 913,4 млн.сом, атайын каражаттар боюнча 2 451,1 млн сом, ошондой эле мамлекеттик инвестициялар программасы 1 343,1 млн сом түздү.

млн. сом

| **Аталышы** | **Бекитилген план** | **Такталган план** | **Бюджеттин аткарылышы** | **%** |
|---|---|---|---|---|
| Топтоштурулган бюджет | 40 571,2 | 41 707,6 | 40 885,8 | 98,0 |
| Бюджеттик каражаттар | 35 830,0 | 37 913,4 | 37 018,1 | 97,6 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Атайын каражаттар | 2 103,1 | 2 451,1 | 2 562,8 | 104,6 |
| МИП | 2 638,1 | 1 343,1 | 1 304,9 | 97,2 |

**2025-жылы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине төмөнкү максаттар үчүн кошумча 2 083,5 млн сом каражаттар бөлүнгөн:**

430 589,8 миң сом – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 20-февралындагы №93-р тескемесине ылайык (сапатын жогорулатуу программасынын үчүн);

144 123,0 миң сом – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 8-апрелиндеги №259-р тескемесине ылайык (Республикалык кан борбору үчүн альбумин өндүрүүчү жабдууларды сатып алууга жана оңдоо иштерин жүргүзүүгө);

120 616,1 миң сом – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-апрелиндеги №299-р тескемесине ылайык (Барпы атындагы энеликти жана балалыкты коргоо борборун кармоого);

46 063,0 миң сом – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 15-майындагы №380-р тескемесине ылайык (Ысык-Көл райондук жалпы дарыгерлик практика борбору үчүн медициналык жабдууларды сатып алууга);

26 105,3 миң сом – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 9-июнундагы №457-р тескемесине ылайык (Эне жана баланы коргоо улуттук борбору үчүн медициналык жабдууларды жана рентген аппаратын сатып алууга);

255 982,5 миң сом – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-июлундагы №613-р тескемесине ылайык (Жүрөк хирургиясы жана органдарды трансплантациялоо илимий-изилдөө институту үчүн медициналык жабдууларды сатып алууга);

24 431,0 миң сом – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-июлундагы №622-р тескемесине ылайык (Тез жардам клиникалык ооруканасынын күйүк бөлүмү үчүн медициналык жабдууларды сатып алууга);

10 141,2 миң сом – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 29-июлундагы №640-р тескемесине ылайык (Улуттук онкология жана гематология борборунун ижара акысынын чыгымдарын жабууга);

3 614,9 миң сом – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 26-августундагы №730-р тескемесине ылайык (Афганистандын Чоң жана Кичи Памир аймактарына жөнөтүлүүчү дары-дармек каражаттарын сатып алууга);

127 342,1 миң сом – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №818-т тескемесине ылайык (Ч. Мамбетов атындагы Талас облустук бириктирилген ооруканасы үчүн);

430 000,0 миң сом – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы №817-т тескемесине ылайык (гемодиализ кызматтарын көрсөтүүгө байланышкан чыгымдарды төлөөгө);

38 174,1 миң сом – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 8-ноябрындагы №964-т тескемесине ылайык (Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Республикалык кан борборунун чыгымдарын жабууга);

1 467 368,2 миң сом – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 1-декабрындагы №1043-т тескемесине ылайык;

29 648,0 миң сом – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2025-жылдын 29-январындагы №06-2/983 катынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2025-жылдын 3-мартындагы №13-1-10/17 кызматтык жазуусунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-июнундагы №339 токтомунун (“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын өнүктүрүү жана дем берүү фонду жөнүндө”) негизинде (министрликтин борбордук аппаратынын Өнүктүрүү жана дем берүү фонду үчүн);

100 328,5 миң сом – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин кызматтык жазуусунун негизинде коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгымдарды төлөөгө.

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги**

(саламаттык сактоонун аппараты жана ведомстволук мекемелери)

млн сом

| Аталышы | Бекитилген план | Такталган план | Аткаруу | % аткарылышы |
|---|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **40 571,2** | **41 707,6** | **40 885,8** | **98,0** |
| Бюджеттик каражаттар | 35 830,0 | 37 913,4 | 37 018,1 | 97,6 |
| Атайы каражаттар | 2 103,1 | 2 451,1 | 2 562,8 | 104,6 |
| Мамлекеттик инвестициялар | 2 638,1 | 1 343,1 | 1 304,9 | 97,2 |
| **Борбордук аппарат** | **111,9** | **146,1** | **133,8** | **91,6** |
| Бюджеттик каражаттар | 91,9 | 146,1 | 133,8 | 91,6 |
| Атайы каражаттар | 20,0 | 0,0 | 0,0 | |
| **Саламаттык сактоонун ведомстволук мекемелери** | **37 821,2** | **40 218,4** | **39 447,1** | **98,1** |
| Бюджеттик каражаттар | 35 738,1 | 37 767,3 | 36 884,3 | 97,7 |
| Атайы каражаттар | 2 083,1 | 2 451,1 | 2 562,8 | 104,6 |

**Министрлик** боюнча 2025-жылга такталган бюджет (аппарат жана саламаттык сактоонун ведомстволук мекемелери боюнча, мамлекеттик инвестициялардын каражаттарын эсепке алуу менен) **41 707,6** млн сом, бекитилген бюджетке карата көбөйүү **1 136,4** млн сом, **анын ичинен**: бюджеттик 37 913,4 млн сом же көбөйүү 2 083,4 млн сом, атайын эсептин каражаттары боюнча 348,0 млн сом бекитилген бюджетке салыштырмалуу 681,0 млн сомго көбөйгөн, мамлекеттик инвестициялар 1 295,0 млн сом.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин **аппараты** боюнча 2025-жылга такталган бюджет 110,7 млн сомду түздү, бекитилген бюджетке салыштырмалуу көбөйүү 18,8 млн сом.

**Министрликтин билим берүүнүн ведомстволук мекемелери** боюнча 2025-жылга такталган бюджет 825,5 млн сом, бекитилген бюджетке салыштырмалуу 18,3 млн сомго азайган, анын ичинде: бюджеттик каражаттар 463,3 млн сом, бекитилген бюджетке салыштырмалуу 70,1 млн сомго же 13,1 %га азайган, атайын эсептин каражаттары 362,2 млн сом, бекитилген бюджетке карата 51,8 млн сомго көбөйгөн.

млн сом

| **Аталышы** | **Бекитилген план** | **Такталган план** | **Айырма** |
|---|---|---|---|
| Бардыгы: | **843,8** | **825,5** | **18,3** |
| бюджеттик каражаттар | 533,4 | 463,3 | 70,1 |
| атайын эсептин каражаттары | 310,4 | 362,2 | 51,8 |

Жалпысынан бюджеттик каражаттар боюнча чыгашаларды 70,1 млн сомго азайтуу каралган. Атайын эсептин каражаттары боюнча чыгашалардын 51,8 млн сомго көбөйүшү, жыл башына карата каражаттардын калдыгы менен түшүндүрүлөт.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 162-беренесине ылайык, бюджеттик негизде окуп чыккан медициналык окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы берген жолдомо боюнча региондордо кеминде эки жыл иштеп берүүгө милдеттүү. Жолдомо боюнча иштөөдөн баш тарткан бүтүрүүчү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте окутууга кеткен чыгымдын ордун толтуруп бергенден кийин ишке эркин орношконго укуктуу болот.

Аудиттин жүрүшүндө аныкталгандай, Министрликтин 2025-жылдын 27-июнундагы №669 “2025-жылдагы бюджеттик негизде окуган бүтүрүүчүлөрдү, интерн-дарыгерлерди жана ординаторлорду бөлүштүрүү боюнча комиссиялардын курамын бекитүү жөнүндө” буйругуна ылайык, 2024–2025-окуу жылында жогорку медициналык окуу жайларын жалпы **351** ординатор бүтүргөн. Алардын ичинен **4** ординатор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жолдомо боюнча региондордо кеминде эки жыл иштеп берүү милдеттенмесин аткарган эмес. Бул, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык Академиясынан 4 ординатор жалпы 1 182,0 миң сом.

Ошондой эле, орто кесиптик медициналык билим берүү уюмдарын жалпы 1157 бүтүрүүчү аяктаган. Алардын ичинен 10 бүтүрүүчү мыйзамда каралган жолдомо боюнча региондордо кеминде эки жыл иштеп берүү талабын аткарган эмес. Бул, Майлуу-Суу медициналык колледжинде 10 бүтүрүүчү жалпы 351,2 миң сом.

Министрлик тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, жогорку окуу жайлар боюнча аталган ординаторлорду окутууга республикалык бюджеттен жумшалган чыгымдардын эсептелген суммасы **1 182,0 миң сомду,** орто кесиптик медициналык билим берүү уюмдары боюнча окутууга кеткен бюджеттик чыгымдардын эсептелген суммасы **351,2 миң сомду** түзгөн.

Жалпысынан, жолдомо боюнча милдеттүү эмгек өтөө талаптарынын аткарылбагандыгынан бюджеттик каражаттардын пайдалануу максатына жетишилбей, болжолдуу түрдө **1533,2 миң сом** өлчөмүндө бюджеттик жоготуу келип чыккан.

**Сунуштама:**

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жолдомо боюнча региондордо кеминде эки жылдык милдеттүү иштеп берүү талабын аткарбаган ординаторлор жана орто кесиптик медициналык билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрү боюнча жоопкерчилик чараларын күчөтүү, алардын милдеттенмелеринин аткарылышына туруктуу мониторинг жүргүзүү жана мыйзам талаптары бузулган учурларда аларды окутууга кеткен бюджеттик каражаттарды өндүрүп алуу боюнча иштер жүргүзүлсүн.

2. Ошондой эле, бюджеттик негизде билим алган бүтүрүүчүлөр менен түзүлгөн келишимдердин аткарылышын камсыз кылуу механизмдерин өркүндөтүү, бүтүрүүчүлөрдүн ишке жайгашуусу жана милдеттүү эмгек өтөөсү боюнча бирдиктүү электрондук эсепке алуу жана көзөмөлдөө тутумун киргизүү боюнча чаралар көрүлсүн.

3. Жогорку жана орто медициналык окуу жайларында 2024-2025-окуу жылындагы бүтүрүүчүлөр жолдомо менен иштөөдөн баш тарткандыгы боюнча, Министрлик тарабынан берилген маалыматтарга ылайык, аларды даярдоого кеткен болжолдуу **1533,2** миң сом суммасындагы чыгымдардын ордун толтуруу боюнча чаралар көрүлсүн. Анын ичинен: И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында - 1 182,0 миң сом, Майлуу-Суу медициналык колледжинде - 351,2 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө" Жобосунун 16-пунктуна ылайык, 2024-2025-окуу жылында медициналык окуу мекемелеринде бюджеттик негизде окуган, бирок ар түрдүү себептерден окуусунан четтетилген 71 окуучу 4195,0 миң сом өлчөмүндө бюджеттик каражаттар сарпталып, максатына жетпей, бюджеттик жоготуунун суммасы жалпы **4195,0** миң сомду түзгөн, анын ичинен: И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынан 41 окуучу жалпы 3 125,8 миң сом, Ош медициналык колледжинен 5 окуучу жалпы 299,0 мин сом, Жалал-Абад медициналык колледжинде 13 окуучу жалпы 468,3 миң сом, Кара-Балта медициналык колледжи 2 окуучу жалпы 68,9 миң сом, Токмок медициналык колледжи 10 окуучу жалпы 233,0 миң сом.

**Сунуштама**

Бюджеттик орундарда окуган студенттерди окуудан чыгарылган мезгилде чыгышталган 4195,0 миң сом бюджеттик каражаттарды кайтаруу боюнча иш алып барылсын (И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынан - 3125,8 миң сом, Ош медициналык колледжинен - 299,0 миң сом, Жалал-Абад медициналык колледжинен - 468,3 миң сом, Кара-Балта медициналык колледжинен - 68,9 миң сом, Токмок медициналык колледжинен - 233,0 миң сом).

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 27-июнундагы №261 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын студенттерине жана окуучуларына стипендиялардын өлчөмдөрүнүн белгилөө жөнүндө" токтомунун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 2-августундагы №454 "Өкмөтүнүн саламаттык сактоо маселелери боюнча айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" редакциясындагы токтомунун 2-пунктунун талаптарын бузуп, жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын адистештирилген медициналык билим берүү программаларын өздөштүргөн врач-интерндерге С.Б.Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту негизсиз 64,8 миң сом ашыкча стипендия төлөнгөн**.**

**Сунуштама**

С.Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту адистештирилген медициналык билим берүү программаларын өздөштүргөн интерндерге стипендия төлөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 27-июнундагы №261 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын студенттерине жана окуучуларына стипендиялардын өлчөмдөрүнүн белгилөө жөнүндө" (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 2-августундагы №454 "Өкмөтүнүн саламаттык сактоо маселелери боюнча айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" редакциясы менен кошо) токтомунун талаптары так сакталсын жана тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын. Белгиленген тартипте негизсиз төлөнгөн жалпы 64,8 миң сом суммасындагы стипендияны кайтарып алуу боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлсүн.

## Министрликтин жалпы бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы

2025-жылга такталган бюджет 42 195,5 млн сом, анын ичинен: бюджеттик каражаттар 37 913,5 млн сом, атайын каражаттар боюнча 2 802,2 млн сом, ошондой эле мамлекеттик инвестициялар программасы 1 479,8 млн сомду түздү.

Кассалык чыгымдар 39 439,1 млн сомду түзгөн, анын ичинен, бюджеттик каражаттар боюнча 37 023,9 млн сом, атайын эсептин каражаттары 2 415,2 млн сом, же кассалык чыгымдар такталган бюджетке караганда 1 283,3 млн сомго аз аткарылган.

*Бюджеттик каражаттардын эсебинен* 37 023 885,1 миң сом кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн, анын ичинен:
- КР ССМ борбордук аппараты 133 775,7 миң сом;
- Ведомствого караштуу саламаттык сактоо уюмдары 29 385 040,1 миң сом;
- Ведомствого караштуу билим берүү уюмдары 440 345,3 миң сом;
- "Натыйжага багытталган программа" долбооруна 429 647,8 миң сом;
- Мамлекеттик кепилдик программасынын алкагында дары пакети 74 650,6 миң сом;
- Гемодиализ (жеке уюмдарга гемодиализ кызматы үчүн төлөм) 3 433 415,6 миң сом;
- Борборлоштурулган иш-чаралар 1 040 210,1 миң сом;
- Жогорку технологиялар фонду 2 063 565,4 миң сом;
- Техникалык тейлөө фонду 18 234,5 миң сом;
- Чек ара аймактарын өнүктүрүү – 5 000,0 миң сом, 2024-жылдын 31-декабрында № 3977 төлөө тапшырмасы менен 2024-жылдын 16-декабрындагы № 6795/24 контрактын негизинде Баткен облусунун Кара-Бак айылында жайгашкан үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратынын капиталдык ремонту үчүн которулган.

**Аныкталды жана корутунду**

Министрлик жана анын ведомстволук мекемелери боюнча 2025-жылдын 1-январына карата 37121 ведомстволук классификация боюнча бюджеттин аткарылышы жөнүндө маалыматка ылайык, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктунун талаптары бузулуп, саламаттык сактоо уюмдарынын чыгашаларга болгон керектөөлөрү учурдагы финансылык жылга эмгек акы төлөө фонду, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр жана башка чыгашалар боюнча милдеттенмелерге негизделген эсептөөлөрдүн негизинде толук калыптандырылган эмес. Натыйжада дары-дармектерди, медициналык керектелүүчү буюмдарды, медициналык жабдууларды сатып алууга жана имараттарды оңдоо иштерине каралган бюджеттик каражаттар толук өздөштүрүлгөн эмес.

Мунун натыйжасында саламаттык сактоо уюмдарынын өздүк эсептеринде эмгек акы, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жана пайдалануу, коммуналдык жана транспорттук кызмат көрсөтүүлөр боюнча жалпы суммасы **133 377,0 миң сом** өлчөмүндөгү акча каражаттарынын калдыгы түзүлүп, план боюнча толук пайдаланылбаган каражаттар 2026-жылдын башында республикалык бюджетке кайтарылган.

Аталган факт бюджеттик каражаттарга болгон муктаждыкты аныктоо боюнча талаптагыдай талдоо жүргүзүлбөгөндүгүн, ошондой эле бюджеттик каражаттарды пландаштырууда жана пайдаланууда кемчиликтерге жол

берилгендигин көрсөтөт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктунун талаптарын так сактоо камсыз кылынсын, саламаттык сактоо уюмдарынын бюджеттик каражаттарга болгон муктаждыгын сапаттуу пландаштыруу жана талдоо иштерин уюштуруп, бюджеттик каражаттардын өз убагында жана толук өздөштүрүлүшүнө жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## Кирешелердин түзүлүшү жана атайын эсептин каражаттарынын пайдаланылышы

2025-жылга карата Министрликтин **атайын каражаттар** боюнча сметасын аткаруу жөнүндө отчетко ылайык, жыл башындагы каражаттардын калдыгы 351 079,2 миң сомду, жыл ичинде 2 620 565,3 миң сом келип түшкөн, бюджеттин кирешесине чегерүүлөр 14 680,0 миң сом, жыл ичинде кайтарылып берилген каражаттар 43 046,9 миң сом, жалпы киреше 2 562 838,4 миң сом.

Каражаттардын чыгашасы 2 415 189,8 миң сомду түзгөн, анын ичинде:
- эмгек акы 611 544,2 миң сом;
- социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр 102 532,0 миң сом;
- иш сапар чыгымдары 28 381,6 миң сом;
- байланыш кызматы 3 131,9 миң сом;
- ижара акысы 1 351,8 миң сом;
- транспорттук чыгымдар 11 297,6 миң сом;
- товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу 63 612,6 миң сом;
- дары каражат чыгымдары 65 823,6 миң сом;
- тамак- аш чыгымдары 94 190,1 миң сом;
- мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар 29 134,8 миң сом;
- учурдагы чарбалык буюмдарды жана материалдарды алуу 33 217,5 миң сом;
- кийим мүлкүн жана башка атайын формалык предметтерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо 902,2 миң сом;
- көмүрдү жана отундун башка түрлөрүн алуу 698,0 миң сом;
- күзөт кызматтарын сатып алуу 6 327,7 миң сом;
- мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу жайгаштыруу жана тындыруу боюнча банктардын кызматтарын төлөөгө чыгашалар 36,4 миң сом;
- коммуналдык кызматтар 31 087,4 миң сом;
- башка коммуналдык кызматтар үчүн акы 600,4 миң сом;
- имараттар жана курулуштар 11 862,3 миң сом;
- машиналар жана жабдуулар 36 191,7 миң сом;
- башка негизги фонддор 227,6 миң сом;

Жылдын аягындагы каражаттардын калдыгы 498 727,8 миң сом.

Министрликтин 2025-жылга карата **депозиттик каражаттар** боюнча сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетуна ылайык жыл башындагы каражаттардын калдыгы 86 424,8 миң сомду түздү, отчеттук жыл ичинде

434 761,6 миң сом келип түшкөн, бюджеттин кирешесине 23 336,7 миң сом, жыл ичинде кайтарылып берилген каражаттар 376 029,9 миң сом, жыл аягында каражаттардын калдыгы 121 819,8 миң сом.

**Саламаттык сактоо министрлигинин дебитордук жана кредитордук карыздары**

(миң сом)

| | 2025-жылдын 1-январына карата | | | | 2025-жылдын 31-декабрына карата | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жалпы | бюджеттик эсеп | атайын эсеп | депозит. эсеп | жалпы | бюджеттик эсеп | атайын эсеп | депозит. эсеп |
| Дебитордук карызы | 2 406 258,1 | 2 383 521,8 | 22 736,2 | х | 3 268 481,2 | 3 237 924,5 | 30 556,7 | х |
| Кредитордук карызы | 423 504,0 | 289 566,6 | 47 512,4 | 86 425,0 | 374 765,8 | 201 188,9 | 51 757,1 | 121 819,8 |

Дебитордук карыздардын басымдуу бөлүгү саламаттык сактоо мекемелери тарабынан “Кыргызфармация” МИ негизги каражаттарды сатып алууга которулган жалпы 555 245,8 миң сом жана дары-дармектерди сатып алганга 2 210 968,0 миң сом, ар кандай товарларды жана материалдарды сатып алууга 21 566,4 миң сом жана “Юнисеф-Копенгаген” (ГАВИ) вакцина дары-дармектерди сатып алууга 173 392,9 миң сом, “Сан-Тай” ЖЧКсына 19 545,2 миң сом Республикалык кан борборунда курулуш иштерине, “Бишкектеплосеть” муниципалдык ишканасына Сауд өнүктүрүү фондусуна курулуштун өздүк салымы катары Республикалык бюджеттен министрликтин борборлоштурулган бухгалтериясынан 19 578,7 миң сом, “Кыргызстройсервис” мамлекеттик ишканасына 16 086,7 миң сом поликлиника курулушуна алдын ала которуулар болгон. Бухгалтердик эсеп боюнча дебитордук карыздар учурдагы карыздар болуп эсептелинет, ал эми кредитордук карыздары балансттык эсепте 16002,8 миң сом 2020-жылдын 26-майындагы №53 үч тараптуу келишиминин негизинде “Лидер Медикал” ЖЧКсына COVID-19 илдетин аныктоо үчүн экспресс-тесттерди сатып алууда көрсөтүлгөн. 2020-жылдын 7-декабрында №СУ-СД-6992/20БЗ Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун №03-820-2020-000385 сотко чейин өндүрүш ишинин алкагында документердин негизинде тергөөгө алынган жана тергөөнүн жыйынтыгы чыга элек.

**Министрлик тарабынан мамлекеттик инвестициялоо долбоорлору**

***“Саламаттык сактоо жана социалдык коргоо 3, 4, 5” долбоору (грант).*** Долбоордун максаты Мамлекеттик сектордогу каржылык башкаруу системасын бекемдөө. Бул долбоордун алкагында 2020-жылдын 5-июнунда жалпы суммасы 699,0 миң евро болгон келишимге ылайык, Oxford Policy Management Limited консалтинг компаниясы менен келишим түзүлгөн. Долбоордун 2025-жылга бекитилген бюджети 9 867,2 миң сом, такталган бюджети 13 545,8 миң сом, аткарылганы 13 545,8 миң сом же 100 пайызга аткарылган.

***Дүйнөлүк банктын Кыргыз Республикасында биринчилик медико-санитардык жардамдын сапатын жогорулатуу программасынын (ПОР грант)*** долбоору боюнча төлөмдөргө байланышкан индикаторлорду баалоо үчүн көз карандысыз текшерүүчү агенттиктин консультациялык кызматтары көрсөтүлүүдө. Бул кызматтардын алкагында акыркы төлөмдөр 2025-жылы ***KfW өнүктүрүү банкы*** тарабынан түз төлөмдөр 132,9 миң евро суммасында ишке ашырылган.

Долбоордун 2025-жылга бекитилген бюджети каралган эмес, кошумча каражат катары бекитилген, жыл ичинде такталган бюджети 18 320,0 миң сом, аткарылганы 17 488,2 миң сом же 95,4 пайызга аткарылган.

***"Эне жана баланы коргоо IV-V"*** долбоору (Бишкек грант). Долбоордун максаты Кыргыз Республикасынын аялдарынын кош бойлуулуктагы патологиялары менен жабыркаган учурларын жана патологиясы бар жаңы төрөлгөн наристелерди дарылоо сапатын жогорулатуу, жаңы Перинаталдык борбордун имаратын куруу жана жабдуулар менен камсыздоо.

Бул долбоорду 2013-жылдан 2024-жылга чейин эл аралык консалтинг компаниясы RRP International Hospital Planners ишке ашырган. 2024-жылдын октябрь айынан баштап, Кыргыз Республикасынын ОсОО "Аванко" компаниясы жооптуу болду.

2025-жылы KfW өнүктүрүү банкы тарабынан түз төлөмдөр жүргүзүлдү:

- "Медикс Интернешнл" компаниясына ЛОТ №1 жана ЛОТ №2 боюнча кычкылтек станциясы жана реанимация, операциялык блок жана төрөт бөлмөлөрү үчүн орнотулган жабдуулар үчүн акыркы төлөмдөрү 455,8 миң евро (жеткирүү, орнотуу, тестирлөө жана ишке киргизүү, окутуу аяктаган соң);
- "Кокомерен" ЖЧКна неонаталдык жана реанимациялык жабдуулар үчүн акыркы төлөмдөрү – 649,8 миң евро жана 1 064,2 миң евро (жеткирүү, орнотуу, тестирлөө жана ишке киргизүү, окутуу аяктаган соң);
- "Медикс" компаниясына желдетүү системасы үчүн чыпкалар үчүн акыркы төлөмдөрү – 54,6 миң евро (жеткирүү, орнотуу, тестирлөө жана ишке киргизүү);
- "Тек-Имаш" компаниясына акыркы төлөм – 515,6 миң евро (гарантия мөөнөтү аяктагандан кийин);
- "Медитек" компаниясына ЛОТ №3 боюнча кир жуугуч жана Борбордук стерилдөө бөлүмүнүн жабдуулары жана муздаткычтар үчүн акыркы төлөмдөрү – 104,8 миң евро (жеткирүү, орнотуу, тестирлөө жана ишке киргизүү, окутуу аяктаган соң);
- мурдагы консультант RRP International компаниясынын кайтарылуучу чыгымдары үчүн 22,1 миң евро жана акыркы төлөмү үчүн 140,0 миң евро;
- "Аванко" консалтинг компаниясына аралык төлөмдөр катары 62,4 миң евро жана 23,4 миң евро төлөнгөн.

Долбоордун 2025-жылга бекитилген бюджети 24 081,6 миң сом, такталган бюджети 322 146,2 миң сом, аткарылганы 312 041,2 миң сом же 96,9 пайызга аткарылган.

***“Эне жана баланы коргоо программасы VI-VIII (Ош шаары грант)”*** долбоору Министрлиги менен KfW банкынын ортосундагы келишимдин алкагында ишке ашырылууда.

Долбоор боюнча 2021-жылдын 9-сентябрында консультанттык кызматтарды көрсөтүү үчүн Management4health AG компаниясы менен жалпы суммасы 2 488,5 миң евро жана мөөнөтү 60 ай болгон келишим түзүлгөн.

Долбоордун негизги максаты – Кыргыз Республикасынын түштүк регионундагы аялдар менен балдардын сапаттуу, эл аралык стандарттарга жооп берген жана туруктуу каржылануучу медициналык кызматтарга жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу максатында Ош шаарында Перинаталдык борборду куруу жана заманбап медициналык жабдуулар менен камсыз кылуу болуп саналат.

2025-жылы KfW банкы тарабынан консультанттык компанияга аралык төлөмдөр катары 387,05 миң евро өлчөмүндө түз төлөм жүргүзүлгөн.

Мындан тышкары, 2025-жылдын сентябрь айында түзүлгөн курулуш келишимине ылайык, подряддык уюм China Road and Bridge Corporation компаниясына келишимдин жалпы суммасы 9 373,02 миң евронун 10 пайызы өлчөмүндө алдын ала төлөм каралган. Анын негизинде 2025-жылдын октябрь айынын башында 937,3 миң евро өлчөмүндө аванстык төлөм жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, 2025-жылдын декабрь айында мобилизациялык мезгил үчүн каралган аванстык төлөмдүн 10 пайызы өлчөмүндө, башкача айтканда 937,3 миң евро суммасында түз төлөм жүргүзүлгөн.

Долбоордун 2025-жылга карата бюджети бекитилгени 139758,7 миң сом, такталган бюджети 233480,2 миң сом, аткарылганы 228666,4 миң сом же 97,9 пайыз аткарылган.

***“Эне жана баланы коргоо программасы VI-VIII (Талас шаары грант)”*** долбоору Министрлиги менен KfW өнүктүрүү банкынын ортосундагы келишимдин алкагында ишке ашырылууда.

Долбоорду ишке ашыруунун алкагында 2021-жылдын 9-сентябрында жалпы суммасы 1 899,7 миң еврону түзгөн жана 54 айлык мөөнөткө түзүлгөн келишимге ылайык, консультативдик кызматтарды көрсөтүүчү Management4health AG компаниясы менен кызматташуу жүргүзүлүүдө.

Долбоордун негизги максаты – Талас облустук төрөт үйүн модернизациялоо, тактап айтканда, жаңы перинаталдык корпусту куруу жана заманбап медициналык жабдуулар менен камсыз кылуу аркылуу Талас шаарынын жана Талас облусунун аялдары менен балдарына сапаттуу, эл аралык стандарттарга жооп берген медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу болуп саналат.

2025-жылы KfW банкы тарабынан консультативдик кызматтар үчүн жалпы суммасы 295,5 миң евро өлчөмүндө түз төлөмдөр жүргүзүлгөн.

Мындан тышкары, 2024-жылдын сентябрь айында түзүлгөн курулуш келишимине ылайык, подрядчы уюм болгон «НАК-Строй» ЖЧКсы менен жалпы суммасы 3 384,0 миң евро өлчөмүндөгү келишим түзүлгөн. Анын негизинде 2025-жылы аткарылган иштердин актыларынын негизинде подрядчыга жалпы суммасы 621,03 миң евро болгон эки аралык төлөм жүргүзүлгөн.

Долбоордун 2025-жылга бекитилген бюджети 130 535,5 миң сом такталган бюджети 92 788,1 миң сом, аткарылганы 91 353,5 миң сом же 98,5 пайызга аткарылган, себеби мамлекеттик сатып алуу конкурстарында женүүчү берилген баалар жана чет өлкөлүк акча каражаттарын кыргыз сомуна айланткандагы курстук айрымалардын эсебинен келип чыккан.

***Республикалык клиникалык инфекциялык оорукананы функционалдык жакшыртуу*** долбоору (кредит) Министрлиги менен экономикалык өнүктүрүү жаатындагы кызматташтык фондунун (EDCF) ортосундагы келишимдин алкагында ишке ашырылууда.

Долбоорду ишке ашыруунун алкагында 2025-жылдын 22-майындагы жалпы суммасы 4 774,0 миң доллар США түзгөн келишимге ылайык, консультативдик кызматтарды көрсөтүүчү “АюлЛи” компаниясы менен кызматташуу жүргүзүлүүдө.

Долбоордун негизги максаты – Республикалык клиникалык инфекциялык ооруканынын имаратын кеңейтүү жана жаңы корпусун куруу, Ооруканынын маалыматтык системасын жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын инфраструктурасын түзүү жаңы корпусту заманбап медициналык жабдуулар менен камсыз кылуу болуп саналат.

2025-жылы EDCF тарабынан консультативдик кызматтар үчүн 954,8 миң доллар США өлчөмүндө түз аванстык төлөм жүргүзүлгөн.

Кредиттин 2025-жылга карата бекитилген бюджети каралган эмес, такталган бюджети 87 459,7 миң сом, аткарылганы 83 473,4 миң сомго же 95,4 пайызга аткарылган (кредиттик макулдашуу 22.05.2025-жылы түзүлгөн).

***“Бишкек шаарынын медициналык тез жардамынын шаардык клиникалык балдар ооруканасы үчүн жаңы корпусту куруу”*, (100% кредит)** келишим №4/697, донор - Сауд өнүктүрүү фонду. Долбоордун максаты “Балдарга жеткиликтүү, стационардык деңгээлде кечиктирилгис, өз убагында, адистештирилген жана сапаттуу медициналык жардам көрсөтүү”. Бул долбоор “Saudi Consult” консалтинг компаниясы менен түзүлгөн келишимдин (22.10.2018) негизинде ишке ашырылууда, жалпы суммасы 1 590,3 миң АКШ доллары. Консалтинг кызматтарына ошондой эле долбоорду ишке ашыруу тобун түзүү (ГРП) аркылуу институционалдык колдоо кирет. Долбоорду ишке ашыруу тобунун келишим суммасы 245,6 миң АКШ доллары, жалпы сумма -1 835,95 миң АКШ доллары. 2025-жылы Сауд өнүктүрүү фондуна караштуу банк аркылуу “Saudi Consult” компаниясына 388,19 миң АКШ доллары жана Долбоорду ишке ашыруу тобуна 46,0 миң

АКШ доллары түздөн-түз төлөмдөр ыкмасы аркылуу жүргүзүлгөн, жалпы сумма 434,19 миң АКШ доллары.

Консалтинг кызматтарына төмөнкү иштер кирет:

- Толук инженердик долбоорду иштеп чыгуу (долбоордук-сметалык документтер);
- Кыргыз Республикасынын тиешелүү мамлекеттик органдары менен экспертиза өткөрүү;
- Тендердик документтерди түзүү, сунуштамаларды баалоо жана негизги подрядчыны тандоо;
- Долбоорду ишке ашырууну көзөмөлдөө, анын ичинде жабдууларды орнотуу.

Мындан тышкары, ССМ жана Сауд өнүктүрүү фонду ортосунда түзүлгөн макулдашууга ылайык, Сауд өнүктүрүү фонду менен Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ортосундагы келишимдин негизинде тандалып алынган подряддык уюм ЖЧК “MS Building” (03.04.2022-ж.) тарабынан курулуш иштери жүзөгө ашырылууда. Келишимдин жалпы суммасы 17850,25 миң АКШ долларын түзөт. Ушунун негизинде 2025-жылдын апрель айынын башында 1500,00 миң АКШ доллары өлчөмүндө №2 аванстык төлөм жүргүзүлгөн. Ошондой эле, курулуш иштерин аткаруу үчүн №6, 7, 8, 9, 10, 11 аралык төлөм сертификаттарынын негизинде жалпы 4 146,24 АКШ доллары өлчөмүндө төлөм жүргүзүлгөн.

Кредиттин 2025-жылга бекитилген бюджети 1 158 987,3 миң сом, такталган бюджети 415 359,7 миң сом, аткарылганы 400 284,6 миң сом же 96,4 пайызга аткарылган, себеби мамлекеттик сатып алуу конкурстарында жеңүүчү берилген бааларга ылайык жана акча каражатын алмаштыруудагы курстук айрымалардын эсебинен келип чыккан.

***“Региондардордун саламаттык сактоо жаатында коопсуздугун камсыздоо”*** **(АБР)** 2025-жылга карата бекитилген бюджети грант түрүндө 749 288,0 миң сом, такталган бюджети 43 227,3 миң сом, аткарылганы 42 251,3 миң сом же 97,7 пайызга аткарылган.

Ал эми 2025-жылга карата кредит түрүндө бекитилген бюджети 425 573,6 миң сом, жыл ичинде такталган бюджети 114 865,7 миң сом, аткарылганы 113 837,8 миң сом же 99,1 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттен кошумча каржыланганы (софинансирование) 2025-жылга карата такталган бюджети 1937,0 миң сом, аткарылганы 1 937,0 миң сом же 100 пайыз аткарылган.

Саламаттык сактоо министрлик тарабынан мамлекеттик инвестициялоо долбоорлору 2025-жылга жалпы бекитилген бюджети 2 638 091,9 миң сомду түзгөн, ал эми жыл ичинде такталган бюджети 1 343 129,8 миң сом жана жыл ичинде аткарылганы 1 304 879,3 миң сомду түзүп же 97,2 пайызга аткарылган. Себеби, мамлекеттик сатып алуу конкурстарында жеңүүчү берген баалар жана чет өлкөлүк акча каражаттарын кыргыз сомуна айланткандагы курстук айрымалардын эсебинен келип чыккан.

**Аныкталды жана корутунду**

***"Эне жана баланы коргоо IV-V"*** долбоору (Бишкек грант) боюнча 2026-жылдын 17-июнуна карата каражаттардын калдыгы эки гана келишим боюнча бар, жана эки акыркы төлөм аткарылган эмес:

Жалпы медициналык жабдууларды жеткирүү келишими (Лот №6, "Медикс Интернейшнл" ЖЧКсы) боюнча акыркы төлөм 383 884 евро түзөт. Бул сумма жеткирүүчү тарабынан толук документтер топтому берилгенден кийин төлөнөт, бирок ошол эле учурда келишимдеги милдеттенмелерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн орто эсеп менен **3 195 евро** өлчөмүндө айыптык санкциялар эсептелди.

Наркоз берүү, өпкөнү жасалма желдетүү жана жаңы төрөлгөн ымыркайлардын интенсивдүү терапиясы үчүн жабдууларды жеткирүү келишими (кыска тизме) боюнча акыркы төлөм 46 800 евро түзөт. Бул төлөм төрөт үчүн колдонулуучу 9 медициналык керебет боюнча майда кемчиликтер жоюлгандан кийин жүргүзүлөт, ошондой эле келишимдеги милдеттенмелерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн орто эсеп менен **4 680 евро** өлчөмүндө айыптык санкциялар эсептелди.

Жалпысынан алганда, борборду жабдуу иштери жыйынтыктоочу этапта турат, бардык жабдуулар кепилдик милдеттенмелеринин алкагында жана борбор тарабынан толук көлөмдө колдонулууда. Калган төлөмдөр алардын иш жүзүндөгү колдонулушуна таасир этпейт.

Долбоорду жабдуунун каржылык процесстерин толук бүтүрүү үчүн калган эки акыркы төлөм боюнча процедураларды аяктоо жана айыптык санкциялардын акыркы эсептөөсүн жүргүзүү талап кылынат. Бул иштер бардык милдеттенмелер толук аткарылгандан кийин, долбоордун ишке ашырылышына зыян келтирбестен жүргүзүлөт.

**Сунуштама**

***"Эне жана баланы коргоо IV-V"*** долбоору (Бишкек грант) боюнча акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүүдө, эсептик өлчөмү 7,8 миң еврону (789,4 миң сом) түзгөн айыптык санкциялардын өндүрүлүшүн контролдоо камсыздалсын.

## Алгачкы медициналык-санитардык жардамдын сапатын жогорулатуу программасы

Министрлиги 2021-жылдан бери "Алгачкы медициналык-санитардык жардамдын сапатын жогорулатуу" программасын жыйынтыктарга негизделген практикалык ишке ашырууда.

"Алгачкы медициналык-санитардык жардамдын сапатын жогорулатуу" программасы Дүйнөлүк Банк тарабынан каржыланат жана Грант МАР №D4680-KG, кредит МАР №6414-KG жана грант TF0B1552 каржы булактардан турат. 2021-жылдан бери программаны ишке ашыруу үчүн Дүйнөлүк Банктан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин бирдиктүү эсебине 24 601 624,32 АКШ доллары келип түшкөн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын курсуна ылайык конвертацияланып

2 082 099,3 миң сомду түздү. 2025-жылы программанын такталган бюджети 430 589,9 миң сом жана жалпы жыл ичиндеги кассалык чыгымдары 429 647,8 миң сомду түзгөн же 99,8 % аткарылган.

Кассалык чыгымдардын негизги бөлүгүн төмөнкү беренелер түзөт:

- “2215 Башка тейлөө кызматтарын алууга” беренеси боюнча саламаттык сактоо кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууга 15 599,8 миң сом акча каражаты жумшалган, жалпы кассалык чыгымдардын 3,6% түзөт;
- “2217 Медициналык товарларды жана кызматтарды сатып алуу” беренеси боюнча дары каражаттарын сатып алууга 213 542,6 миң сом жумшалган, жалпы кассалык чыгымдардын 49,7% түзөт;
- “3112 Машиналар жана жабдуулар беренеси боюнча негизги каражаттарды сатып алууга” 156 746,6 миң сом жумшалган, жалпы кассалык чыгымдардын 36,5% түзөт;
- “2222 Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алуу” беренеси боюнча 9 561,3 миң сом акча каражаты жумшалган, жалпы кассалык чыгымдардын 2,2% түзөт;

Программа башка долбоолордон айырмаланып, 42 төлөмдөргө байланган индикаторлордон (ТБИ) турат жана жалпы сумммасы 34,75 млн АКШ долларын түзөт. 2020-2025-жылдар аралыгында 34 индикатор аткарылган.

## Мамлекеттик кепилдик программасынын алкагында дары пакети

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 7-мартындагы №65 Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-июнундагы №367-т тескемесинин негизинде, Министрликтин 2024-жылдын 10-июнундагы №752 “Саламаттык сактоо уюмдарын каржылоо жөнүндө” буйругу чыккан. Аталган буйруктун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинентинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы №493 “Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасын бекитүү жөнүндө” токтомунун негизинде, жеңилдетилген рецепттер боюнча дары каражаттары төмөнкү ооруларда Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда жазылган жана каттоодо турган пациенттерге дарыкана тармагы аркылуу берилет: параноялык шизофрения, түрдүү генездеги аффективдүү бузулуулар, эпилепсия, бронхиалдык астма, гипертониялык оору, терминалдык стадиядагы онкологиялык оорулуулар.

Аталган программанын негизинде, Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун аймактык фонддору Кыргыз Республикасынын аймактарында жайгашкан даарыканалар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде Министрликке реестрдин кыскача эсебин тапшырып, министрлик тарабынан даарыканаларга 74650,6 миң сом төлөм жүргүзүлгөн. 2025-жыл үчүн түзүлгөн №2 форма “Бюджеттик каражаттардын сметалык чыгымдарынын аткарылышы жөнүндө” отчеттун негизинде сметалык чыгымдар 70000,0 миң сомго бекитилип, 74 869,6 миң сомго такталган,

74 650,6 миң сомго 2216-Саламаттык сактоо системасында бирдиктүү беренеси менен кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн.

**Гемодиализ (жеке уюмдарга гемодиализ кызматы үчүн төлөм)**

2025-жылы гемодиализ кызматтарын төлөөгө кеткен жалпы *кассалык чыгымдардын* суммасы 3 433 415,5 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

Министрликтин 2024-жылдын 29-августундагы №931 "Мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдары жана жеке менчик гемодиализ борборлору менен диализ кызмат көрсөтүү боюнча Типтүү келишимди бекитүү жөнүндө" буйругу жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-августундагы № 441 "Өнөкөт бөйрөк жетишсиздигинин бешинчи стадиясындагы бейтаптар үчүн гемодиализ кызматтарын уюштуруу жана көрсөтүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык, "Гемодиализ" автоматташтырылган маалыматтык системасынын (АМС) маалыматтарынын негизинде 2025-жылдын ичинде комиссия тарабынан 911 бейтап бюджеттик гемодиализ программасына өткөрүлүп, 2025-жыл ичинде акысыз гемодиализ алышкан.

Отчеттук мезгилде гемодиализ кызматтарын каржылоого жалпы суммасы 3 433 415,5 миң сом өлчөмүндө кассалык чыгым жүргүзүлгөн. Анын ичинде:

- 36 жеке гемодиализ борборлору тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн 3 063 158,1 миң сом төлөнгөн;
- мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (МЖӨ) алкагында гемодиализ кызматтарын көрсөтүү үчүн "Фрезениус" ЖЧКсынын медициналык борборуна 370 257,4 миң сом төлөнгөн.

**Дарыгердин депозит программасы**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 16-августундагы №570 "Кыргыз Республикасынын алыскы райондорунда, чакан шаарларында жана айыл жерлеринде жайгашкан саламаттык сактоо уюмдарында иштеген дарыгерлерге кошумча түрткү берүү чаралары жөнүнүндө" токтомунун негизинде Кыргыз Республикасынын Финансы министирлиги тарабынан 500 врачка квота акча каражаты 2111 "Эмгек акы" беренеси боюнча смета 128 046,4 миң сомго жана 2121 " Социалдык фондго төгүмдөр" беренеси боюнча смета 22 088,0 миң сомго бекитилген.

Министирлигинин "Дарыгерлердин депозити" боюнча комиссиясынын чечими менен жылдын аягына карата аталган программа 475 дарыгерге толукталган, ал эми 417 дарыгерге жалпы 2111 "Эмгек акы" беренеси боюнча 68 227,4 миң сом жана 2121 "Социалдык фондго төгүмдөр" беренеси бюонча кассалык чыгымдар 11 991,7 миң сомго жүргүзүлгөн.

**2111 "Эмгек акы"** беренеси боюнча смета 2025-жылга 128 046,4 миң сомго бекитилген, такталган план боюнча смета 77 311,88 миң сомго каралган, кассалык чыгымдар 68 227,42 миң сомго жүргүзүлгөн.

**2121 "Социалдык фондго төгүмдөр"** беренеси боюнча смета 2025-жылга 22 088,00 миң сомго бекитилген, такталган план боюнча смета

14 658,80 миң сомго каралган, кассалык чыгымдар 11 991,71 миң сомго жүргүзүлгөн.

2111 жана 2121 беренелери боюнча чыгымдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 16-августундагы №570 "Кыргыз Республикасынын алыскы райондорунда, чакан шаарларында жана айыл жерлеринде жайгашкан саламаттык сактоо уюмдарында иштеген дарыгерлерге кошумча түрткү берүү чаралары жөнүндө" токтомунун негизинде жүргүзүлөт.

2025-жылы "Дарыгердин депозити" программасынын алкагында келишимдин негизинде 417 дарыгерге орточо эсеп менен (Соцфондго чегерүүлөрдү кошкондо квартал сайын ар бир дарыгерге 66,0 миң сом төлөм жүргүзүлгөн. Жылдын аягына карата аталган программага 475 дарыгер киргизилген. Анын ичинен Баткен облусу боюнча 116 дарыгер, Жалал-Абад облусу боюнча 112, Ош облусу боюнча 75, Ысык-Көл облусу боюнча - 73, Нарын облусу - 42, Талас облусу - 34, Чүй облусу боюнча 23 дарыгер катышат.

**Борборлоштурулган иш-чаралар**

Борборлоштурулган иш-чаралар боюнча каражаттарынын эсебинен медициналык жардам калкка Министрликтин 2019-жылдын 25-сентябрындагы №920 "Борборлоштурулган иш-чаралар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" буйругуна ылайык жүргүзүлөт.

2025-жылга карата түзүлгөн бюджетинин аткарылуусу (форма №2) отчету боюнча бюджетинин киреше бөлүгүнүн сметасы 4 010 113,5 миң сомго бекитилген, ал эми жыл ичинде смета өзгөртүүлөр жана толуктоолордон кийин 4 677 940,9 миң сомго такталган, кассалык чыгымы 4 473 625,7 миң сом болгон.

## Министрликтин борбордук аппаратынын жана анын мекемелеринин бюджеттин аткарылышындагы жоготуулар

**Аныкталды жана корутунду**

Министрликтин борбордук аппаратынын соттун чечимдерин аткаруу боюнча берген маалыматына ылайык, соттун чечимдеринин негизинде үч мамлекеттик кызматкерди ээлеген кызматынан бошотуу тууралуу буйруктары негизсиз деп табылып, жумушка калыбына келтирүү жана мажбурлап иштебей жүргөн мезгилдеги эмгек акысын өндүрүү боюнча Министрлик тарабынан аудит камтыган мезгил аралыгында жалпы **806,0** миң сом төлөнүп, бюджеттик жоготууга алып келген.

**Сунуштама**

Кызматкердин эмгек укуктарынын бузулушуна жана жумуштан бошотулушуна алып келген чечимдерди кабыл алган жана мунун натыйжасында соттун чечими боюнча жаранга "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган төлөмдөрдү ишке ашырган кызмат адамдарына аталган мыйзамдын 26-беренесинин 4 жана 6-пункттарын колдонуу жөнүндө маселе каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына шайкеш келбей жалпы **5 618,4 миң сомго** бюджеттик жоготууларга жол берилген, анын ичинен:

- Борбордук аппаратынан социалдык төлөмдөрү өз учурунда төлөнбөй, Салык кызматынын базасында Саламаттык сактоо министрлигинин эки ИНН бар болуп, көп жылдардан берки келе жаткан карыздары жана штрафттык туумдары жалпы 5 507,3 миң сом;
- Баткен облустук соттук-медициналык экспертиза бюросунда киреше салыгына айып пул жана туум эсептелип 4,8 миң сом;
- Республикалык вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун (ВИЧ) көзөмөлдөө боюнча борборуна Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндөгү конституциялык Мыйзамына ылайык мурдагы аудиттин жыйынтыгы менен инвентаризациянын жыйынтыгы менен 74,0 миң сом жетишпестикти ордуна калыбына келтирүү жазма буйругу берилген, ал эми борбор күнөлүү адамдардын эсебинен эмес өзүнүн атайын каражаттар эсебинен төлөп койгон;
- Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментинде 2025-жыл ичинде жол коопсуздук эрежелерин сактабагандыгы үчүн “Коопсуз шаар” боюнча айып пулдар 32,3 миң сомго мамлекеттик кызматтык унааларга салынган.

**Сунуштама**

1. Социалдык жана салык төлөмдөрдү өз убагында которуу камсыздалсын, бюджеттик жоготууларга жол берилбесин.
2. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 2-бөлүгүнүн 1009-беренесине ылайык, Республикалык вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусу (ВИЧ) көзөмөлдөө боюнча борбору тийиштүү кызматкерлердин эсебинен 74,0 миң сомду жана Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти мамлекеттик кызматтык унааларга салынган айып пулдар 32,3 миң сомду мекемелердин бюджетине өндүрүү иштерин жүргүзсүн.

## Ченемдик-укуктук актыларга ылайык эмгек акынын жана башка төлөмдөрдүн, штаттык ырааттаманын түзүлүшү

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин биргелешкен 2024-жылдын 30-декабрындагы №1361 буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо уюмдарынын административдик - башкаруучу жана тейлөөчү кызматкерлеринин сунушталган” Типтүү штатын жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2018-жылдын 24-декабрындагы №897 буйругу менен бекитилген “Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиолгиялык көзөмөл борборлору жана кара тумоого каршы күрөшүү бөлүмдөрү үчүн дарыгердик жана орто

медициналык персоналдын жүктөмүнүн ченеми жана штаттык ченемин” бузуу менен, мекемелерде 21 ашыкча штаттык бирдиктер бекитилип, жалпы **3 532,8 миң сом** эмгек акы чегерилген, анын ичинде: Республикалык калыбына келтирүү борборунда 1 348,9 миң сом, Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар жана өспүрүмдөр үчүн “Максат” Чүй облустук реабилитация борборунда 1 482,8 миң сом, Коомдук саламаттык сактоо улуттук институтунда 135,9 миң сом, У.Жапаров атындагы Кочкор район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда 565,2 миң сом.

**Сунуштама**

Мекемелердин штаттык ырааттамаларына талдоо жүргүзүлүп, анын жыйынтыгы боюнча штаттык сандар ылайык келтирилсин же зарыл болгон учурда Министрликтин тиешелүү буйруктарына өзгөртүүлөр киргизилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 “Эмгек акыга тиешелүү кошумча эмгек акылардын тизмесин бекитүү” жөнүндөгү токтомуна, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 3-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтому менен бекитилген “Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” Жобонун 18-пунктунун талаптарын бузуу менен **жалпы 65,9 миң сом** кошумча эмгек акы төлөнүп берилген. Кыргыз курортология илим-изилдөө институтунун алдындагы медициналык реабилитация борборунда штаттык ырааттамада каралбаган кызматкерлерге атайын эсептеги каражаттардын эсебинен эмгек акы чегерилип, 29,4 миң сом төлөнгөн.

Андан тышкары, Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментинде бухгалтердик катачылыктын себебинен кызматкерлерге 36,5 миң сом 13-эмгек акы аз төлөнгөн.

**Сунуштама**

1. Эмгек акыны эсептөөдө жана төлөөдө ченемдик-укуктук актылар так сакталсын.

2. Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаментинин тиешелүү кызматкерлерине жалпы 36,5 миң сом суммасындагы өлчөмүндө он үчүнчү эмгек акыны кошумча эсептеп берүү тапшырылсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 токтому менен бекителген “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө”

Жобо (м.а. – жобо) 1-2 тиркемелеринин, 16-пунктунун, 2004-жылдын 4-августундагы №106 Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин (56,103,99,167-беренелери), Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы №377 "Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы аймактарында жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө" токтомунун 2-тиркемесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы №135 токтому (6-пункту) менен бекитилген "Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө" Жобонун жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин "Камкордук кеңешин түзүү жөнүндө" буйруктарынын негизинде түзүлгөн "Көзөмөлчүлүк кеңештеринин" чечимдеринин талаптары сакталбастан **жалпы 35 183,3 миң сом** чыгымдалган, анын ичинен:

- Кызматкерлерге майрамдарга карата сый акы, эмгекке катышуу коэффициентин (ЭКК) кошумча төлөнгөндөр жалпы 29 234,6 миң сом, анын ичинен Республикалык ден соолукту чыңдоо жана массалык коммуникация борбору 86,4 миң сом, Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти 27 731,5 миң сом, Нарын областтык кан борборунда 24,0 миң сом, Нарын облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адам иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда 278,5 миң сом, Нарын облустук соттук-медициналык экспертиза бюросунда 635,6 миң сом, Республикалык кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда 478,6 миң сом;

- Кызматкерлерге 1,5 ставкадан ашыкча кызмат орундарында коштоп айкалыштырып иштегендерге жалпы 5 342,9 миң сом, анын ичинен Ош медициналык колледжи 297,1 миң сом, Кыргыз курортология жана калыбына келитирип дарылоо илимий-изилдөө институту 4 851,6 миң сом, Таш-Көмүр район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборуа 133,7 миң сом, У.Жапаров атындагы Кочкор район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору 60,5 миң сом;

- Кызматкерлердин жыл ичинде сыноо мөөнөтүндө жүргөн, тартиптик жаза чаралары бар жана иш жүзүндө кызматтык иш сапарда эмес болгон кызматкерлерге эмгек маянасынан бухгалтердик эсеп боюнча чегерилгенден тышкары ашыкча төлөнгөндөр жалпы 74,5 миң сом, анын ичинен Республикалык кан борборунда 4,6 миң сом, Саламаттык сактоо министрлигинин борбордук аппаратында 55,3 миң сом, Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында Эпидемияларга каршы иш-чаралары 14,6 миң сом;

- Жободо каралбаган 13-эмгек акысы жана "Биологиялык аппараттарды чыгаргандыгы үчүн" деген үстөк катары жалпы 367,3 миң сом, анын ичинен Республикалык калыбына келтирүү борбору 263,5 миң сом, Чүй облустук гемоконтакттык вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун (ВИЧ) көзөмөлдөө боюнча борбору 103,8 миң сом;

- Кызматкерлердин иш стажын аныктоо тартибин туура эмес

белгиленгендер, Ала-Бука райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору 29,9 миң сом (социалдык төгүмдөр - 4,4 миң сом);

- "Айыл жергесинде иштеген кызматкерлерге" деген үстөк акы жалпы 130,0 миң сом, анын ичинен Жалал-Абад облустук соттук-медициналык экспертиза бюросунда 62,3 миң сом, Кемин районунун стоматологиялык поликлиникасында 67,7 миң сом;

- Нарын медициналык колледжинде бакалавр даражасына ээ окутуучуга магистрлер үчүн каралган коэффициент колдонулган. Натыйжада, ага 4,1 миң сом өлчөмүндө эмгек акы ашыкча эсептелген;

- Бийик тоолуу жана алыскы аймактарында жашаган жана иштеген адамдарга эмгек стажына кошумча төлөмдөрдүн шарттары сакталбай, жалпы 37,6 миң сом, анын ичинен Республикалык кан борборунун Баткен областтык филиалында 19,0 миң сом, Жалал-Абад облустук соттук-медициналык экспертиза бюросунда 18,6 миң сом.

**Сунуштама**

1. Эмгек акыны эсептөөдө жана төлөөдө ченемдик-укуктук актылардын талаптарын сактабаган саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

2. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 167-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 5-июнундагы №398 "Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы аймактарында жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө" токтомунун 2-тиркемесине ылайык келбеген төлөмдөрдү төлөө токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарында (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндөгү" токтомунун талаптарын бузуу менен, жумуш ордуна аттестациялоо жүргүзүлбөстөн, аттестациялоонун натыйжалары жетекчилик тарабынан каралбастан жана тиешелүү буйрук таризделбестен, эмгек шарттарын жана коопсуздукту жакшыртуу боюнча эч кандай чаралар көрүлбөстөн, өзгөчө иштердин эмгек шарттары, оор жумуштар, зыяндуу, эмгек шарттары кооптуу жумуштардын жылдык тизмеги, санитардык-эпидемиялогиялык көзөмөл чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын протоколдору жок жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын "Типтүү тизмегине" кирбеген иштер үчүн **жалпы 2 051,5 миң сомго** каражаттар чыгымдалып төлөнгөн (№ 1 тиркеме).

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген, “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун талаптары так сакталып, оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн негизсиз кошумча төлөмдөрдү төлөө токтотулсун.

2. Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлеринин оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү негизсиз төлөөгө жол берген жоопкерчилиги каралсын.

**Акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу боюнча ченемдик укуктук актылардын сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 “Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө” 4-пунктунун 2-пунктчасынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” Жобонун 13-16-пунктарынын талаптары бузулуп акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин өздүк наркы жогорулатылган жана реестрге киргизилбеген жалпы **суммасы 161,1** миң сом, анын ичинен: Республикалык кан борборунда 161,1 миң сом реестрине киргизилген эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 “Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө” 4-пунктунун 2-пунктчасынын жана Билим берүүнүн акы төлөнүүчү кызматын көрсөтүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” жобонун 13-16-пунктарынын талаптары так сакталып, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрүнүн, тарифтеринин реалдуу экономикалык негиздемеси кайрадан каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө” Жобонун ылайык КР Өкмөтүнө караштуу монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги менен макулдашылып бекитилген акылуу кызмат көрсөтүү баа

прейскурантынын тарифтеринин ичинен орточо эсеп менен алганда коммуналдык кызмат үчүн баа прейскурантары аныкталган. Бекитилген тарифтик прейскурантка ылайык мекеменин атайын каржаттар эсебинен коммуналдык кызматтары жүргүзүлүшү керек болсо, бирок толугу менен бюджеттик эсептен чыгышталган Кадамжай райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борбору **712,6** миң сом;

- Жобонун талаптары сакталбастан, 2025-2026-жылдарга карата бирдиктүү төлөм системасында иштеген акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө тарифтери, баалары монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен макулдашылбагандыгы аныкталды. Анын ичинен: У.Жапаров атындагы Кочкор район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда, Карантиндик жана өтө кооптуу жугуштуу оорулардын Республикалык борборунун Ат-Башыдагы кара тумоого каршы бөлүмүндө.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 83 токтому менен бекитилген, “Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө” талаптарына ылайык, бирдиктүү төлөм системасында иштеген акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен макулдашылсын. Анын ичинде: У. Жапаров атындагы Кочкор район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору, Карантиндик жана өтө кооптуу жугуштуу оорулардын Республикалык борборунун Ат-Башыдагы кара тумоого каршы бөлүмү.
2. Кадамжай райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунда бюджеттик каражаттардын эсебинен коммуналдык кызматтар үчүн чыгымдалган 712,6 миң сом бюджетке кайтарылсын.

## Командировкалык чыгымдардын нормаларынын жана алардын ордун толтуруу тартибинин сакталышы

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтомунун (КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 токтомуна ылайык күчүн жоготту) талаптарын бузуу менен, командировкалык чыгымдар **жалпы 122,8 миң** сомго ашыкча транспорт чыгымдарына төлөнгөн (ордуна, калыбына келтирилгени 24,6 миң сом), анын ичинен: Борбордук аппарат боюнча 35,0 миң сом, Кара-Суу райондук оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору боюнча 5,7 миң сом, Мамлекеттик кепилдиктер

программасынын алкагында Эпидемияларга каршы иш-чараларга 9,3 миң сом, Жалал-Абад райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда 7,5 миң сом, Жалал-Абад облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда 7,8 миң сом, Ала-Бука райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда 21,6 миң сом (бюджетке калыбына келтирилди), Баткен облусттук кургак учукка каршы күрөшүү борбору - 3,0 миң сом (бюджетке калыбына келтирилди), Нарын облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адам иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борборунда 6,3 миң сом, Карантиндик жана өтө кооптуу жугуштуу оорулардын Республикалык борборунун Ат-Башыдагы кара тумоого каршы бөлүмүндө 26,6 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабры №778 "Иш сапардык чыгымдардын ченемдерин белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө" токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптары так сакталбай **98,2 миң сом** ашыкча, негизсиз төлөнгөн командировкалык чыгымдар тийиштүү кызматкерлерден өндүрүлүп, ордуна коюлсун, анын ичинен: Борбордук аппарат боюнча - 35,0 миң сом, Кара-Суу райондук оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору - 5,7 миң сом, Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында Эпидемияларга каршы иш-чаралар - 9,3 миң сом, Жалал-Абад райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору - 7,5 миң сом, Жалал-Абад облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борбору - 7,8 миң сом, Нарын облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адам иммундук жетишсиздик вирусун көзөмөлдөө борбору - 6,3 миң сом, Карантиндик жана өтө кооптуу жугуштуу оорулардын республикалык борборунун Ат-Башыдагы кара тумоого каршы бөлүмү - 26,6 миң сом.

### Кассалык жана казыналык жүргүзүлгөн операциялар

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жылдын 16-декабрындагы № 680/66-6 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө" токтомунун 1-пунктунда керектөөчүлөргө мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү акы төлөө негизинде сунуштаган мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер 2023-жылдын 31-январына чейинки мөөнөттө коммерциялык банктар же төлөм уюмдары менен келишим түзүү жана

банктык төлөм карталарын, электрондук акчаларды, QR-кодду, төлөм терминалдарын жана/же башка инструменттерди пайдалануу менен төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн арналган жабдууларды (программалык-техникалык түзүлүш) орнотуу максатында уюштуруу чараларын жүргүзүү каралган. Бирок, **жалпы 27 083,9 миң сом** төлөмдөр кассалык кириштөө ордеринин негизинде накталай түрдө кабыл алынган, анын ичинен: Ош шаардык медициналык коледжи 226,2 миң сом, Бишкек шаарынын № 1 балдар тиш дарылоо бейтапканасы 13 693,1 миң сом, Республикалык вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусу (ВИЧ) көзөмөлдөө борборунда 13 164,6 миң сом.

**Сунуштама**

Министрлик өзүнө караштуу мекемелеринде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2022-жылдын 16-декабрындагы № 680/66-6 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө" токтомуна ылайык, калкка медициналык жана башка кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу максатында тиешелүү иш-чараларды аткарсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген, "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобонун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы №302 токтому менен бекитилген "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобосунун (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтомуна ылайык күчүн жоготту) 3,4-пункттары жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 16-августу №570 "Кыргыз Республикасынын алыскы райондорунда, чакан шаарларында жана айыл жергесинде жайгашкан саламаттык сактоо уюмдарында иштеген дарыгерлерге кошумча түрткү берүү чаралары жөнүндө" токтомдорунун талаптары сакталбастан **жалпы 981,1 миң** сом үч жылдан ашык депозиттик эсепте колдонулбаган каражаттар жана депозиттик эсепте саламаттык сактоо уюмдарында иштеген дарыгерлерге кошумча түрткү берүү каражаттарынын дарыгердин аманаты (депозит врача) жылдын 31-декабрына карата калдык болуп калган суммалар республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө которулуга тийиш, анын ичинен: Кыргыз курортология жана калыбына келитирип дарылоо илимий-изилдөө институтунда 185,4 миң сом, Ысык-Көл райондук ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда 146,0 миң сом, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин борбордук аппаратынан 649,7 миң сом.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын

31-майындагы №302 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” жобого ылайык, депозиттик эсептин талап кылынбаган каражаттарын бюджеттин кирешесине өз убагында которуу камсыздалсын: Кыргыз курортология жана калыбына келитирип дарылоо илимий-изилдөө институту - 185,4 миң сом, Ысык-Көл райондук ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору - 146,0 миң сом, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин борбордук аппараты - 649,7 миң сом.

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги жылдын 31-декабрына карата депозиттик эсепте саламаттык сактоо уюмдарында иштеген дарыгерлерге кошумча түрткү берүү каражаттарынын калдыгын калтырбай каржылоо механизимин иштеп чыгуу менен каржыласын.

**Аныкталды жана корутунду**

Ош облустук соттук-медициналык экспертөө борборунун атайын каражаттарынын эсебине областтык, шаардык, райондук ооруканалардан биопсиялык материалдарды изилдөө жана операциялык изилдөө кызматтары көрсөтүлүп, бирок мекеменин атайын эсебине өндүрөлө элек сумма 447,6 миң сомду түзгөн, бул сумма жыл аягында дебитордук карыз катары отчеттук эсепте бар.

Мындан тышкары, 2019-жылдын 8-январында Ош областтык бириккен клиникалык ооруканасы менен Ош облустук соттук-медициналык экспертөө борборунун (мурдагы Бюро) ортосунда №13 келишим түзүлгөн. Келишимдин 1.3 жана 2.1 пунктарына ылайык Бюро 338,8 кв метр турак жай эмес жайды Өлүктөрдү патологиялык изилдөө жана патогистологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн акысыз колдонот деп көрсөтүлгөн. Ош областтык бириккен клиникалык ооруканасына аудит мезгилинде 749,5 мин сомдук акы төлөнүүчү кызматтар көрсөтүлгөн. Жыйынтыгында бири бирине төлөбөй өз ара эсептешүүлөрүнүн негизинде ижара акысы менен көрсөтулгөн кызматтардын пайдасы же жоготуулары аныкталбай калган.

**Сунуштама**

Ош облустук соттук-медициналык экспертөө борбору атайын каражаттардын түшүү булагын талдап, анык кызматтардан түшкөн каражаттарды атайын эсепке белгиленген тартипте өндүрүү иштери боюнча чараларды көрсүн жана атайын каражаттардын аткарылышын көзөмөлдөбөй, түшүү булагынын мүмкүнчүлүгүн колдонбогон жетекчилердин жана жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

## Жылуулук, электр энергиясын, жаратылыш газын, сууну жана агынды сууларды керектөөнүн чектөөсүн, байланышка чыгымдардын, транспорт каражаттарына чектөөлөрдүн, транспорттук чыгымдарды пайдаланууну

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-апрелиндеги №158-т тескемесинин, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2025-жылдын 29-августундагы №912 буйругунун негизинде бекитилген газдын, электр энергиясынын, жылуулук энергиясынын керектөөнүн лимиттери сакталган эмес, үнөмдөө боюнча чаралар көрүлгөн эмес, натыйжада электр энергиясы боюнча эсептегенде 16520,8 миң сомго, жылуулук энергиясы 3324,2 миң сомго, жаратылыш газы 1212,9 миң сомго, **жалпысынан 21057,9 миң сомго** ашыкча чыгымдалган (№ 2 тиркеме).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 5-апрелиндеги №158-т тескемесинин, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2026-жылдын 16-мартындагы №265 буйругунун талаптарын бузууга жол берилбесин.

## Негизги өндүрүштүк материалдарды, ТМК жана негизги фонддорду сатып алуу үчүн каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугу жана сарамжалдуулугу

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобонун 6-главасында “Финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери” белгиленген талаптар аткарылбастан негизги каражаттардын, дары-дармектердин, тамак-аш азыктарынын жана башка товардык-материалдык баалуулуктардын, кассадагы накталай акчанын калдыктарына жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында жалпы 400,2 миң сомдук жетишпестиктер (калыбына келтирилгени 58,2 миң сом) жана ашыкча чыгуу жалпы 999,6 миң сомго (калыбына келтирилген) аныкталды.

Анын ичинен **жетишпестиктер**:

- Жалал-Абад областтар аралык ден соолукту калыбына келтирүү “Бакыт” борборунда тамак-аш азыктары боюнча кампа башчысы Т. Шамшиеванын жоопкерчилигинен 11,3 миң сомдук тамак-аш азыктары (калыбына келтирилген жок);
- Ала-Бука райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда жооптуу тараптардан кассадагы накталай акча каражатынан 4,6 миң сом, чарба жана кеңсе буюмдарынан 40,2 миң сом, күйүүчү майдан 6,1 миң сом (АИ-92) (бюджетке калыбына келтирилди);
- Тогуз-Торо райондук оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда кеңсе жана чарбалык буюмдардан 5,7 миң сом (бюджетке калыбына келтирилди);
- Ноокен райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-экпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда

материалдык баалуулуктардан 1,6 миң сом (мекемеге калыбына келтирилди);

- Республикалык калыбына келтирүү борборунан ТМБнин жетишпестиктери 309,6 миң сом (калыбына келтирилген жок);

- Нарын областтык кан борборунда бир кресло 9,9 миң сом (калыбына келтирилген жок);

- Республикалык вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусу (ВИЧ) көзөмөлдөө боюнча борборунда дары-дармектерден 9,1 миң сом, чарба товарларынан 2,1 миң сом (калыбына келтирилген жок);

Анын ичинен **ашыкча чыгуу**: Ош шаардык медициналык шашылыш жардам борборунан күйүүчү майлоочу материалдарды жана автоунаа тетиктери жалпы 24,6 миң сом (калыбына келтирилди), Жалал-Абад облустук стоматологиялык поликлиникасында 975,0 миң сомдук стоматологиялык жабдуулар (калыбына келтирилди), Республикалык вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусу (ВИЧ) көзөмөлдөө борборунан 6,9 миң сом дары дармектер (калыбына келтирилген жок)

**Сунуштама**

Бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө кетирилген кемчиликтер жана материалдык баалуулуктардын сакталышына тийиштүү көзөмөл жүргүзүлбөгөндүгү үчүн, бухгалтердин эсеп кызматкерлерине жана материалдык жооптуу кызматкерлерге тиешелүү чаралар көрүлсүн жана күнөөлүү адамдардын эсебинен товардык-материалдык баалуулуктардын кем чыгууларынын, жетишпестиктеринин жалпы 353,9 миң сом суммасы бюджетке өндүрүлүп, калыбына келтирилсин, анын ичинен: Жалал-Абад областтар аралык ден соолукту калыбына келтирүү “Бакыт” борбору - 11,3 миң сом, Республикалык калыбына келтирүү борбору - 309,6 миң сом, Нарын областтык кан борбору -9,9 миң сом, Республикалык вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусу (ВИЧ) көзөмөлдөө борбору - 11,2 миң сом (9,1+2,1).

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасын 2002-жылдын 2-мартындагы №31 “Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө” Мыйзамынын 4-главасынын 14-беренесинин 2-пунктун бузуу менен конкурс өткөрүлбөстөн, жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2019-жылдын 30-майындагы №645 буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу мекемелерге таандык негизги каражаттарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө” Жобонун талаптарын бузуу менен Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар жана өспүрүмдөр үчүн “Максат” Чүй облустук реабилитация **борборунда 368,5** миң сомдук 3 кызматтык батир жана балдар ойноочу жабдуулар конкурс өткөрүлбөстөн, мекеменин балanстык эсебинде турган мамлекеттик менчиктеги мүлкү жеке менчикке бекер өткөзүлүп берилген (жеке жактар К.М. Абдырахманова, Г.С.

Койкелова, Л.С. Раимбекова).

Бул боюнча материалдар Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмү тарабынан, коллегия отурумунун жыйынтыгы менен, укуктук баа берүү үчүн, Чүй областынын прокуратурасына берилген. Прокуратура тарабынан иликтөө жүргүзүлүп, аталган бузуулар ордуна коюлган.

**Сунуштама**

Мамлекеттик менчиктеги мүлктү эсептен чыгарууда, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын сакталуусу камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускаманын талаптарына шайкеш келбестен, 2025-жылдын жыйынтыгы менен 65 771,4 миң сомго товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча корлору жана 9 699,8 миң сомго дебитордук жана кредитордук карыздардын ортосундагы айырма боюнча эсепке алуу жүргүзүлгөн эмес (тизмеге ылайык).

**Сунуштама**

***Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине:***

Жылдын жыйынтыгы боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча корлорунун болушуна жана дебитордук карыздардын пайда болушунун себептерине талдоо жүргүзүлсүн.

***Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:***

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамага ылайык, 2026-жылы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигин каржылоодо 2025-жылдын аягына карата **75 471,2 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча корлорунун жана дебитордук жана кредитордук карыздардын ортосундагы айырманын 2026-жылы өздөштүрүүсүн эске алуу менен эсепке алсын (тизмеге ылайык).

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз курортология жана калыбына келитирип дарылоо илимий-изилдөө институтунун балансттык эсебинде 3 кабатуу 4 турак жай үйлөрү жалпы 96 батир бар болгон, баштапкы баланстык баасы 6153,7 миң сом, амортизациялык чыгаруусу 5095,3 миң сом, 2025-жылдын 31-декабрына карата балансдагы калдык баасы 1058,5 сом. Ал эми анык чындыгында анын ичинен 84 жеке менчике (2004-2025-жылдары менчиктештирилген) кеткен,

калган 10 батир боюнча соттук иштери жүрүүдө, ал эми 2 батир ээси жоктугуна байланыштуу Институтун колунда жок кызматкерлерине убактылуу жашоого берилген, 2004-жылдан бери менчиктештирилген 84 батир дагы деле Институттун балансында жүрөт. Мындан тышкары, 96 батир ичүүчү таза суу менен Институтун насостук скважинасынан камсыздалат, бирок, колдонгон таза суу үчүн төлөмдөр батир ээлери тарабынан жүргүзүлгөн эмес жана таза сууга кеткен электр-энергиялык чыгымдары Институттун эсебинен сарпталган. Институт 96 батирде канча адам жашай тургандыгы жөнүндө маалыматтарды аудитке бере алышкан жок. Арашан айылдык кеңешинин №41 токтому менен бекитилген ичүүчү таза суунун тарифтери боюнча счетчиги жок ар бир жарандар үчүн (скважинадан) 50 сом бир айга деп бекитилген тарифти аудит эсебине алсак 96 батирде кем дегенде 3 киши жашаган учурда бир жылга эсептик 172,8 миң сом түшмөк, бул Институттун бюджеттик жоготууларына алып келет. Белгилей кетсек, Институттун 96 батири боюнча Чүй облусттук прокуратурасы тарабынан каралып, Аламудун райондук кадастр кызматынан батир ээлеринин реестрине алынып текшерүү жүргүзүлгөн.

Мындан тышкары, Ош шаардык кан борборунда баштапкы балалнстык баасы 179,8 миң сомдук негизги каражат балансттык эсепте бар, бирок анык чындыгында негизги каражат катары баланстык эсепке коюлушу күмөн жаратууда, себеби Ош шаардык кан борбору 2017-2018-жылдары Ош шаардык клиникалык ооруканасына тиешелүү Ош шаардык мэриясынын балансында турган имараттын бир бөлмөсүндө иш алып барышкан. Эскилиги жеткенине байланыштуу ал имарат бузулуп, азыркы учурда анын ордуна жаңы имарат курулууда, бирок бүгүнкү күнгө чейин мекеменин баланстык эсебинен чыгарылбай жүрөт (келишим, балансқа кабыл алуу буйруктары жок).

**Сунуштама**

1. Бюджеттик жоготууларга жол бербөө максатында, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги менен биргеликте, Кыргыз курортология жана калыбына келитирип дарылоо илимий-изилдөө институтунун балансында турган 96 батирдин ичинен жеке менчикке берилген 84 батирди жана Ош шаардык Кан борборундагы 179,8 миң сомдук негизги каражатты балансттык эсептен чыгаруу, тактоо иштерин жүргүзүшсүн.

2. Кыргыз курортология жана калыбына келитирип дарылоо илимий-изилдөө институтунун балансында турган 96 батирдин ичүүчү таза сууларына кеткен электр энергиясынын чыгымдарынын ордун толтуруу, төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча алгылыктуу иш-чаралар жүргүзүлсүн.

3. Ош шаардык Кан борборуна баштапкы наркы 179,8 миң сом болгон негизги каражаттарга тиешелүү документтерди калыбына келтирүү жана аларды бухгалтердик балансқа эсепке алуунун негиздүүлүгүн кароо боюнча чараларды көрүү тапшырылсын.

## Тамак-аш азыктары, дары-дармек каражаттары жана медициналык буюмдар менен камсыздалышы

**Аныкталды жана корутунду**

Дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдардын бюджет боюнча калдыгы 01.01.2025-жылга карата 2 024 169,2 миң сом, жыл ичинде бардыгы болуп 7 192 087,6 миң сом суммасында дары-дармек каражаттары келип түштү, 2025-жылы 6 563 606,5 миң сом суммасында дары-дармек каражаттары чыгымдалды, саламаттык сактоо уюмдарына келип түшкөн дары-дармек каражаттарынын калдыгы 01.01.2025-жылга карата 2 652 650,3 миң сом 36,88%ды түзгөн. Аудит белгилегендей, саламаттык сактоо уюмдарынын дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды кампаларда сактоо олуттуу, каражаттардын сарамжалсыз пайдаланылышына алып келет жана дары-дармек каражаттарынын муктаждыкты талдабастан сатылып алынгандыгы аныктайт, бул Министрлик тарабынан тийиштүү деңгээлде көзөмөл жүргүзүлбөгөндүгүн билдирет.

**Сунуштама**

Дары-дармек каражаттарын рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, саламаттык сактоо уюмдары тарабынан дары-дармек каражаттарын камсыз кылуу боюнча талдоо жана мониторинг жүргүзүлсүн жана каражаттар рационалдуу, натыйжалуу пайдаланылсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудиттин жүрүшүндө саламаттык сактоо уюмдарында дары-дармектерге жана медициналык буюмдарга болгон керектөөлөр Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктунун талаптарын бузуу менен пландаштырылганы аныкталды. Тактап айтканда, бюджеттик мекемелердин чыгашалар боюнча керектөөлөрү учурдагы каржылык жылга карата дары-дармектерди жана медициналык буюмдарды жана башка чыгашалар боюнча бюджеттик милдеттенмелердин негизделген эсептөөлөрүсүз түзүлгөн. Натыйжада, дары-дармектерди жана медициналык буюмдарды, анализге керектүү материалдарды сатып алуу көлөмү иш жүзүндөгү муктаждыкка ылайык келбей, 2025-жылдын аягына карата саламаттык сактоо уюмдарынын дарыкана кампаларында сактоо мөөнөтү өтүп кеткен, колдонуу максатына жетпей калган жана пайдаланууга жараксыз болгон жалпы суммасы **3000,6 миң сомдук** дары-дармектер жана медициналык буюмдар эсептен чыгарылган, мисалы: ҮМБ №1 суммасы 900,0 миң сом, Улуттук госпитал - 682,5 миң сом, Тюп районунун ЖДМБ - 316,4 миң сом, Улуттук онкология жана гематология борбору - 691,2 миң сом, “Кыргызфармация” МИ - 98,5 миң сом, Республикалык жугуштуу оорулар клиникалык оруканасы 312,0 миң сомду түздү.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги саламаттык сактоо уюмдарында дары-дармектер жана медициналык буюмдар боюнча керектөөлөр негизделген эсептөөлөр менен, Кыргыз

Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктуна ылайык түзүлсүн жана бюджеттик каражаттардын эсебинен жана башка булактардан алынган дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды сарамжалдуу пайдаланууну пландаштыруу камсыздалсын, бюджеттик жоготууларга жол берген тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары бузулуп инвентаризациянын жыйынтыгында дары-дармектер жана товардык-материалдык баалуулуктар, медициналык буюмдардын колдонуу мөөнөтү өтүп кеткендиги 8 413,7 миң сомго аныкталды, анын ичинен: Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти - 3 468,8 миң сом, Республикалык иммунопрофилактика борбору - 4 939,5 миң сом, У.Жапаров атындагы Кочкор район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору - 5,4 миң сом жана Карантиндик жана өтө кооптуу жугуштуу оорулардын Республикалык борборунун Ат-Башыдагы кара тумоого каршы бөлүмүндө 1992-жылдан берки жалпы салмагы 16 800 кг түзгөн (баасы жок) "Интексицид" (ДДТ-Дус) препараты.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун талаптарына ылайык, колдонуу мөөнөтү өтүп кеткен дары-дармек, медициналык буюмдар жана товардык-материалдык баалуулуктарды жок кылуу жагы камсыз кылынсын жана так сакталсын. Тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Алар: Ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти - 3468,8 миң сом, Республикалык иммунопрофилактика борбору - 4939,5 миң сом, У. Жапаров атындагы Кочкор район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору - 5,4 миң сом жана Карантиндик жана өтө кооптуу жугуштуу оорулардын республикалык борборунун Ат-Башыдагы кара тумоого каршы бөлүмүндө 1992-жылдан берки жалпы салмагы 16 800 килограммды түзгөн (баасы жок) "Интексицид" (ДДТ-Дус) препараты.

**Аныкталды жана корутунду**

**Медицинанын жогорку технологиялуу (кымбат балуу) түрлөрү боюнча фонддун (мындын ары - ЖТФ)** 2025-жылга сметасы 2 687,2 млн сомго бекитилген, 2 398,7 млн сомго смета боюнча такталып, каражаттарды бөлүштүрүү планы бекитилген жана 2 063,6 млн сомго кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн.

Ошондой эле, инсулин жана инсулин камтыган препараттар боюнча калдыгы 01.01.2025-жылга карата 142 902,2 миң сом, жыл ичинде бардыгы болуп 772 567,2 миң сом суммасында дары-дармек каражаттары келип түштү, 2025-жылы 609 121,2 миң сом суммасында дары-дармек каражаттары чыгымдалды, саламаттык сактоо уюмдарына келип түшкөн дары-дармек каражаттарынын калдыгы 01.01.2026-жылга карата 306 348,3 миң сом 39,6%ды түзгөн. Аудит белгилегендей, саламаттык сактоо уюмдарынын дары-дармек каражаттарын жана медициналык багыттагы буюмдарды кампаларда сактоо олуттуу көлөмдө сакталууда.

**Сунуштама**

Дары-дармек каражаттарын рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, саламаттык сактоо уюмдары тарабынан дары-дармек каражаттарын сатып алууга талдоо жана мониторинг жүргүзүлсүн жана каражаттар рационалдуу, натыйжалуу пайдаланылсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 токтому менен бекитилген “Социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-ашка чыгымдардын акчалай нормаларын” бузуу менен Республикалык калыбына келтирүү борборунда тамак-аш боюнча **376,8** миң сом ашыкча чыгымдалган. Натыйжада, бекитилген норма боюнча 575,3 миң сом болсо, иш жүзүндөгү чыгымдар 952,1 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Бейтаптарды тамак-аш менен камсыз кылууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 токтому менен бекитилген, “Социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-ашка чыгымдардын акчалай нормаларынын” талаптары сакталсын.

## “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана түзүлгөн келишимдердин талаптарынын сакталышы

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-17-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү Тартибинин” 25-пунктунун талаптарына шайкеш келбестен (бир булактан сатып алууда) сатылып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзүлбөстөн, Тез жардам автобазасында 80,4 миң сом, Нарын облустук соттук-медициналык экспертиза бюросунда баасы көрсөтүлгөн эмес, У.Жапаров атындагы Кочкор район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда 576,5

миң сом, Бишкек шаарынын № 4 тиш дарылоо бейтапканасында 131,8 миң сом, жалпы **788,7** миң сом;

50-беренесинин контрактты аткарууну кепилдик камсыздоо талабы сактабалстан, Кочкор-Ата областтар аралык ден-соолукту калыбына келтирүү борборунда 325,4 миң сом, Жалал-Абад облустук кан борборунда 226,5 миң сом, Жалал-Абад райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда 755,4 миң сом, жалпы **1307,3** миң сом депозиттик эсепке түшпөгөндүгү аныкталды;

3-беренесинин 48-бөлүгүнө Мамлекеттик сатып алуулар департаментине караштуу "Сатып алуулар борбору" тарабынан алынуучу товарлардын Тизмегине ылайык жүргүзбөстөн, Республикалык кан борборунда 205,0 миң сом, Тез жардам автобазасы 97,8 мин сом;

- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 13-пунктун, 26-беренесин бузуу менен сатып алууларды жүргүзүүдө сапатын тастыктоочу сертификаты жок Бишкек шаарынын №2 тиш дарылоо бейтапканасы **125,3** миң сомго сүт сатып алган.

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы № 489 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү" тартибинин талаптары сакталбастан, айрым учурларда сатып алуулардын жол-жоболорунун конкурстук жана ачылыш протоколдорунда комиссия мүчөлөрүнүн колдору толук коюлган эмес: Кара-Кочкор реабилитация жана калыбына келтирүү борбору - 1 945,4 миң сом, Ош облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун (АИВ) көзөмөлдөө борбору - 286,2 миң сом, жалпы **2231,6** миң сом.

**Сунуштама**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибинин аткарылышына көзөмөл жүргүзүлүп, мыйзам бузууга жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду**

Мамлекеттик сатып алуулар порталында жарыяланган конкурстун өзгөчө шарттарына ылайык товар кечиктирилгендиги үчүн жеткирүүчү жоопкерчилик тартат жана сатып алуучуга ар бир кечиктирилген күн үчүн 0,1% өлчөмүндө туум төлөйт, эң көп айып пул келишимдин суммасынан 5,0%. Чындыгында жеткирүүчүлөр тараптан конкурста көрсөтүлгөн тартип сакталбаган, жыйынтыгында товарлар жана кызматтар көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирилген. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, сатып алуучу уюмдун, жеткирүү мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн берүүчүлөргө айып санкциясын колдонууга укуктуу, анын натыйжасында Аткаруучулардан айыптык санкциялар жалпы **298,0 миң сомго** кармалып калган эмес жана талап кылынган эмес. Анын ичинен: Ош шаардык кыймыл таяныч тутумундагы

мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ден соолугун калыбына келтирүү борбору 2,3 миң сом (калыбына келтирилген); Ош шаардык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору 284,9 миң сом; Ош облустук соттук-медициналык экспертөө борбору 10,8 миң сом.

**Сунуштама**

1. Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдери жана сатып алуулар порталында жайгаштырылган конкурстун өзгөчө шарттары жана түзүлгөн келишимдердин жеткирүү мөөнөттөрү так аткарылсын.

2. Аткаруучулардын эсебинен жеткирүү мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн жалпы 295,7 миң сом айып санкциясын өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн. Анын ичинен: Ош шаардык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору - 284,9 миң сом; Ош облустук соттук-медициналык экспертөө борбору - 10,8 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 12-январындагы №28 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик кепилдиктер программасы жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруунун кошумча программасы боюнча амбулатордук деңгээлде калкты жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо жөнүндө" жобонун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы №493 токтому менен бекитилген "Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасын бекитүү жөнүндө" токтомунун, 2023-жылдын 15-ноябрындагы №601 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу "Кыргызфармация" мамлекеттик ишканасы тарабынан дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды борборлоштуруп жеткирүү тартиби" тиркемесинин 11-пунктунун талаптары сакталбастан дары-дармек "Кыргызфармация" мамлекеттик ишканасы тарабынан жеткирилип берилбеген: Кочкор-Ата областтар аралык ден-соолукту калыбына келтирүү борборунда 36,7 миң сом, Жалал-Абад областтар аралык ден соолукту калыбына келтирүү "Бакыт" борборунда 326,4 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун кошумча программасы Мамлекеттик Кепилдик Программасы боюнча дары-дармек менен камсыз кылуу боюнча жылдык план аткарылсын жана жетекчилик тараптан өз учурунда көзөмөлгө алынсын.

## Курулуш-куроо жана оңдоо иштери

**Аныкталды жана корутунду**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштеринин көлөмдөрүнүн актыларына, ошондой эле, аткарылган иштердин актылары

боюнча жүргүзүлгөн контролдук өлчөөлөрдүн жыйынтыгында төмөндөгү объекттер боюнча иштердин көлөмдөрүнүн жогорулатылгандыгы жалпы **2021,6 миң сомго** аныкталган:

- Ош шаардык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунан подрядчы (прожектор, стекловата, темир түтүктөр, вентиляция жана башкалар боюнча "Мега-Нур и Ко" ЖЧКсы - 461,2 миң сом;

- Бишкек шаарынын тез жардам борбору №2 подстанциясын оңдоо иштери боюнча подрядчы "Алтрейд" ЖЧКсы - 107,3 миң сом;

- Ала-Бука райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору "Эки кишилик даараткана куруу үчүн" долбоору боюнча подрядчы "Бренд Көк-Таш" ЖЧКсы аткарылбаган жумуштардын көлөмү 4,6 миң сомго, аткарылган жумуштардын актысында көрсөтүлгөн бирдиктүү салык 28,3 миң сом, жалпы 32,8 миң сом которулуп, калыбына келтирилди;

- И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясында "Дастан Строй Групп" ЖЧКсынан аба системасын желдетүү боюнча 17,9 миң сом, "Строй Кей Джи" ЖЧКсынан дубалдын фасад оңдоо иштери боюнча 40,9 миң сом, "Бишкек Инжиниринг" ЖЧКсынан дубалдын бетин панель менен жасалгалоо иштери боюнча 46,2 миң сом, "Строй Город" ЖЧКсы кирпичтен дубал куруу иштери боюнча 220,1 миң сом, "СКАдмирал"ЖЧКсы керамикалык плинтустарды, терезе такталарын орнотуу жана электр зымдарын орнотуу иштери боюнча 180,1 миң сом, *жалпы 505,2* миң сом иштердин көлөмү жогорулатылган;

- Бишкек шаарындагы студенттердин шаардык дарылоо-профилактикалык поликлиникасында "Каганат Компани" ЖЧКсында полимер-цемент эритмеси менен таш бетон үстүндөгү дубалдын шыбагын оңдоо иштери боюнча 19,3 миң сомго көлөмү жогорулатылган;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Республикалык ден соолукту чыңдоо жана массалык коммуникация борбору түштүк филиалынын имаратын оңдоп түзөөдө (Ош шаары) Подрядчы "Абилбек Строй" ЖЧКсы 89,0 миң сомго;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Республикалык ден соолукту чыңдоо жана массалык коммуникация борбору түштүк филиалынын имаратын оңдоп түзөөдө (Ош шаары) Подрядчы "АРТ КОНСРАКШН" ЖЧКсы 80,0 миң сомго;

- Ноокат райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунда 20м3 резервуар орнотууда подрядчы "Энергия 777" ЖЧКсы 95,3 миң сом;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Мамлекттик инвестициялык программалары боюнча "Эне жана баланы коргоо IV-V" долбоору Бишкек шаарынын перинаталдык борборунда подрядчы "Евразия Строй" ЖЧКсы тарабынан метал түтүктөрүнүн беттерин боек менен сырдоо боюнча 12,0 миң сом;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин

Мамлекттик инвестициялык программалары боюнча “Эне жана баланы коргоо IV-V” долбоору Бишкек шаарынын перинаталдык борборунда подрядчы “ТАЖ-Чебер” ЖЧКсы тарабынан ички кыш дубалдардын бөлүктөрүн куруу иштери боюнча 19,4 миң сом;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Республикалык кан борборунда подрядчы “Сан-Тай” ЖЧКсы тарабынан полимер-цемент эритмеси менен таш бетон үстүндөгү дубалдын шыбагын оңдоо иштери боюнча 600,1 миң сом (калыбына келтирилген).

**Сунуштама**

Аткарылган иштердин көлөмдөрү ашыкча көрсөтүлгөн суммалар боюнча подрядчылар менен өз ара эсептешүүлөрдү салыштыруу иштерин жүргүзүп, ашыкча төлөнгөн каражаттарды калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн, анын ичинен: Ош шаардык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда подрядчы “Мега-Нур и Ко” ЖЧКсы - 461,2 миң сом, Бишкек шаарынын тез жардам борборунда подрядчы “Алтрейд” ЖЧКсы - 107,3 миң сом, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медицина академиясында подрядчылар “Дастан Строй Групп” ЖЧКсы - 17,9 миң сом, “Строй Кей Джи” ЖЧКсы - 40,9 миң сом, “Бишкек Инжиниринг” ЖЧКсы - 46,2 миң сом, “Строй Город” ЖЧКсы - 220,1 миң сом, “СКАдмирал”ЖЧКсы - 180,1 миң сом, Бишкек шаарындагы студенттердин шаардык дарылоо-профилактикалык поликлиникасында подрядчы “Каганат Компани” ЖЧКсы - 19,3 миң сом, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Республикалык ден соолукту чыңдоо жана массалык коммуникация борборунун Түштүк филиалында (Ош шаары) подрядчылар “АбилбекСтрой” ЖЧКсы - 89,0 миң сом, “АРТ КОНСРАКШН” ЖЧКсы - 80,0 миң сом, Ноокат райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунда подрядчы “Энергия 777” ЖЧКсы - 95,3 миң сом, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Мамлекттик инвестициялык программалары боюнча “Эне жана баланы коргоо IV-V” долбоору боюнча Бишкек шаарынын перинаталдык борборунда подрядчы “Евразия Строй” ЖЧКсы - 12,0 миң сом, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Мамлекттик инвестициялык программалары боюнча “Эне жана баланы коргоо IV-V” долбоору боюнча Бишкек шаарынын перинаталдык борборунда подрядчы “ТАЖ-Чебер” ЖЧКсы - 19,4 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

С.Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун Түштүк филиалы полдорун жана эшик блокторун алмаштыруу боюнча подрядчы “Тулпар Холдинг” ЖЧКсы куроо-оңдоо иштерин аткарууда, келишим алкагында сметадан чыгарылган куроо-оңдоо иштеринин ордуна кошулган **310,8 миң сомдук** кошумча көлөмдөргө эсептелген “Наряд-Заказ” жол-жобосун толук аткарылбагандыгы аныкталды. Башкача айтканда кошумча оңдоо иштерин

аткаруу зарылчылыгын бекемдөөчү документ (чогулуштун протоколу же башка түрдөгү документ) жана алардын салыштырмалуу эсептери (сличительная ведомость) түзүлбөгөн.

**Сунуштама**

С.Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун Түштүк филиалы полдорун жана эшик блокторун алмаштыруу боюнча подрядчы “Тулпар Холдинг” ЖЧКсы курама-оңдоо иштерин аткарууда келишим алкагында сметадан чыгарылган курама-оңдоо иштеринин ордуна кошулган **310,8 миң сомдук** кошумча көлөмдөргө эсептелген “Наряд-Заказ” процедурасы толук иштеп чыгуу тапшырылат.

## Ижара мамилелери

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” кодексинин 101-беренесине ылайык (2025-жылы колдонулган редакцияда) мамлекеттик менчик формасындагы Мамлекеттик органдар жана мекемелер мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдөн ижара акысын республикалык бюджеттин кирешесине толук өлчөмдө төлөшөт, андан кийин 70 пайызы ижарага берилүүчү мүлктү күтүүгө жана оңдоого, ошондой эле материалдык-техникалык базаны өнүктүрүүгө жумшалат.

Жогоруда көрсөтүлгөн берененин талаптарын бузуу менен Ысык-Ата райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунда мамлекеттик менчикте турган мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн **266,2 миң сом** 2025-жылга карата ижара акылары республикалык бюджетке төгүлбөй, мекемелердин атайын эсебине түшүп пайдаланылган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 28-майындагы №374 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн кирешелерди бөлүштүрүүнүн тартибине” ылайык, 2026-жылдын июнунан тартып мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн кирешенин  100 пайызы ижарага берүүчүнүн балансында турган мүлктү күтүүгө жана оңдоого, ошондой эле ижарага берүүчүнүн ишин финансылык жана материалдык-техникалык камсыздоого багыттала турганын белгилей кетүү керек.

**Сунуштама:** Ысык-Ата райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борбору, аудит мезгилине тиешелүү болгон, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, республикалык бюджеттин карамагындагы мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн кирешелердин үлүшүнө ылайык келген 79,9 миң сом суммасындагы каражаттарды республикалык бюджеттин кирешесине которууну камсыз кылсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Коомдук саламаттык сактоо улуттук институтунда 2022-жылдын 4-

июлундагы №149 келишим жана кошумча макулдашуулар (69,4 кв. м., бир айга 11 168 сом, мөөнөтү 12.03.2022-ж.-12.03.2025-ж.), 2022-жылдын 12-апрелиндеги №205 (205,2 кв. м., бир айга 30 063 сом, мөөнөтү 11.04.2022-ж.-10.04.2025-ж.) жана 2023-жылдын 19-сентябрындагы №697 (24,0 кв. м., бир айга 4 535 сом, мөөнөтү 01.10.2023-ж.-01.10.2026-ж.) мамлекеттик мүлктү ижаралоо келишимдерине ылайык, жеке ишкер Д.Г. Мусабаева ижара акысын ай сайын өз убагында төлөп туруу милдеттенмесин алган. Бирок, берилген маалыматка ылайык, 2025-жылдын башына карата Д.Г. Мусабаеванын ижара акысынан болгон карызы 663,6 миң сомду түзгөн, аталган сумма азыркы аудит өтүп жаткан убакытка чейин төлөнбөй, бюджеттик жоготууга алып келген. Аталган маселе боюнча соттук териштирүүлөр жүрүп жатат.

**Сунуштама:** Ижарачы Д.Г. Мусабаевадан ижара акысын өндүрүү боюнча тийиштүү иш-чаралар көрүлсүн, алардын жыйынтыгы боюнча маалымат берилсин.

## Дебитордук жана кредитордук карыздар

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасынын, “Дебитордук карызды эсепке алуу” параграфынын юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен, бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн **5 212,2** миң сомдук дебитордук карыздар төмөндөгү мекемелерде аныкталган: Бишкек шаарынын №2 тиш дарылоо бейтапканасы - 911,1 миң сом, Тез жардам автобазасына - 168,6 миң сом, С.Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту - 4 087,8 миң сом, Нарын облустук соттук-медициналык экспертиза бюросу - 44,7 миң сомго (ордуна коюлган).

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобого ылайык, дебитордук карыздарды өз убагында эсепке алуу жана толук көрсөтүү бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалып, тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү жана бухгалтердик эсепке алуу боюнча 5 212,2 миң сом дебитордук карыздар бухгалтердик эсепте көрсөтүлсүн, анын ичинен: Бишкек шаарынын №2 тиш дарылоо бейтапканасы - 911,1 миң сом, Тез жардам автобазасы - 168,6 миң сом, С.Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институту - 4 087,8 миң сом.

## Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптарынын

**аткарылышы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-б “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу” буйругунун талаптарына шайкеш келбеген учурда **908,3 миң** сом чыгымдалган, анын ичинде:

- Республикалык кан борборунда жалпы 4 537,0 миң сом 3112 “Машиналар жана жабдууларды алуу” беренесинен чыгымдалышы керек болгон болсо, 3111 “Имараттар жана курулмалар” беренесинен эмеректер, техникалар чогу чыгымдалган, ордуна коюлган жок;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин аппаратынын борборлоштурулган иш чараларында жалпы 2 581,4 миң сом 3112 “Машиналар жана жабдууларды алуу” беренесинен алына турган негизги каражаттар “Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды сатып алуу” 2222 беренесинен 2 474,0 миң сом жабдуулар (мед. оборудование) жана 107,4 миң сомго медикаменттерди жана медицина багытындагы буюмдарды сатып алынган, ордуна коюлган жок;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында Техникалык тейлөө фондусунда 750,0 миң сомго 3112 “Машиналар жана жабдууларды алуу” беренесинен чыгымдалышы керек болгон болсо 2221 “Мүлктөрдү учурдагы оңдоп түзөө иштери” беренесинен негизги каражаттар алынган. Ал эми, гемодиализ аппараты, техникаларга чыгымдалган жана мамлекеттик сатып алуу порталында 2221 “Мүлктөрдү учурдагы оңдоп түзөө иштери” беренесинен конкурстук жарыя 499,4 миң сомго берилген, ал эми төлөмдөр 2222 “Учурдагы чарбалык буюмдарды жана материалдарды сатып алуу” беренесинен жабдууларды оңдоо иштери жүргүзүлгөн (калыбына келтирилди);

- Ош облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун (АИВ) көзөмөлдөө борбору курулмаларды капиталдык оңдоо/куруу амалдары (операциялары) үчүн 3113 “Курулмалар” чыгымдар беренесинен эмес 2221 “Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” беренеси аркылуу 78,5 миң сом суммасында чыгымдалган, ордуна коюлган жок;

- Кара-Кочкор реабилитациялоо жана калыбына келтирүү борбору жалпы 261,6 миң сомго 3112 “Машиналар жана жабдууларды алуу” беренесинен чыгымдалышы керек болгон болсо, 2222 “Учурдагы чарбалык буюмдарды жана материалдарды сатып алуу” беренесинен темир сейф, киржуучу машина, муздаткычтар, электр генераторлорун алган;

- С.К. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун түштүк филиалында жалпы 182,1 миң сомго 3111 “Имарат жана курулмалар” беренесинен чыгымдалышы керек болгон болсо, бирок 2221 “Кезектеги оңдоо” беренесинен имараттын эшик, терезелерин алмаштырууга чыгымдалган, ордуна коюлган.

- Ноокен райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда жалпы 2 870,7 миң сомго 3111 “Имарат жана курулмалар” беренесинен чыгымдалышы керек болгон болсо, 2221 “Мүлктөрдүн учурдагы оңдоо чыгымдары” беренесинен чыгымдалган, ордуна коюлган жок;

- Баткен ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борборунан жалпы 1 230,1 миң сомдук курулган көмүр кампалары 3111 “Имараттар жана курулмалар” беренесинен чыгымдалышы керек болгон болсо, 2221 “Учурдагы оңдоп түзөө” беренесинен чыгымдалган, ордуна коюлган жок;

- Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар жана өспүрүмдөр үчүн “Максат” Чүй облустук реабилитациялоо борбору 275,0 миң сомго 3111 “Имарат жана курулмалар” беренесинен чыгымдоо жүргүзүш керек болгон болсо, 2221 “Мүлктөрдүн учурдагы оңдоо чыгымдары” беренесинен капиталдык курулмаларга чыгымдалган, ордуна коюлган жок;

- Республикалык вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун (ВИЧ) көзөмөлдөө боюнча борборунда жалпы 392,0 миң сомго 3112 “Машиналар жана жабдууларды алуу” беренесинен чыгымдалышы керек болгон болсо, 2222 “Учурдагы чарбалык буюмдарды жана материалдарды сатып алуу” беренесинен кондиционер, эмеректер алынган.

**Сунуштама**

1. Товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана аткарылган жумуштарды сатып алуулар планын түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-б “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү жөнүндө” буйругунун талаптарын аткаруу камсыз кылынсын жана тийиштүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, анын ичинен: Республикалык кан борбору, КР ССМнин мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында Техникалык тейлөө фондусу, Ош облустук кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун (АИВ) көзөмөлдөө борбору, Кара-Кочкор реабилитациялоо жана калыбына келтирүү борбору, С.К. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун Түштүк филиалы, Ноокен райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-экпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору, Баткен ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борбору, Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар жана өспүрүмдөр үчүн “Максат” Чүй облустук реабилитациялоо борбору, Республикалык вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусун (ВИЧ) көзөмөлдөө боюнча борбору.

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин борборлоштурулган иш-чаралары боюнча негизги каражаттарды сатып алууда максатсыз чыгымдоо практикалары токтотулсун жана бузууга жол

берген тийиштүү кызматкерлердин, жетекчилердин жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 6-главасынын 1-параграфынын талаптарын бузуу менен, **4 576,1** миң сомго сатылып алынган кымбат баалуу, негизги каражаттар катары кириштелген эмес жана капиталдык оңдоодон өткөн негизги каражаттардын баланстык наркы **7 422,1** миң сомго көбөйтүлгөн эмес, анын ичинен:

- Ысык-Ата райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борбору 200,8 миң сом (муздаткыч, микро-толкундуу мештер аудиттин жүрүшүндө кириштелди);
- Айтматов райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борбору 568,6 миң сом (эмеректер аудиттин жүрүшүндө кириштелди);
- Талас медициналык колледжи 54,4 миң сом (эмеректер аудиттин жүрүшүндө кириштелди);
- Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар жана өспүрүмдөр үчүн "Максат" Чүй облустук реабилитациялоо борбору 3 151,2 миң сом, (аудиттин жүрүшүндө көбөйтүлдү);
- Чүй облусу боюнча кызматтын ишин координациялоо функциялары менен Сокулук райондор аралык оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору 991,3 миң сом (имараттын чатыры оңдолгон);
- Талас райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борбору 3 255,0 миң сом (имарат капиталдык оңдоодон өткөн);
- У. Жапаров атындагы Кочкор район аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда 695,1 миң сом (негизги каражаттар аудит учурунда кириштелди);
- Нарын райондор аралык ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда 24,6 миң сом (имараттын айнеги алмашылган);
- Нарын облустук соттук-медициналык экспертиза бюросунда жалпы 3 057,2 миң сом (негизги каражаттар аудит учурунда кириштелди).

**Сунуштама**

Аудиттердин жүрүшүндө, бухгалтердик эсептерде тийиштүү оңдоп-түзөө жүгүртүүлөрү аткарылып, капиталдык оңдоодон өткөн негизги каражаттардын баланстык наркы 7 422,1 миң сомго бухгалтердик эсептердин тийиштүү эсептеринде көбөйтүлгөнү эске алынсын.

Негизги каражаттарды таанууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптары сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22- январынан №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 248-пунктунун талаптарына шайкеш келбестен, чыгымдарды таануу алардын сандык чыгымдарын ырастоочу материалдык отчеттор же эсептен чыгаруу жөнүндө актылар жок, бюджеттик каражаттардын эсебинен **жалпы 596,2 миң** сомго бухгалтердик эсептен чыгышталган, анын ичинен: Бишкек шаарынын №2 тиш дарылоо бейтапканасында 319,9 миң сом (калыбына келитирилген жок), Нарын облусу боюнча саламаттык сактоону координациялоо жана башкаруу борборунда 230,1 миң сом (калыбына келтирилди), И.Ахунбаев атындагы Каракол медициналык колледжинде 12,6 миң сом (калыбына келтирилген жок), Республикалык вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусу (ВИЧ) көзөмөлдөө боюнча борборунда 33,6 миң сом (калыбына келтирилген жок).

**Сунуштама**

Бишкек шаарынын №2 тиш дарылоо бейтапканасында 319,9 миң сомго, И.Ахунбаев атындагы Каракол медициналык колледжинде 12,6 миң сомго, Республикалык вирустук гепатиттерди жана адамдын иммундук жетишсиздик вирусу (ВИЧ) көзөмөлдөө боюнча борборунда 33,6 миң сомго материалдардын чыгымдалышын ырастоочу документтерди калыбына келтирүү камсыз кылынсын жана тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобосунун жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2025-жылдын 7-июлундагы №119-Б буйругунун негизинде бюджеттик мекемелердин 2024-жылдын 1-январынан тартып “Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп” системасына өтүү тартибинин талаптары сакталбай, бухгалтердик отчеттуулук менен 1С программасынын ортосунда бурмалоо орун алган жана утилдештирүү процесстери атайын Blood Client донорлордун маалымат базасы программасында чагылдырылып, алардын сандык эсеби гана жүргүзүлгөн, бирок бул операциялар бухгалтердик эсеп менен камтылбай, Коомдук саламаттык сактоо улуттук институтунда 27,9 миң сомго аныкталган;

- Республикалык кан борборунда бухгалтердик баланстын №2 “Запастар” тиркемесинин “Чийки заттар жана материалдар” бөлүгүндө чагылдырылып, кириштөө даяр продукция катары эмес мамлекеттик сектордун башка бирдигинен деп көрсөтүлөт. Жогорудагыларды эске алуу менен, аудиттин пикиринде кан, кандан жасалуучу препараттардын кыймылын даяр продукция бөлүгүндө чагылдыруу менен бухгалтердик эсепти уюштуруу максатка ылайык болмок;

- Жобонун 23-пункту сакталбай алгылыктуу түрдө, мыйзам талап кылгандай ай сайын кагаз алып жүрүүчүлөргө милдеттүү түрдө чыгарылуучу документтердин формалары (мемориалдык ордерлер, карточкалар, ведомосттор, башкы китеп ж.б.) программалык комплекстин маалыматтар базасынан өз убагында басылып чыгарылган эмес жана “Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп” системасына өтүү тартиби сакталбай, мезгилдүү отчеттордун бухгалтердик балансы аталган автоматташтырылган маалыматтык системага өз убагында тапшырылбай, “1С:Бухгалтерия” автоматташтырылган программасы толук колдонбостон жүргүзгөн Ысык-Көл райондук ооруларды алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарынын аткарылышы камсыздалсын, бурмалоолорго жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду**

2025-жылдын 19-июнундагы Республикалык кан борбору менен “Сан-Тай” ЖЧК ортосундагы №1-Б/ДФ контрактка жана №8539/Д/2 кошумча макулдашууга ылайык, курулуш иштеринин жалпы суммасы 96 433,2 миң сомду түзгөн. №8539/Д кошумча макулдашуусу менен тараптар контракттын суммасынын 20% өлчөмүндө алдын ала төлөмдү жүргүзүүнү макулдашкан. Иш жүзүндө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 312-пунктунун 1-пунктчасынын талаптары сакталбастан 258,6 миң сомго алдын ала төлөмдөр жүргүзүү орун алган.

**Сунуштама**

Республикалык кан борборунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 312-пунктунун 1-пунктчасынын талаптарын сактабаган кызматкерлердин

жоопкерчилиги каралсын жана негизсиз аванстык төлөмдөрдү которуума жол берүүпрактикасы токтотулсун.

**Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык кызмат көрсөтүүгө тартылган саламаттык сактоо уюмдарында жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары**

Кыргыз Республикасында **Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык кызмат көрсөтүүгө тартылган саламаттык сактоо уюмдарында** бюджеттик каражаттарынын чыгаша бөлүгү 2025-жылга 25 038,8 млн сомго бекитилген, жыл ичинде өзгөртүү жана толуктоолор менен 26 324,0 млн сомго такталган.

“Мекемелердин чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө” отчетуна (№2 форма) ылайык, кассалык чыгымдар 26 119,7 млн сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 27 014,5 млн сомду түзгөн, же кассалык чыгымдарга салыштырмалуу 894,8 млн сомго көп аткарылган. Кассалык чыгымдар менен иш жүзүндөгү анык чыгымдардын айырмасы негизинен, мурунку жылдан ММК Фондунан өткөрүлүп берилген дары-дармектердин жана ТМБлардын жыл башындагы калдыгынын эсебинен ашыкча аткарылган.

2025-жылдын 1-январына карата атайын каражаттардын калдыгы 143 844,4 миң сомду түзгөн. Кирeше бөлүгү 999 291,6 мин сомго такталган жана 1 091 065,1 миң сомго аткарылган, такталган сметага салыштырмалуу 91 773,5 миң сомго көп түшкөн, же 109,2%га аткарылган. Кассалык чыгымдар 990 830,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 700 525,6 миң сомду түзгөн, же кассалык чыгымдарга салыштырмалуу 290 304,7 миң сомго аз аткарылган. Кассалык чыгымдар менен иш жүзүндөгү чыгымдардын айырмасы негизги фонддордун балансска алынышы жана жыл аягындагы дары-дармектердин жана запастардын калдыктарынын бар болушу менен түшүндүрүлөт.

Атайын каражаттардын сметасынын аткарылышы боюнча (№4 форма) отчетуна ылайык, 2025-жылдын 31-декабрына атайын каражаттардын калдыгы 227 469,5 мин сомду түзгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-февралындагы №86 “Саламаттык сактоо системасынын бюджетин түзүү жана аткаруу тартиби жөнүндө” токтомуна ылайык, саламаттык сактоо уюмдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнө республикалык бюджеттин жана ММК Фондунун эсебинен каржылоо аталган токтомдун 1-пунктунун 1 жана 2-пунктчаларына ылайык каралган ченемдер боюнча эсептөөлөр менен жүргүзүлүшү белгиленген. Бирок, Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан республикалык бюджеттен каржылоо Саламаттык сактоо уюмдарынын кызмат көрсөтүүлөрүнө жараша **AIS дарылоо учуру (автоматташтыруу үчүн түзүлгөн) - программасы** аркылуу (*дарыланган учур үчүн, мамлекеттик кепилдиктер программасын каржылоо жана*

*түзөтүү коэфициенттери ж.б.*) жүргүзүлгөн эмес. Бүгүнкү күндө республикалык бюджеттен каржылоо, Министрлик тарабынан бекитилген ченемдик базасы менен Excel вариантта эсептелет жана айрым саламаттык сактоо уюмдары боюнча берилген талап жана чыгымдардын чечмелөөсүнүн негизинде жүргүзүлөт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Саламаттык сактоо уюмдарын республикалык бюджеттин эсебинен каржылоодо, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-февралындагы №86 "Саламаттык сактоо системасынын бюджетин түзүү жана аткаруу тартиби жөнүндө" токтомунун талаптары сакталсын. Республикалык бюджеттин эсебинен каржылоону **AIS дарылоо учуру - программасы** аркылуу жүргүзүү боюнча кечиктирилгис иш-чаралар аткарылсын.

## Эмгек акыга төлөмдөр жана штаттык бирдиктер

**Аныкталды жана корутунду**

Республикалык бюджеттен жана Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунан (мындан ары - ММК Фонду) каржылануучу 156 саламаттык сактоо уюмдарында бардыгы 79429,75 штаттык бирдик бекитилген, анын ичинен: олуттуу саны Бишкек шаарында – 21 299,5 штаттык бирдик (жалпы штаттын 26,4%ы), Ош областында – 19441,25 штаттык бирдик (24,5%), Жалал-Абад областында – 13913,5 штаттык бирдик (17,5%).

Каралган штаттык бирдиктен ээлегени 71072,25 штаттык бирдик иштейт, бул штаттык бирдиктердин бекитилген санынын 89,4%ын түзөт, же 8 357,5 (79429,75-71072,25) бош орундар бар. Ошол эле учурда, бош турган бирдиктердин эң олуттуу саны Бишкек шаарында катталган – 3207,3 бирдик же Бишкек шаарында бекитилген бирдиктердин жалпы санынан 15,1 %, Ош областында – 2332,75 бош бирдик (12%), Чүй областында – 792,5 бирдик (10%), Жалал-Абад областында – 1300,5 бош бирдик (9,3%), Талас областында – 217 бош бирдик (7,5%), Ысык-Көл областында – 402,75 бош бирдик (7,8%), Нарын областында – 104,75 бош бирдик (3,3%) жана Баткен областында бош орундар болгон эмес (таблица түрүндө тиркелет №1.1.).

Республика боюнча саламаттыкты сактоо уюмдарында иштеген адамдардын саны 60252,0 адамды түздү, бул бекитилген штаттардан 19178,0 штаттык бирдикке аз (бекитилген штаттардын 75,9%) же 79429,75 бирдикти күтүүгө бөлүнгөн каражаттар 60252,0 иштеген медицина кызматкерлерине бөлүнөт, же болбосо 60252 адам 79429,75 штаттык бирдиктин ишин аткарат же орточо эсеп менен ар бир адам орточо 1,32 бекитилген штаттык бирдикти ээлейт.

2025-жылы медициналык жана башка кызматкерлердин бош орундары 19178 штаттык бирдикти, же бекитилген штаттык бирдиктин 24,1 пайызын түзгөн, бул эмгек акыга каралган каражаттардын үнөмдөлүшүнө алып келген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 “Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө жобонун 36-пунктунда “консолидацияланган эмгек акы төлөө фондун үнөмдөөнүн эсебинен ЭКК аркылуу” - кошумча эмгек акы берилиши каралган, бирок Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-июнундагы №367-р тескемесине ылайык, саламаттык сактоо уюмдарында консолидацияланган бюджет боюнча иштөө токтотулуп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-февралындагы №86 “Саламаттык сактоо системасынын бюджетин түзүү жана аткаруу тартиби жөнүндө” токтомуна ылайык, республикалык бюджеттин каражаттарына өзүнчө, ал эми ММК Фондунун каражаттарына өзүнчө отчеттуулук жүргүзүлөт, ошондой эле ММК Фондунун каражатынын кирешесинин эсебинен 20%дык кошумча эмгек акы төлөө өзүнчө каралган.

Жыйынтыгында, республикалык бюджет эсебинен эмгек акы фондунун үнөмдөлгөн каражаттардын эсебинен эмгекке катышуу коэффициенти (ЭЭК) аркылуу кошумча эмгек акы төлөө жогоруда белгиленген укуктук-ченемдик актыларга дал келбейт.

Саламаттык сактоо министрлиги өзүнүн ички ченемдик укуктук актыларына ылайык, саламаттык сактоо уюмдарынан эмгек акы төлөмдөрүнө керектөөлөр боюнча ай сайын маалыматтарды алат жана керектөөлөргө жараша каржылоону бөлүштүрөт. Бирок, 2025-жылы Саламаттык сактоо министрлиги бош турган кызмат орундарды эске албастан, ашыкча республикалык бюджеттин каражаттарынан Эмгек акы фондунун үнөмдөлгөн каражаттарынын эсебинен эмгекке катышуу коэффициенти (ЭЭК) аркылуу **1 009 305,5 мин сомго** (анын ичинде 860 814,9 миң сом кошумча эмгек акыга жана Социалдык фондго чегерүүлөр 148 490,6 миң сом) каржылаган, анын ичинде: Чүй, Ысык-Көл, Талас, Нарын областтарындагы жана Бишкек шаарындагы саламаттык сактоо уюмдарында.

Ал эми, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтарында жогоруда көрсөтүлгөн төлөмдөр жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине**:

1. Саламаттык сактоо уюмдарынын каражаттарын натыйжалуу пайдалануу максатында штаттык кызмат орундарын, тарифтик тизмелерди, анын ичинде бош кызмат орундарын, медицина кызматкерлеринин иш жүзүндө функциялык милдеттерин аткарууда алардын жүгүн аныктоо менен штаттык бирдиктер кайра каралсын.

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 25апрелиндеги №287 Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө токтому менен жөнгө салынгандыгы эске алынсын.*

2. Эмгек акы төлөөгө ай сайын түзүлгөн керектөөлөрдөн *(табыштама)*

ашыкча каржылоого (бош кызмат орундарына) жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 35, 56, 164-беренелеринде каралган убактылуу ордун ээлөө, түнкү убактагы иш жана айкалыштыруу шарттарындагы жумуш убактысынын узактыгы боюнча ченемдерин бузуулар аныкталган:

-164-беренесин бузуу менен жумуш убактысынын ченемдүү узактыгынын чегинен тышкары 1,5 ставкалык жүктөмдөн ашык иштегендиги үчүн төлөмдөр, төмөндөгү мекемелерде -Алай райондук ЖДПБсы - 1430,3 миң сом, Ноокат ҮМБсы -73,9 миң сом, Нариман аймактык ооруканасы -29,2 миң сом, Ноокат райондук аймактык ооруканасы -796,0 миң сом, Ош областтык психиатрия жана наркология борбору -167,6 миң сом, Бишкек ш. №1 Төрөт үйү -6,4 миң сом, Жети-Өгүз ЖДПБсы -1402,2 миң сом, Ысык-Көл ЖДПБсы -752,3 миң сом, Улуттук госпиталы -1049,7 миң сом, Тогуз-Торо райондук ЖДПБсы -527,9 миң сом, Аксы райондук ЖДПБсы -4322,2 миң сом, Майлуу-Суу ш. ЖДПБсы - 110,9 миң сом, Чаткал райондук ЖДПБсы - 249,3 миң сом, Көк-Жаңгак ш. ЖДПБсы -156,4 миң сом, Кадамжай райондук ЖДПБсы - 918,9 миң сом, Таш-Көмүр ш. ЖДПБсы -1 485,3 миң сом, А. Ташиева атындагы Эне жана баланы коргоо борбору -677,7 миң сом, Кемин ш. Республикалык паллиативдүү жардамдын кургак учукка каршы №1 ооруканасы –205,3 миң сом, Айтматов райондук ЖДПБсы -350,2 миң сом, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы -454,8 миң сом, Нарын областтык бириктирилген ооруканасы - 203,5 миң сом;

-56-беренесин бузуу менен кызматкердин убактылуу ордун ээлөөнүн мөөнөтүнүн сакталбашы боюнча төлөмдөр Бишкек ш. №3 ҮМБсында 4576,8 миң сом;

-35-беренесин бузуу менен бош кызмат орундарына айкалыштырып иштегендиги үчүн үстөк акы төлөмдөрү Бишкек ш. №1 Төрөт үйү - 6,4 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 токтомунун 1-тиркемесинде белгиленген ченемдерди, аталган токтом менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” жобонун төмөндөгү пункттарын бузуу менен эмгек акыга төлөмдөр жүргүзүлгөн.

-3 “Кошумча акылар жана үстөк акылар” бөлүгүндө каралган ченемдер негизсиз белгиленген Сокулук райондук ЖДПБсы – 69,0 миң сомго жана Жайыл районунун аймактык ооруканасында – 51,6 миң сом;

- 7-пунктунда каралган квалификациялык категориясы үчүн үстөк акынын өлчөмдөрү ашыкча бекитилген Базар-Коргон райондук ЖДПБсында -17,2 миң сом (ордуна коюлду) жана Нарын областтык бириктирилген ооруканасында - 240,7 миң сом.

-16-пункту, айыл жеринде жашагандыгы үчүн төлөмдөр Токтогул ЖДПБсы - 962,7 миң сом;

-18-пункту күбөлүгү жок медайымдарга үстөк акы төлөмдөр Мырзаке ЖДПБсы - 462,5 миң сом.

Аталган токтомдун 1-тиркемесинин (эскертүү боюнча 1-пунктунун) талаптары сакталбастан кенже тейлөөчү кызматкерлерге стажы үчүн кошумча эмгек акы Кемин районунун ЖДПБсында –97,0 миң сом, чегерилген. Мындан сырткары негизсиз кошумча акы төлөмдөрү Ноокат райондук аймактык ооруканасы - 39,6 миң сом (ордуна коюлууга тийиш).

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2023-жылдын 10-ноябрындагы №1325 "Эмгек акы төлөө боюнча методикалык колдонмону бекитүү жөнүндө" буйругунун 4.22-пунктунун талаптары сакталбастан, атайын каражаттардын эсебинен штаттык ыраттама түзүлбөстөн Улуттук госпиталында кошумча акы 20 455,3 миң сомго жана Кочкор-Ата ш. ЖДПБсы 46,8 миң сомго (ордуна коюлду) төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

1. Эмгек акыны эсептөөдө жана төлөөдө ченемдик-укуктук актылардын талаптарын сактабаган саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

2. Эмгек акыга эсептөөлөр жана төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 25-апрелиндеги №287 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" жобонун, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2023-жылдын 10-ноябрындагы № 1325 "Эмгек акы төлөө боюнча методикалык колдонмону бекитүү жөнүндө" буйругунда белгиленген ченемдерге ылайык келтирилсин.

3. Ноокат райондук аймактык ооруканасында 39,6 миң сомго ашыкча кошумча акы төлөмдөрү боюнча кайра эсептөөлөр жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 30.12.2024-жылдагы №1361 "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын административдик-башкаруучу жана медициналык кызматкерлеринин сунушталган типтүү штатын бекитүү жөнүндө" буйругу менен бекитилген ченемдерден сырткары, ашыкча штаттык бирдиктерди кармоого 8167,5 миң сом чыгымдалган, анын ичинде: Жалал-Абад областтык ҮМБсы -2067,7 миң сом, Улуттук госпиталы- 1805,4 миң сом, Эне жана баланы коргоо улуттук борбору -609,2 миң сом, Улуттук онкология жана гематология борбору 2686,9 миң сом, Кыргыз Темир жолу ооруканасы -543,0 миң сом, Кочкор райондук ЖДПБсы-455,3 миң сом.

**Сунуштама**

Мекемелердин штаттык ыраттамаларына талдоо жүргүзүлүп, анын жыйынтыгы боюнча штаттык сандар ылайык келтирилсин же зарыл болгон учурда Министрликтин тиешелүү буйруктарына өзгөртүүлөр киргизилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Саламаттык сактоо уюмдарында жогоруда белгиленген буйрукка ылайык, экономист жана бухгалтерия кызматкерлеринин штаттык бирдиктери сунушталган.

Буйрукта мекемеге смета боюнча каралган жалпы каражаттын ар бир 100,0 млн сомуна 1 экономист, ал эми эмгек акыдан сырткары ар бир 20,0 млн сомго 1 бухгалтердин ставкасы каралган.

Отчеттуулук мезгилине мекемелердин орточо бюджети 300 млн сомдон - 700 млн сомго чейин бекитилип жыл сайын жалпы бюджеттери көбөйүүдө. Мисалы,: Кызыл-Кыя ЖДПБсынын 2025-жылга жалпы бюджети 586 272,3 мин сомду түзөт, анын ичинен Эмгек акы беренеси боюнча 275 664,8 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр - 45 286,9 миң сом.

Буйруктун негизинде экономисттин ставкасын 5,5 штаттык бирдикке чейин кармоого болот, бирок иш жүзүндө 4 штаттык бирдик кармалган. Эмгек акы жана Социалдык фондго чегерүү беренелеринен башка чыгымдар 265 320,6 миң сомду түзүп, бухгалтерлердин ставкасын 13,2 штаттык бирдик кармоого болот (265320,6/20=13,26), иш жүзүндө 10 штаттык бирдик кармалган. Бухгалтердик эсеп бөлүмүндө жалпы 21,5 штаттык бирдик кармалган. Жалпысынан Саламаттык сактоо уюмдарында эсеп тармагындагы адистер 1,5 ставкада иштешет.

Мындан сырткары, Саламаттык сактоо уюмдарында 2025-жылга 204,5 кассирдин штаттык бирдиги каралган, анын ичинен 188,75 штаттык бирдигин 180,0 адам иштейт. Кассир кызматында иштеген кызматкерлерге 2025-жылы жалпы 229 458,7 миң сом эмгек акы төлөнгөн, анын 39 492,7 миң сому (17,25%) социалдык төлөм, жалпы 268 951,4 миң сом чыгымдалган. Кассир кызматынын негизги милдеттери - накталай акча каражаттарын кабыл алуу, берүү, сактоо, эсепке алуу жана кардарларды жогорку деңгээлде тейлөө болуп саналат. Бүгүнкү күндө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №680/66-6 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө” токтомунун талаптарына ылайык, көпчүлүк саламаттык сактоо уюмдары накталай эмес төлөмдөргө өткөн *(терминал аркылуу)*. Көпчүлүк саламаттык сактоо уюмдарында накталай акча каражаттарынын жүгүртүлбөгөндүгүнө карабастан, 1-4кө чейинки кызмат орундары күтүлүүдө.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 30.12.2024-жылдагы №1361 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын административдик-башкаруучу жана медициналык кызматкерлеринин сунушталган типтүү штатын бекитүү жөнүндө” буйругунун ченемдерин кайрадан карап чыгуу сунушталат.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарында (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек

шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндөгү” токтомунун талаптарын бузуу менен, жумуш ордуна аттестациялоо жүргүзүлбөстөн, аттестациялоонун натыйжалары жетекчилик тарабынан каралбастан жана тиешелүү буйрук таризделбестен, эмгек шарттарын жана коопсуздукту жакшыртуу боюнча эч кандай чаралар көрүлбөстөн, өзгөчө иштердин эмгек шарттары, оор жумуштар, зыяндуу, эмгек шарттары кооптуу жумуштардын жылдык тизмеги, санитардык-эпидемиялогиялык көзөмөл чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын протоколдору жок жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын “Типтүү тизмегине” кирбеген иштер үчүн жалпы **18 823,9 миң сомго** каражаттар чыгымдалган.

**Сунуштама**

1. Саламаттык сактоо уюмдарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген, “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

2. Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлеринин оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн негизсиз төлөмдөргө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

А. Ташиева атындагы Эне жана баланы коргоо борборунун кызматкерлерине кошумча материалдык колдоо көрсөтүү максатында, 2025-жылдын июнь-ноябрь айларында (6 ай) 30 410,0 миң сом демөөрчүлүк жардам жана ыктыярдуу төгүм катары түшкөн каражаттар Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 8-пунктун бузуу менен мекеменин казыналыктагы атайын эсебине алынган эмес.

Материалдык жардамдар кызматкерлерге таркатылгандыгын жана кызматкерлердин алгандыгын кол коюу менен тастыктаган ведомосттор 30 185,0 миң сомго түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын Сузак башкармалыгына 2026-жылдын 21-апрелиндеги №01-2/318 кат менен демөөрчүлүк жардам катары түшүп, кызматкерлерге эмгек акысына кошумча сый акы катары берилген 30 185,0 миң сомдон киреше салыгы жана социалдык төлөмдөрү кармалып, тиешелүү бюджетке чегерилбегендиги боюнча маалымат берилди.

**Сунуштама**

А. Ташиева атындагы Эне жана баланы коргоо борборунун Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарын талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына**

А. Ташиева атындагы Эне жана баланы коргоо борборундагы Кыргыз Республикасынын бюджеттик мыйзамдарын бузуу менен мекеменин казыналыктагы атайын эсебинен сырткары, демөөрчүлүк жардам жана

ыктыярдуу төгүм катары түшкөн каражаттар, анын ичинен 30 185,0 миң сомго кошумча акы төлөмдөрү жүргүзүлгөндүгү тууралуу маалымат укуктук баа берүү үчүн жөнөтүү сунушталат.

**Товардык-материалдык баалуулуктар, запастар, негизи каражаттар жана мүлктөр боюнча бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-б "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу" буйругунун талаптарына шайкеш келбеген учурда 49 575,0 миң сом чыгымдалган. Классификаторго ылайык, капиталдык оңдоо иштери 3111 "Имарат жана курулмалар" беренеси боюнча чыгымдалышы каралса, аталган чыгымдар 2221 "Кезектеги оңдоо" беренеси боюнча чыгымдалган.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө" жобонун 143-пунктунун талаптарына шайкеш келбестен, имараттын маанилүү конструктивдүү элементтеринин өзгөрүшүнө (капиталдык оңдоо иштери) байланыштуу жургүзүлгөн **44 577,3 миң сомго** чыгымдар, имараттын баштапкы (баланстык) баасына кошуулар (капитализациялоо) жүргүзүлгөн эмес, төмөндөгү мекемелерде: -Үч-Коргон ЖДПБсы -8 098,6 миң сом, Ноокат ҮМБсы -1 716,8 миң сом, Ала-Бука райондук ЖДПБсы -14 350,0 миң сом, Жалал-Абад областтык балдар клиникалык ооруканасы – 8 199,3 миң сом, Кадамжай районунун ЖДПБсы – 9 161,8 миң сом, Айдаркен ш. ЖДПБсы - 661,4 миң сом, Сүлүктү ш. ЖДПСы – 2 389,4 миң сом.

Мекемелерде аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп боюнча негизги каражаттардын баштапкы баасын жогорулатуу боюнча тиешелүү өткөрүүлөр жүргүзүлүп, бухгалтердик баланска өзгөртүүлөр киргизилди, төмөндөгү мекемелерде: Үч-Коргон ЖДПБсы -8 098,6 миң сом Ноокат ҮМБсы - 1 716,8 миң сом, жалпы 9 815,4 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө" жобонун 143-пунктунун аткарылышы камсыздалсын жана Негизги каражаттарды эсепке алуу өз убагында жургүзүлбөгөндүгү үчүн тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Бухгалтердик эсеп боюнча негизги каражаттардын баштапкы баасын жогорулатуу боюнча тиешелүү өткөрүүлөр жүргүзүлүп, бухгалтердик баланска өзгөртүүлөр киргизилсин, төмөндөгү мекемелерде: Ала-Бука райондук ЖДПБсы -14 350,0 миң сом, Жалал-Абад областтык балдар клиникалык ооруканасы – 8 199,3 миң сом, Кадамжай районунун ЖДПБсы -

9 161,8 миң сом, Айдаркен шаарынын ЖДПБсы - 661,4 миң сом, Сүлүктү шаарынын ЖДПСы – 2 389,4 миң сом, жалпы 34761,9 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө” жобонун 6-бөлүмүнүн, 1-параграфынын талаптары сакталбастан, негизги каражаттар (жаңы курулган имараттар ж.б.) мекеменин балансына алынган эмес, төмөндөгү мекемелерде: Кызыл-Кыя шаардык ЖДПБсы -8971,8 миң сом, Мырза-Аке ЖДПБсы -126 292,2 миң сом, Сокулук райондук ЖДПБсы -10 759,1 миң сом, Бакай-Ата райондук ЖДПБсы -2754,7 миң сом, Кара-Суу районунун аймактык ооруканасы -37 196,9 миң сом, Кара-Кулжа райондук ЖДПБсы - 7482,9 миң сом, Ош областтар аралык Онкология борбору - 26,2 миң сом, А. Ташиева атындагы Эне жана баланы коргоо борбору – 746 019,0 миң сом, Базар-Коргон райондук ЖДПБсы -507,7 миң сом, жалпы **940 010,5 миң сом,**

Мекемелерде аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп боюнча негизги каражаттарды балански алуу боюнча тиешелүү өткөрүүлөр жүргүзүлүп, бухгалтердик балански өзгөртүүлөр киргизилди, төмөндөгү мекемелерде: Кызыл-Кыя шаардык ЖДПБсында – 8 971,8 миң сом, Мырза-Аке ЖДПБсы – 126 292,2 миң сом, Сокулук райондук ЖДПБсы -10 759,1 миң сом, Бакай-Ата райондук ЖДПБсы -2 754,7 миң сом, жалпы **148 777,8 миң сом**.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө” жобонун 6-бөлүмүнүн, 1-параграфынын талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

2. Негизги каражаттарды эсепке алуу өз убагында жургүзүлбөгөндүгү үчүн тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

3. Бухгалтердик эсепте негизги каражаттарды эсепке алуу боюнча тиешелүү өткөрүүлөр жүргүзүлүп, **791232,7 миң сомго** бухгалтердик балански өзгөртүүлөр киргизилсин, төмөндөгү мекемелерде: Кара-Суу районунун аймактык ооруканасы – 37 196,9 миң сом, Кара-Кулжа райондук ЖДПБсы – 7 482,9 миң сом, Ош областтар аралык Онкология борбору - 26,2 миң сом, А. Ташиева атындагы Эне жана баланы коргоо борбору – 746 019,0 миң сом, Базар-Коргон райондук ЖДПБсы - 507,7 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Аталган Жобонун “Бухгалтердик эсепти жүргүзүүгө негизги талаптар” 2-главасынын 1-параграфындагы 5-пунктун бузуу менен:

**-товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестиги – 539,9 миң сомго** аныкталган, төмөндөгү мекемелерде: -Эне жана баланы коргоо улуттук борборунда - 2,6 миң сом, Балыкчы ш. ЖДПБсы - 2,3 миң сом, Улуттук фтизиатрия борборунда - 0,2 миң сом, Кара-Суу районунун ҮМБсы - 3,2 миң сом, Кара-Суу районунун аймактык ооруканасы - 2,5 миң сом,, Ноокат ҮМБсы - 56,7 миң сом ордуна коюлду, Ош областтык клиникалык

ооруканасы -0,2 миң сом, Кызыл-Кыя шаардык ЖДПБсы -69,9 миң сом, Аксы ЖДПБсы - 9,0 миң сом, Сузак райондук аймактык ооруканасы -15,6 миң сом, Жалал-Абад областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору -12,3 миң сом, Лейлек райондук ЖДПБсы -1,6 миң сом, Ак-Суу райондук ЖДПБсы -8,3 миң сом (жогоруда белгиленген мекемелерде аудит учурунда ордуна коюлган), Жалал-Абад областтык ҮМБсы -19,9 миң сом, Алай райондук ЖДПБсы -1,6 миң сом, Нариман аймактык ооруканасы -1,0 миң сом, Ош областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору -98,6 миң сом, Сумсар шаарчасынын ЖДПБсы -12,4 миң сом, Р.Г. Бауэр атындагы Кочкор райондукЖДПБсы -222,0 миң сом;

**-ТМБнын жана дары-дармектердин ашык чыгуусу 3411,1 миң сомго** аныкталган**,** төмөндөгү мекемелерде: -Эне жана баланы коргоо улуттук борбору -1,6 миң сом, Ноокат ҮМБсы -11,6 миң сом,, Жалал-Абад областык ҮМБсы -17,2 миң сом, Сузак районунун Октябрь ЖДПБсы -104,0 миң сом, Республикалык психиатриялык ооруканасы (Кызыл-Жар а.) - 104,1 миң сом, Кочкор райондук ЖДПБсы -42,1 миң сом (жогоруда белгиленген мекемелерде аудит учурунда калыбына колтирилген), Ош областтык клиникалык ооруканасы -0,6 миң сом, Ноокат райондук аймактык ооруканасы -7,8 миң сом, Кызыл-Кыя шаардык ЖДПБсы -60,7 миң сом, Кочкор-Ата ш. ЖДПБсы -48,6 миң сом, Базар-Коргон райондук ЖДПБсы - 3 012,8 миң сом, анын ичинен: кеңсе товарлары -6,4 миң сом жана дары-дармектер 3 006,4 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө” жобонун “Активдерди жана финансылык милдеттенмелерди инвентаризациялоо бөлүмүнүн талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

Товардык-материалдык баалуулуктардын жетишпестигине жана ашыкча чыгууларына жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Жетишпестиктер ордуна коюлсун, төмөндөгү мекемелерде:

- Алай райондук ЖДПБсы -1,6 миң сом, Нариман аймактык ооруканасы -1,0 миң сом, Ош областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору -98,6 миң сом, Сумсар шаарчасынын ЖДПБсы -12,4 миң сом, Р.Г. Бауэр атындагы Кочкор райондук ЖДПБсы -222,0 миң сом, жалпы 335,6 миң сом;

Ашыкча чыккан товардык-материалдык баалуулуктар бухгалтердик эсепке алынсын, төмөндөгү мекемелерде: -Ош областтык клиникалык ооруканасы -0,6 миң сом, Ноокат райондук аймактык ооруканасы -7,8 миң сом, Кызыл-Кыя шаардык ЖДПБсы -60,7 миң сом, Кочкор-Ата ш. ЖДПБсы -48,6 миң сом, Базар-Коргон райондук ЖДПБсы -3012,8 миң сом, анын

ичинен: кеңсе товарлары -6,4 миң сом жана дары-дармектер – 3 006,4 миң сом, жалпы 3 130,5 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Жогоруда белгиленген Жобонун “Чыгымдарды эсепке алуу” бөлүгүн бузуу менен Нарын областтык кургак учукка каршы күрөшүү борборунда 102,3 миң сомго күйүүчү майы (мындан ары-КММ) эсептен чыгарылган. КММ чыгыштоо боюнча жол баракчаларына ар бир даректер жана даталар, канча километр жүргөндүгү көрсөтүлгөн эмес, унааны пайдаланган адамдын тастыктоочу колдору коюлбаган, КММ таркатуу ведомосттору толтурулган эмес, кол тамгасы коюлбаган учурлары аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун 2-пунктунун 3-абзацын бузуу менен Ош областтык клиникалык ооруканасында каралган ченемден ашыкча КММ 21,2 миң сомго чыгымдалган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө” жобонун “Чыгымдарды эсепке алуу” бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын

Чыгымдарды тастыктаган баштапкы документтерисиз КММ эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Нарын областтык кургак учукка каршы күрөшүү борборунда чыгымдарды тастыктаган баштапкы документтерисиз КММ эсептен чыгарылган 102,3 миң сом бюджетке калыбына келтирилсин.

Ош областтык клиникалык ооруканасында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Нарын областтык бириктирилген ооруканасында “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 26-пунктун бузуу менен материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишимдер түзүлгөн эмес.

Жобонун 182-пунктун бузуу менен негизги каражаттарды эсепке алуу инвентардык карточкалары (ОС-6 формасы) жүргүзүлгөн эмес жана негизги каражаттарга 12ге чейинки инвентардык номерлер коюлбаган. Инвентаризация жүргүзүү учурунда 2026-жылдын 1-мартына

дары-дармектердин февраль айы үчүн отчеттору берилбегендиктен, башкача айтканда, бухгалтериясында дары-дармектердин калдыктары боюнча эсепке алуу так эмес жана дары-дармектерди каттоо журналдары, материалдык баалуулуктарды каттоо журналдары жок болгондуктан, төрөт бөлүмүнүн материалдык баалуулуктарына жана дары-дармектерине инвентаризация жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк болгон жок.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 24-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун “Материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишимдерди түзүү” жана “Негизги каражаттарды эсепке алуу эсеби” бөлүктөрүнүн аткарылышы камсыздалсын.

*Эскертүү:* Нарын областынын прокуратурасына Нарын областтык бириктирилген ооруканасында дары-дармектердин пайдаланылышы тууралуу (КР ЭПтин Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн 2026-жылдын 10-июнундагы №01-16/126 каты) маалыматтар укуктук баа берүү үчүн жөнөтүлгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кочкор районунун жалпы-дарыгердик практика борборунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 13-августундагы №518 токтому менен бекитилген “Эски, авариялык абалдагы имараттарды жана курулмаларды бузуу тартиби жөнүндө” Жобонун 4-бөлүгүнүн талаптары сакталбастан, Кочкор райондук жалпы дарыгердик практика борборунун бузулган имараттары жана курулмалары көз карандысыз баалоочуларды тартуу менен баалоо жүргүзүлгөн эмес.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө” Жобонун 177-пунктунун талабы аткарылбастан, негизги каражаттарды жоюудан алынган материалдар тийиштүү эсептерге кириштелбестен таркатылган, имараттарды бузуудан чыккан материалдардын көлөмү жана болжолдуу баасы аныкталган эмес. Имараттардын бузуу учурундагы сүрөттөрдө жана тиешелүү документтерде темир чатырлар, жылуулоо системасынын темир түтүктөрү жана башка материалдар чагылдырылган, бирок, ал материалдардын чыгымдалышы боюнча так маалымат аудитке берилген жок.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 13-августундагы № 518 токтому менен бекитилген “Эски, авариялык абалдагы имараттарды жана курулмаларды бузуу тартиби жөнүндө” жобонун жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү жөнүндө” жобонун аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кочкор райондук жалпы дарыгердик практика борборунун 2025-жылдын 10-сентябрындагы №152 буйругунун негизинде бузула турган эски имараттардын жанындагы тоскоолдук жаратып жаткан бак-дарактарды кыюу боюнча комиссия түзүлүп, 2025-жылдын 10-сентябрындагы тизме боюнча 154 түп бак-дарактарды кыюу сунушталган, анын ичинде кара жыгач – 20 түп, Тянь-Шань карагайы – 82 түп, терек – 47 түп жана 5 түп кызыл карагай.

Белгилей кетсек, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө" жобонун 177 жана 223-пункттарынын талаптарын бузуу менен бак-дарактар кыйылгандан кийин материалдардын көлөмү көрсөтүлгөн акт түзүлгөн эмес, материалдардын баасын аныктоо менен мекеменин балансына кириштелген эмес. Ошондой эле, материалдардын таркатылышы же башка мамлекеттик органга өткөрүп берүү боюнча тастыктоочу документтер аудитке көрсөтүлгөн жок. Жыйынтыгында, "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарын бузууга жол берилген, тиешелүү көзөмөл жүргүзүлбөгөндүктүн натыйжасында, кыйылган бак-дарактар уюмдаштыруучу (менчик ээси) менен макулдашылбастан негизсиз чыгымдалган. Кочкор ЖДПБнын башкы бухгалтеринин түшүнүк катына ылайык, мекемеде тиешелүү техниканын жоктугуна байланыштуу, бак-дарактарды кыюу жумуштары райондук суу чарба башкармалыгынын кызматкерлери тарабынан жүргүзүлүп, бак-дарактарды алып кетишкен.

**Сунуштама**

2025-жылы кыйылган 154 бак-дарактарды чыгымдоо боюнча тастыктоочу документтер калыбына келтирилсин жана жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

*Эскертүү:* Кочкор райондук жалпы дарыгердик практика борборунда бузулган имараттары жана курулмаларына көз карандысыз баалоочуларды тартуу менен баалоо жүргүзүлбөгөндүгү (КР ЭПтин Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн 2026-жылдын 10-июнундагы №01-16/127 каты) тууралуу маалыматтар Нарын областынын прокуратурасына укуктук баа берүү үчүн жөнөтүлгөн.

**Дары-дармек каражаттары жана медициналык буюмдар менен камсыздалышы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 21-беренесинин 3-пунктун бузуу менен, Саламаттык сактоо уюмдарында керектүү дары-дармектер жана медициналык буюмдар негизделген эсептөөлөрсүз чыгымдар жүргүзүлгөн. 2025-жылдын 1-январына саламаттык сактоо уюмдары боюнча дарыкана кампаларында сактоо мөөнөтү бүткөн *(Ковид-19 пандемиясынан калган каражаттар)*, колдонуу максатына жетпей керексиз болгон **3 903,7** миң сомдук дары-дармектердин жана медициналык буюмдардын калдыгы

төмөндөгү мекемелерде аныкталган, анын ичинде: Кара-Суу районунун аймактык ооруканасы -1 823,5 миң сом, Араван райондук ЖДПБсы -1943,0 миң сом, Токтогул районунун Өзгөрүш айылындагы ЖДПБсы - 47,6 миң сом, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы мекемеси - 89,6 миң сом.

**Сунуштама**

Дары-дармек каражаттарын рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануу максатында, саламаттык сактоо уюмдары тарабынан дары-дармек каражаттарын сатып алууда талдоо жана мониторинг жүргүзүлсүн, о.э., каражаттар рационалдуу пайдаланылсын жана натыйжалуу пландаштырылсын..

Дары-дармек каражаттарын сактоо, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 16-декабрындагы №759 токтому менен бекитилген, Дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды сактоо эрежелеринин 15-пунктуна ылайык жүргүзүлсүн жана мөөнөтү өткөн дары-дармектерди жана медициналык буюмдардын калдыгын ченемдик укуктук актыларга ылайык эсептен чыгаруу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: Кара-Суу районунун аймактык ооруканасы - 1823,5 миң сом, Араван районду ЖДПБсы – 1 943,0 миң сом, Токтогул районунун Өзгөрүш айылындагы ЖДПБсы - 47,6 миң сом, Ысык-Көл областтык бириккен ооруканасы мекемеси -89,6 миң сом.

**Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрүнө чыгымдар жана белгиленген лимиттердин аткарылышы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык Сактоо министрлигинин №912 “2025-2026-жылдарга карата саламаттык сактоо уюмдары үчүн жеке керектөөлөрүнө электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын лимиттерин бекитүү жөнүндө” буйругуна ылайык, 2025-жылга коммуналдык чыгымдарга керектөө чеги боюнча иш жүргүзүлгөн.

2025-жылга керектөөлөргө каралган лимиттерден ашыкча чыгымдоолор, коммуналдык кызматтарды керектөөнүн бекитилген лимиттеринин ашыкча чыгымдалышы мекемелерде жаңы ишке киргизилген жабдуулардын, жүгүртүүдөн тышкаркы активдердин (имарат) көбөйүшүнө байланыштуу.**63 360,5 миң сомго** аныкталган *(№2.2. таблица тиркелет).*

**Сунуштама**

Коммуналдык чыгымдар белгиленген лимит боюнча жүргүзүлсүн жана ашыкча чыгымдоолорго жол берилбесин.

Коммуналдык кызматтарды керектөөнүн бекитилген лимиттеринин ашыкча чыгымдалышы жана лимиттерди бекитүүдө, жаңы ишке киргизилген жабдуулардын, жүгүртүүдөн тышкаркы активдердин (имарат) көбөйүшүнө байланыштуу электр жана жылуулук энергиясынын лимитин жогорулатуу маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Ош областтык балдар ооруканасынын 2025-жылга 2231 “Коммуналдык кызматтар” беренеси боюнча кассалык чыгашасы бекитилген смета боюнча

26,5 миң сомду түзгөн. Ал эми, атайын каражат боюнча коммуналдык кызматтар үчүн такталган сметасы 450,0 миң сомго каралып, кассалык чыгашасы аткарылган эмес. Аудитке белгилүү болгондой, 2025-жылы мекеме менен ижарачылар ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык, мекемеден пайдаланган коммуналдык кызматтар үчүн атайын каражат эсебине 136,1 миң сом каражаты түшкөн, бирок пайдаланылган эмес. Керектөөлөргө чыгымдар республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлгөн.

2025-жылдын 31-декабрына карата коммуналдык кызматтар үчүн кредитордук карызы жок.

**Сунуштама**

Атайын каражаттар эсебине ижарачылардан коммуналдык кызматтар үчүн түшкөн 136,1 миң сом республикалык бюджеттин эсебине которулсун.

**Кыргыз Республикасынын монополияга каршы мыйзамдарынын, баа коюунун, тарифтердин, ченемдик-укуктук актылардын сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 токтому менен бекитилген, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине кирбеген кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган кирешелер жалпы 1 635,0 миң сомду түзгөн, анын ичинен Улуттук госпиталда 1 327,2 миң сом (2026-жылдын 11-июнунун №382 төлөө тапшырмасы менен республикалык бюджетке которулган) жана Нарын областтык бириктирилген ооруканасында -307,8 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 токтомунун талаптарынын аткарылышы камсыздалсын, мамлекеттик акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдү бирдиктүү реестрине киргизүү бөлүгүндө.

Нарын областтык бириктирилген ооруканасында негизсиз алынган киреше 307,8 миң сом республикалык бюджетке которулсун.

**Ижара мамилелери жана ижара акысын бюджетке чегерүүлөр**

**Аныкталды корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө" жобонун 81-пунктуна ылайык ижара акысы коммуналдык төлөмдөрдү камтыбайт. Бирок, аудит мезгилине ижарачылар пайдаланган коммуналдык чыгымдарга эсептешүүлөр **885,1 миң сомго** жүргүзүлбөгөн, анын ичинен: Чон-Алай райондук ЖДПБсы -37,9 миң сом (аудит учурунда ордуна коюлду), Жайыл райондук ҮМБсы -43,0 миң сом, Республикалык клиникалык инфекциялык ооруканасы -731,6 миң сом, К. Мамакеев атындагы Улуттук хирургия борбору -62,2 миң сом, Кочкор райондук ЖЛПБсы -10,4 миң сом.

**Сунуштама**

Ижарачылардын коммуналдык чыгымдарына сарпталган 847,2 миң сом бюджетке калыбына келтирилсин, төмөндөгү мекемелерде: Жайыл райондук ҮМБсы -43,0 миң сом, Республикалык клиникалык инфекциялык ооруканасы -731,6 миң сом, К. Мамакеев атындагы Улуттук хирургия борбору -62,2 миң сом, Кочкор райондук ЖДПБсы -10,4 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесин бузуу менен мамлекетин менчигинде турган мүлктү ижарага берүүдөн алынган **1458,1** миң сом ижара акысы республикалык бюджеттин кирешесине которулбаганадыгы төмөндөгү мекемелерде аныкталган: -Кара-Суу районунун аймактык ооруканасы - 62,4 миң сом, Үч-Коргон ЖДПБсы -65,4 миң сом, Лейлек районунун ЖДПБсы -79,7 миң сом, Чүй областтык ЖДПБсы -159,7 миң сом, Республикалык клиникалык инфекциялык ооруканасы -76,8 миң сом, Улуттук госпиталы -824,5 миң сом, Кочкор ЖДПБсы -14,8 миң сом, Кочкор ЖДПБсы -62,9 миң сом, Улуттук онкология жана гематология борбору -111,9 миң сом ордуна коюлду.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесине ылайык, ижара акыдан түшкөн 1346,2 миң сом республикалык бюджеттин кирешесине которулсун, төмөндөгү мекемелерде: -Кара-Суу районунун аймактык ооруканасы -62,4 миң сом, Үч-Коргон ЖДПБсы -65,4 миң сом, Лейлек районунун ЖДПБсы -79,7 миң сом, Чүй областтык ЖДПБсы - 159,7 миң сом, Республикалык клиникалык инфекциялык ооруканасы -76,8 миң сом, Улуттук госпиталы -824,5 миң сом, Кочкор ЖДПБсы -14,8 миң сом, Кочкор ЖДПБсы -62,9 миң сом.

**Командировкалык чыгымдар**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомун бузуу менен 12,3 миң сом ашыкча төлөмдөр жүргүзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: Ош областтар аралык тери-венерологиялык борбору - 1,5 миң сом, Баткен областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору - 3,0 миң сом (ордуна коюлду), Академик Мирсаид Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борбору - 2,2 миң сом (ордуна коюлду), Нарын областтык кургак учукка каршы күрөшүү боюнча борбору - 5,6 миң сом.

**Сунуштама**

Командировкалык чыгымдарга төлөмдөр, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы №778 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомуна ылайык жүргүзүлсүн.

Ашыкча чыгымдар ордуна коюлсун, төмөндөгү мекемелерде: Ош областтар аралык тери-венерологиялык борбору -1,5 миң сом, Нарын областтык кургак учукка каршы күрөшүү боюнча борбору - 5,6 миң сом.

**Бюджеттик төлөмдөр, туумдар жана айыптар**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы №302 токтому менен бекитилген "Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" Жобонун 3-пунктунда белгиленген сактоо мөөнөттөрү аяктагандан кийин депозиттик эсебинде 3 жылдан ашык мөөнөттө сакталган талап кылынбаган каражаттар 159,0 миң сомду түзгөн, төмөндөгү мекемелерде: Жалал-Абад областык ҮМБсы -11,8 миң сом, Таш-Көмүр шаарынын ЖДПБсы -110,8 миң сом (ордуна коюлду), Кочкор районунун ЖДПБсы - 36,4 миң сом.

Ошондой эле, "Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" Жобонун 10,11-пункттары сакталбастан Кочкор районунун ЖДПБсында физиотерапиялык кызмат көрсөтүүлөрдөн 24,0 миң сом атайын эсебине түшпөгөндүгү аныкталган (аудит учурунда ордуна коюлду).

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы №302 токтому менен бекитилген "Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" Жобонун талаптарына ылайык депозиттик эсептерде 3 жылдан ашык мөөнөттө сакталган каражаттарды тиешелүү бюджеттин кирешесине которууну камсыз кылуу.

Депозиттик эсептердеги талап кылынбаган каражаттар тиешелүү бюджетке которулсун, төмөндөгү мекемелерде:. Жалал-Абад областтык ҮМБсы- 11,8 миң сом жана Кочкор районунун ЖДПБсы -36,4 миң сом.

2. Кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттарды өз убагында атайын эсепке алынбагандыгы үчүн, Кочкор райондук ЖДПБсынын физиотерапиялык кабинетинин тиешелүү кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 189-беренесин бузуу менен, кызматкерлерден эмгекке кошкон жеке салымын баалоочу көрсөткүч катары чегерилген (КТУ) үстөк акыдан, жана башка эмгек акы катары чегерилген айлык акылардан жалпы 79,3 миң сом өлчөмүндө киреше салыгы кармалбай калган, анын ичинен:-Бишкек ш. №8 ҮМБсынан -66,9 миң сом, Кемин ш. Республикалык паллиативдүү жардамдын кургак учукка каршы №1 ооруканасы -12,4 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 3-декабрындагы №729 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө жана төлөө тартиби жөнүндө" нускаманын талаптарын бузуу менен, кызматкерлердин эмгек акысынан социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү (8%) жана

Пенсиялык топтоо фондунун төгүмдөрү (2%) жалпы **2468,4 миң сом** өлчөмүндө кармалбай, милдеттүү төлөмдөр тиешелүү бюджетке которулбай калган, анын ичинен: Кемин шаарындагы Республикалык паллиативдүү жардамдын кургак учукка каршы №1 ооруканасынан - 11,2 миң сом, Бакай-Ата ЖДБ -20,8 миң сом, Бишкек ш. №8 ҮМБсы -93,0 миң сом, Бишкек ш. №12 ҮМБсы -2 343,4 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматына маалымдоо менен Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 189-беренесине ылайык, 79,3 миң сом миң сом киреше салыгын тиешелүү бюджеттин эсебине которуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: Бишкек ш. №8 ҮМБсы -66,9 миң сом, Кемин ш. Республикалык паллиативдүү жардамдын кургак учукка каршы №1 ооруканасы -12,4 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 3-декабрындагы №729 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө жана төлөө тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, **2468,4 миң сом** социалдык камсыздандыруу төлөмдөрүн тиешелүү бюджеттин эсебине которуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: - Кемин шаарындагы Республикалык паллиативдүү жардамдын кургак учукка каршы №1 ооруканасы – 11,2 миң сом, Бакай-Ата ЖДБсы –20,8 миң сом, Бишкек ш. №8 ҮМБсы -93,0 миң сом, Бишкек ш. №12 ҮМБсы -2 343,4 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү өз убагында төлөнбөгөндүгү үчүн, айыптык туумдар Ош областтык кургак учукка каршы күрөшүү борборуна 94,1 миң сомго эсептелип, бюджеттик жоготууларга алып келген.

**Сунуштама**

Бюджеттик жоготууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Дебитордук жана кредитордук карыздарды эсепке алуулар**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 7-главасынын, "Дебитордук карызды эсепке алуу" параграфынын юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен, бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн **32 428,7 миң сомдук** дебитордук карыздар төмөндөгү мекемелерде аныкталган:: Бишкек ш. №3 ҮМБсы -3573,1 миң сом, Республикалык клиникалык инфекциялык ооруканасында - 7165,1 миң сом, Медициналык тез жардам шаардык балдар клиникалык ооруканасында -123,3 миң сом, Улуттук госпиталында -19 622,0 миң сом, Ош областтык клиникалык ооруканасы - 200,9 миң сом, Аламүдүн районунун Арашан айылынын ЖДПБсы -1295,7 миң сом (жогоруда

белгиленген мекемелерде эсепке калыбына келтирилди), Сокулук районунун ЖДПБсы –9,2 миң сом. А. Ташиева атындагы Эне жана баланы коргоо борбору - 439,4 миң сом,

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобого ылайык, дебитордук карыздарды өз убагында эсепке алуу жана толук көрсөтүү бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалып, тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү жана бухгалтердик эсепке алуу боюнча 448,6 миң сом дебитордук карыздар бухгалтердик эсепте көрсөтүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: А. Ташиева атындагы Эне жана баланы коргоо борбору тамак-аш азыктарынан -439,4 миң сом, Сокулук районунун жалпы дарыгердик практика борбору -9,2 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Аламүдүн районунун Арашан айылынын ЖДПБсында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 8-главасынын 1-параграфынын талаптарын бузуу менен, кредитордук карыздарынын 179,6 миң сом калдыгы 2025-жылдын 31-декабрына карата бухгалтердик эсепте чагылдырылган эмес (эсепке калыбына келтирилди).

**Сунуштама**

Кредитордук карыздар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарына ылайык эсепке алынсын.

**Бюджеттин резервдери жана жоготуулары**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 “Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестри жөнүндө” токтомунун 2-бөлүмүнүн 18-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен макулдашылып, каралган консультациялык кызмат үчүн төлөмдөр тиш дарылоо бөлүмдөрү тарабынан бейтаптардан алынган эмес, натыйжада жалпы **693,8 миң сомго** мекеменин кирешесинин жоготуусуна жол берилген, төмөндөгү мекемелерде: Кызыл-Кыя шаарынын ЖДПБсы - 248,0 миң сом, Өзгөн райондук ЖДПБсы - 383,6 мин сом, Аксы райондук ЖДПБсы - 62,2 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 "Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестри жөнүндө" токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен макулдашуунун алкагында тиш дарылоо бөлүмдөрү тарабынан консультациялык кызмат көрсөтүүлөргө акы алынсын жана кирешелердин жоготууларына жол берилбесин, тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: Кызыл-Кыя шаарынын ЖДПБсы, Өзгөн райондук ЖДПБсы, Аксы райондук ЖДПБсы.

**Аныкталды жана корутунду**

Улуттук онкология жана гематология борборунда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы №493 токтому менен бекитилген, "Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасынын" 12-главасынын 77-пунктунда каралган ченемдерди бузуу менен, 2025-жылы лабораториялык-диагностикалык изилдөөлөр жана консультациялык-дарылоочу жардамдар негизсиз, акы төлөнбөстөн 155,2 миң сомго көрсөтүлгөн.

Мындан сырткары, Улуттук онкология жана гематология борборунда укуктук-ченемдик актыларда каралбаган акция уюштурулуп, бекер изилдөөлөр 59,9 миң сомго жүргүзүлгөн, жалпы бюджеттик жоготуулар 215,1 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы №493 токтому менен бекитилген "Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер" Программасынын талаптары сакталсын, кызмат көрсөтүүлөр бекитилген Баалардын прейскурантынын негизинде акы алуу менен жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 418-беренесине ылайык, "СЭМАН Строй компани" ЖЧКсы менен түзүлгөн келишимдин жана аткарылган иштин актыларынын негизинде Улуттук онкология жана гематология борбору тарабынан 2025-жылдын ноябрь-декабрь айларында подрядчынын эсебине жалпы 2524,4 миң сом которулган, анын ичинде аткарылган жумуштар үчүн – 2381,5 миң сом жана сатуудан алынуучу салык үчүн (6%) – 142,9 миң сом. Бирок, "СЭМАН Строй компани" ЖЧКсынын Бирдиктүү салык декларациясына ылайык, подрядчы салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн тутуму боюнча иш алып барат жана Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 418-беренеси боюнча сатуудан алынуучу салыктын төлөөчүсү болуп эсептелбейт, тактап айтканда, "СЭМАН Строй компани" ЖЧКсы аткарылган иштердин актыларында сатуудан

алынуучу салыкты негизсиз көрсөткөндүктүн натыйжасында, республикалык бюджеттин жоготуусу 142,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Подрядчы “СЭМАН Строй компани” ЖЧКсы тарабынан Улуттук онкология жана гематология борборунун имараттарын оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүүдө негизсиз алынган 142,9 миң сомду республикалык бюджетке калыбына келтирүү боюнча иштер жүргүзүлсүн.

**Сатып алуулар боюнча бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 47-беренесине ылайык, мамлекеттик сатып алуулар порталында жарыяланган конкурстун өзгөчө шарттарында товар кечиктирилгендиги үчүн жеткирүүчү жоопкерчилик тартат жана сатып алуучуга ар бир кечиктирилген күн үчүн 0,1% өлчөмүндө туум төлөйт, эң көп айып пул келишимдин суммасынан 5,0%. Иш жүзүндө жеткирүүчүлөр тараптан конкурста көрсөтүлгөн тартип сакталбаган, жыйынтыгында товарлар жана кызматтар көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирилген.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, сатып алуучу уюмдун, жеткирүү мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн берүүчүлөргө айып санкциясын колдонууга укуктуу, иш жүзүндө сатып алуучу уюм тарабынан жалпы **2283,5 миң сомго** туум төлөмдөрү талап кылынган эмес төмөндөгү мекемелерде, Бишкек ш. №9 ҮМБсы - 2,1 миң сом, Бишкек ш.№1 Төрөт үйү -43,4 миң сом, Адам репродукциясы боюнча илимий изилдөө борбору -2,1 миң сом, Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасы - 2235,9 миң сом.

**Сунуштама**

1. Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдери жана сатып алуулар порталында жайгаштырылган конкурстун өзгөчө шарттары жана түзүлгөн келишимдердин жеткирүү мөөнөттөрү так аткарылсын.

2. Аткаруучулардын эсебинен жеткирүү мөөнөттөрүн бузгандыгы үчүн жалпы 2283,5 миң сом туум төлөмдөрүн талап кылуу боюнча чаралар көрүлсүн, төмөндөгү мекемелерде, Бишкек ш. №9 ҮМБсы -2,1 миң сом, Бишкек ш.№1 Төрөт үйү -43,4 миң сом, Адам репродукциясы боюнча илимий изилдөө борбору -2,1 миң сом, Ош областтар аралык бириккен клиникалык ооруканасы - 2235,9 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Аталган Мыйзамдын 11-беренесинин 7-пунктуна ылайык, Контракт түзүлгөндөн кийин сатып алуулар планында камтылган өзгөчө кырдаалдарды, форс-мажордук жагдайларды, аварияга байланышкан учурларды кошпогондо, сатып алуулар планында (сатып алуулардын такталган жылдык планында) каралбаган товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга жол берилбейт.

Аудит камтыган мезгил аралыгында Улуттук госпиталда республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен сатып алуулар планында каралбаган **11 040,7 миң сомго** сатып алуулар бир булактан сатып алуу усулу аркылуу жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Улуттук госпиталда “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышы камсыздалсын жана сатып алуу планында каралбаган товарларга, жумуштарга жана кызмат акыларга сатып алууларды жүргүзүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине шайкеш келбестен кулактандырууну жарыялоонун алдында сатылып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзүлбөстөн **6280,8 миң сомдук** сатып алуулар жүргүзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: Мырзаке ЖДПБсы -3499,9 миң сом, Кара-Суу районунун ҮМБсы -758,4 миң сом, Ош областтык клиникалык ооруканасы -920,4 миң сом, Ош областтык психиатрия жана наркология борбору -508,3 миң сом, Нарын областтык бириктирилген ооруканасы, Бишкек ш. №3 ҮМБсы -450,8 миң сом, Академик Мирсаид Миррахимов атындагы Улуттук кардиология жана терапия борбору -143,0 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы №85-Б “Электрондук мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн тартибин бекитүү жөнүндө” буйругунун 3-пунктуна ылайык, “Сатып алуулар бөлүмү жок болгон учурда, сатып алууларды ишке ашыруу өзүнүн бөлүмдөрүнүн бирине же сатып алуучу уюмдардын мамлекеттик сатып алуулар боюнча адистин сертификаты бар кызматкерлерине жүктөлөт, сертификаттар мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилгендигине жараша жаңыланат. Иш жүзүндө, А. Кутманов атындагы Аксы районунун ЖДПБсында сатып алуу иштерин жүргүзүү үчүн жооптуу адистин сертификаты жаңыланган эмес.

**Сунуштама**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзгөн саламаттык сактоо уюмдарынын мамлекеттик сатып алуулар боюнча жооптуу кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамдын 50-беренесинин контрактты аткарууну кепилдик камсыздоо талабы сакталбастан жыйынтыгында жалпы **3905,5 миң сом** депозиттик эсептерге түшкөн эмес, төмөндөгү мекемелерде: Ноокат ҮМБсы - 1542,6 миң сом, Сузак райондук ҮМБсы - 265,3 миң сом, Р.Г. Бауэр атындагы Жалал-Абад областтык кургак учукка каршы күрөшүү

борбору - 1398,4 миң сом, Нарын областтык бириктирилген ооруканасы - 699,2 миң сом.

22-беренесинин 6-пунктунун талаптарын бузуу менен Талас районунун ЖДПБсында келишимге кол коюудан баш тарткан берүүчүлөрдүн сунушунан 38,1 миң сом республикалык бюджетке чегерилген эмес.

**Сунуштама**

1. “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 50-беренесине ылайык, сатып алуу келишимин аткарууда кепилдикти камсыздоо талап кылынсын, кепилдикти талап кылбастан сатып алууларды жүргүзүүгө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү мекемелерде: - Ноокат ҮМБсы, Сузак райондук ҮМБсы, Р.Г. Бауэр атындагы Жалал-Абад областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору, Нарын областтык бириктирилген ооруканасы.

2. Талас районунун ЖДПБсында келишимге кол коюудан баш тарткан берүүчүлөрдүн сунушунан 38,1 миң сом республикалык бюджетке которулсун.

**Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалын баалоо**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Мамлекеттик финансылык аудитти өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө” 2025-жылдын 23-июнундагы №188 Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2025-жылдын 1-декабрындагы №233-Б “2025-жылдагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетин аткаруу боюнча отчетту түзүү жөнүндө” буйругунун талаптарына ылайык, 2025-жылдын 1-январынан тартып министрликтер, ведомстволор, уюмдар, ошондой эле Министрликтин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрү “Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп” автоматташтырылган маалымат системасы аркылуу бухгалтердик отчеттуулукту берүү милдеттендирилген, иш жүзүндө аудиттелген мезгилге карата Саламаттык сактоо уюмдарында “Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп” программасы толук ишке киргизилген эмес..

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 23-июнундагы №188 “Мамлекеттик финансылык аудитти өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгы жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2025-жылдын 1-декабрындагы №233-Б “2025-жылдагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетин аткаруу боюнча отчетту түзүү жөнүндө” буйругу аткарылсын жана “Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп” программасын Саламаттык сактоо уюмдарында толук кандуу ишке киргизүү боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Курулуш-куруу жана монтаждоо иштеринин аткарылышы боюнча бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду:** Саламаттык сактоо мекемелеринде курулуш-оңдоо иштерине аудитте жалпы **11602,9 миң сомго** аткарылган иштердин көлөмү негизсиз жогорулатылган, анын ичинен 11602,9 миң сому калыбына келтирилгени 7167,1 мин сом, калдыгы 4435,8 миң сомду түзөт (№3 Тиркеме).

**Сунуштама**

Кезектеги жана капиталдык оңдоо, курулуш-куроо иштерине сарпталган бюджеттик жана башка каражаттарын өздөштүрүүдө негизсиз төлөмдөргө жана мыйзам бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлерге, жетекчиликке жана техникалык көзөмөл кызматкерине карата тийиштүү чаралар көрүлсүн.

Жумуштардын жогорулатылган көлөмү подрядчылардын эсебинен бюджетке калыбына келтирилсин, анын ичинен: Токтогул районунун ЖДПБсы - 70,6 миң сом, Аксы районунун ЖДПБсы - 85,6 миң сом, Жалал-Абад областтык клиникалык ооруканасы - 85,1 миң сом, Сузак районунун ҮМБсы - 54,5 миң сом, Жалал-Абад облустук балдар клиникалык ооруканасы - 121,6 миң сом, Сузак районунун аймактык ооруканасы - 78,0 миң сом, “Кызыл-Жар” Республикалык психиатриялык ооруканасы - 345,7 миң сом, Кулунду ЖДПБсы - 46,5 миң сом, Лейлек районунун ЖДПБсы - 289,2 миң сом, Кадамжай районунун ЖДПБсы - 102,0 миң сом, Үч-Коргон ЖДПБсы - 189,1 миң сом, “Кызыл-Кыя шаарынын ЖДПБсы - 376,5 миң сом, Бишкек шаарынын №9 үй-бүлөлүк медицина борбору 200,0 миң сом, Бишкек шаарынын №10 үй-бүлөлүк медицина борбору 380,6 миң сом, КР Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Улуттук онкология жана гемотология борбору 55,0 миң сом, Бишкек шаарынын №2 клиникалык төрөт үйү 57,0 миң сом, Бишкек шаарынын №1 төрөт үйү 24,0 миң сом, Жумгал ЖДПБсы 8,2 миң сом, Кара-Суу районунун үй-бүлөлүк медицина борбору 720,4 миң сом, Ош областтар аралык балдар клиникалык ооруканасы 202,8 миң сом, Өзгөн районунун ЖДПБсы 40,0 миң сом, Кара-Суу райондук аймактык ооруканасы - 344,9 миң сом, Улуттук госпиталы 108,7 миң сом, Кара-Кулжа районунун ЖДПБсы 35,4 миң сом, Ош шаардык №2 үй-бүлөлүк медицина борбору 117,6 миң сом.

**Жол-жоболук бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 30-декабрындагы №1361 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын административдик-башкаруучу жана медициналык кызматкерлеринин сунушталган типтүү штатын бекитүү жөнүндө” буйругунун 2-пунктунун талабына ылайык, Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери Административдик-башкаруучу жана медициналык кызматкерлерге сунушталган типтүү штатын жетекчиликке алуу милдеттендирилген, бирок Улуттук госпиталдын жетекчилиги жана

тиешелүү кызмат адамдары тарабынан ал талаптар сакталбастан, укуктук-ченемдик актылардын бузулушуна жол берилген:

1. Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 30-декабрындагы №1361 буйругунун талаптары сакталбастан, бекитилген типтүү штаттык бирдик боюнча Шашылыш медициналык операциялык блогунда бөлүм башчы штаттык бирдиги каралбаса дагы, Улуттук госпиталдын жетекчиси, башкы дарыгер Б.Т. Төлөгөновдун 2024-жылдын 14-ноябрындагы №211 буйругу менен реконструктивдүү пластикалык жана жаак-бет хирург дарыгери М.А. Токтомбаевге 2024-жылдын 10-октябрынан тартып Шашылыш медициналык операциялык блогунун бөлүм башчысынын милдетин аткарууну жүктөгөн;

2. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 35-беренесинин 3-пункту боюнча кызматкерди бош кызмат орду боюнча милдетин аткаруучу кылып дайындоого жол берилбейт, деп белгиленген;

3. М.А. Токтомбаев - бет-жаак хирургия бөлүмүндө 0,75 ставкада дарыгер, Консультативдик диагностикалык бөлүмүндө 0,25 ставкада дарыгер жана (Нисур программасы боюнча алынган маалымат боюнча) Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясында 0,5 ставкада мугалим, жалпы 1,5 ставкада иштейт. Эмгек кодексинин 134-беренесине ылайык, айкалыштырып иштеген адамдар үчүн иш берүүчү тарабынан белгиленүүчү жумуш убактысынын узактыгы күнүнө 4 сааттан жана жумасына 20 сааттан ашпоого тийиш болсо дагы, Шашылыш медициналык операциялык блогунун бөлүм башчысынын милдетин аткарууну ашыкча жүктөгөн;

4. Кыргыз Репубикасынын Эмгек кодексинин 35-беренесинин 2-пункту боюнча кызматкерди милдетин аткаруучу кылып дайындоо 3 айдан ашпоого тийиш, бирок ал талаптар сакталбастан, М.А. Токтомбаев Шашылыш медициналык операциялык блогунда бөлүм башчынын милдетин аткаруучу болуп, 2024-жылдын ноябрь айынан бүгүнкү күнгө чейин иштеп келет;

5. Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 30-декабрындагы №1361 "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын административдик-башкаруучу жана медициналык кызматкерлеринин сунушталган типтүү штатын бекитүү жөнүндө" буйругу боюнча Консультативдик диагностикалык бөлүмүндө жаак-бет хирургия дарыгери штаттык бирдиги каралган эмес, бирок ага карабастан, Улуттук госпиталдын башкы дарыгеринин милдетин аткаруучу У.К. Кулукеев тарабынан 2026-жылдын 26-мартындагы №42 буйругу менен, колдун микрохирургиясы дарыгеринин 0,5 штаттык бирдигинин эсебинен, 0,25 ставкасына М.А. Токтомбаевди жаак-бет хирургия дарыгери кылып дайындаган.

Эгерде дайындалган адам башка бөлүмдө дарылоо/хирургиялык иштин толук көлөмүн аткарууну уланта берсе, анда жаңы түзүлгөн бөлүмдө уюштуруу-тескөө функцияларын аткаруунун реалдуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселе пайда болот.

Жаңы бөлүмдүн максаты - чукул чара көрүү, ал эми бул бөлүмдүн күнү-түнү иштеши, диагностика, бөлүштүрүү, персоналды жана башкаларды

контролдоо, башкача айтканда, жумуш ордунда дайыма болуу зарылчылыгы бар. Ошондой эле, калкка медициналык жардамды талаптагыдай эмес уюштуруу жана дайындоо, кызматтын максаттарына дал келбегендиги жөнүндө күбөлөндүрөт.

Натыйжасы бөлүмгө жетекчиликти укуктук-ченемдик актыларга шайкеш келтирбестен жана ишти толук кандуу, объективдүү камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү жок адамды дайындоо, анткени ал башка бөлүмдөрдө жана башка кызмат орундарында толук кандуу дарылоо жана окутуу ишин алып баруу жоопкерчилиги бар.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 30-декабрындагы №1361 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын административдик-башкаруучу жана медициналык кызматкерлеринин сунушталган типтүү штатын бекитүү жөнүндө” буйругунун талаптарынын бузулушуна жол берген Улуттук гопиталдын тиешелүү кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

Улуттук госпиталында Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2024-жылдын 30-декабрындагы №1361 “Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо уюмдарынын административдик-башкаруучу жана медициналык кызматкерлеринин сунушталган типтүү штатын бекитүү жөнүндө” буйругунун талаптарынын бузулушу тууралуу маалыматтар укук коргоо органдарына тиешелүү кароого жөнөтүү сунушталат.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №680/66-6 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу жөнүндө” токтомунун талаптары сакталбастан, жалпы **65 674,9 миң сомго** накталай төлөмдөрду кабыл алууга жол берилген, төмөндөгү мекемелерде: Бишкек ш. №4 ҮМБсы -3067,4 миң сом, Бишкек ш. №5 ҮМБсы - 8045,2 миң сом, Бишкек ш.№12 ҮМБсы -1181,3 миң сом, Бишкек ш. №13 ҮМБсы - 1123,6 миң сом, Бишкек ш. №2 көп тармактуу клиникалык ооруканасы - 2931,6 миң сом, Кыргыз Темир жолу ооруканасы -6128,0 миң сом, Улуттук онкология жана гематология борбору -24543,9 миң сом, Оштогу областтар аралык балдардын клиникалык ооруканасы - 8915,2 миң сом, Кара-Кулжа райондук ЖДПБсы - 1386,5 миң сом, Ош областтык клиникалык ооруканасы - 6699,7 миң сом, Үч-Коргон ЖДПБсы - 1092,5 миң сом, Нарын областтык бириктирилген ооруканасы - 560,0 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №680/66-6 токтомуна “Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү накталай эмес формада кабыл алуу

жөнүндө" токтомуна ылайык, калкты накталай эмес төлөмдөрдүн ар кандай формаларын жана инструменттерин колдонуу менен төлөмдөрдү кабыл алуу боюнча иш-чаралар жогоруда белгиленген мекемелерде жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-сентябрындагы №493 токтому менен бекитилген, "Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы" жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы №601 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу "Кыргызфармация" мамлекеттик ишканасы тарабынан дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды борборлоштуруп жеткирүү тартибинин тиркемесинин 11-пунктунун талаптары сакталбастан, дары-дармек жана медициналык буюмдар менен камсыз кылууда, 2025-жылга саламаттык сактоо уюмдары тарабынан түзүлгөн талаптарга салыштырмалуу **22744,5 миң сомго** жеткирилген эмес, төмөндөгү мекемелерде: Ош шаардык клиникалык ооруканасы - 4399,8 миң сом, Ноокат ҮМБсы - 3989,0 миң сом, Ноокен районунун ЖДПБсы - 682,6 миң сом, Сузак районунун аймактык ооруканасы -4398,5 миң сом, Аксы районунун ЖДПБсы - 907,9 миң сом, Р.Г. Бауэр атындагы Жалал-Абад областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору -2822,5 миң сом, Жүрөк-кантамыр хирургиясынын Түштүк регионалдык илимий борбору - 5416,1 миң сом, Баткен областтык кургак учукка каршы күрөшүү борбору - 128,1 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы №601 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу "Кыргызфармация" мамлекеттик ишканасы тарабынан дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды борборлоштуруп жеткирүүнүн тартибинин талаптарына ылайык, саламаттык сактоо уюмдарын дары-дармек менен толук камсыз кылуу көзөмөлгө алынсын жана тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 31-июлундагы №432 "Жашоо үчүн маанилүү дары каражаттарынын жана медициналык буюмдардын улуттук тизмелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык, 527 дары-дармектин түрү бекитилген. 2025-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин көрсөтмөсү боюнча тизмедеги дары-дармектер "Кыргызфармация" мамлекеттик ишканасы аркылуу борборлоштурулган камсыздоо аркылуу жүргүзүлгөн, тизмедеги дарыларга өз алдынча мамлекеттик сатып алуулар жүргүзүлбөйт.

"Кыргызфармация" мамлекеттик ишканасы тарабынан жашоо үчүн маанилүү дары каражаттар жана медициналык буюмдар менен өз убагында камсыздалган эмес төмөндөгү мекемелерде: Токтогул районунун К. Малабашев атындагы ЖДПБсында - 333,7 миң сом, Ч. Орозов атындагы ЖДПБсында - 51,8 миң сом.

**Сунуштама**

“Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасы аркылуу Саламаттык сактоо уюмдарын жашоо үчүн маанилүү дары каражаттары жана медициналык буюмдары менен жеткиликтүү камсыз кылуу көзөмөлгө алынсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесин бузуу менен корголгон беренелер боюнча 5304,0 миң сомго кредитордук карыздар түзүлгөн, төмөндөгү мекемелер боюнча: Ош областтар аралык балдардын клиникалык ооруканасы -28,4 миң сом, Ош областтар аралык онкология борбору -3,8 миң сом, Бишкек ш. №1 төрөт үйү -1,1 миң сом, Бишкек ш. №2 төрөт үйү -5241,3 миң сом, Адам репродукциясы боюнча илимий изилдөө борбору -29,4 миң сом.

**Сунуштама**

Жогоруда белгиленген мекемелерде корголгон беренелер боюнча кредитордук карыздардын түзүлүшү талдансын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун “Бухгалтердик эсепти жүргүзүүгө негизги талаптар” 2-главасынын ченемдери сакталбастан, чарбалык операцияларды жүзөгө ашырууда, кошумча төлөм каражаттары боюнча лабораториялардагы каттоо журналы менен бухгалтердик эсептеги дал келбестиктери орун алган, төмөндөгү мекемелерде: Ош облаттар аралык тери-венерологиялык борбору, Улуттук госпиталда - 3232,8 миң сом, Бишкек ш. №9 ҮМБсы -358,9 миң сом, Бишкек ш. №2 Төрөт үйү, Адам репродукциясы боюнча илимий изилдөө борбору - 11,1 миң сом, Республикалык психиатрия жана наркология борбору - 30,7 миң сом.

**Сунуштама**

“Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун “Бухгалтердик эсепти жүргүзүүгө негизги талаптар” 2-главасынын ченемдеринин аткарылышы камсыздалсын,

**Аныкталды жана корутунду**

Ноокат районунун аймактык ооруканасында канализациялык саркынды сууларды, катуу жана зыяндуу таштандыларды чыгаруу үчүн орнотмолору же курулмалары жок.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген, "Дарылоо-алдын алуу уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар" санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринин жана ченемдери сакталбайт.

Санитардык абалын жакшыртуу жана тазалоо иштери үчүн акыркы 2,5 жылда “Маржан ЛТД” ЖЧКсына 33 345,4 миң сом чыгымдалган.

**Сунуштама**

Ноокат районунун аймактык ооруканасында санитардык абалын жакшыртуу жана тазалоо иштери үчүн жүргүзүлгөн чыгымдар талдансын.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген, "Дарылоо-алдын алуу уюмдарына карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар" санитардык-эпидемиологиялык эрежелеринин жана ченемдеринин аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудитке берилген маалыматка ылайык, Бишкек шаарынын №2 көп тармактуу ооруканасынын аймагында имараттын курулушу Бишкек шаарынын мэриясы жана Катар кайрымдуулук уюмунун ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде ишке ашырылууда. Аудит жүргүзгөн мезгилге имарат пайдаланууга бериле элек жана оорукананын балансына кабыл алына элек.

**Сунуштама**

Саламаттык сактоо министрлигине

Бишкек шаарынын №2 көп тармактуу ооруканасынын аймагында имараттын курулушу боюнча Бишкек шаарынын Мэриясы менен иш алып барылсын.

Эскертүү: Бишкек шаарынын №2 көп тармактуу ооруканасында жүргүзүлгөн аудиттин аралык актысы Бишкек шаарынын Октябрь районунун прокуратурасына КР ЭПтин 2026-жылдын 13-майындагы № 01-17/503 каты менен жөнөтүлгөн.

**Жогорку технологиялар фонду (мындан ары- ЖТФ)**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.05.2009-жылдагы №288 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Медициналык жардамдын жогорку технологиялык (кымбат баалуу) түрлөрүнүн фондун түзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 7-майындагы №287 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтомунун негизинде бекитилген, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин “Медициналык жардамдын жогорку технологиялык (кымбат баалуу) түрлөрүнүн фонду жөнүндө” жобонун 4- бөлүмүнө ылайык:

Калк менен иштөө үчүн ЖТФ боюнча кызматтарды көрсөтүүчүлөр (улуттук борборлор, илимий-изилдөө институттары, республикалык саламаттык сактоо уюмдары, областтык бириктирилген ооруканалар) Дарылоо-контролдоо комиссияларын (мындан ары - ДКК) түзүлөт;

-ДКК ар бир оорулуунун документин: оорулуунун тарыхынын көчүрмөсүн, профилдик адистердин корутундуларын, клиникалык, лабораториялык жана башка изилдөөлөрдүн натыйжаларын карайт жана

дарылоонун зарылдыгы жана аларды Күтүү баракчасына киргизүү жөнүндө чечим кабыл алат;

- Ооруканага жаткыруу үчүн көрсөткүчтөр жок болгон учурда ДКК жашаган жери боюнча оорулууну андан ары дарылоо үчүн же жакын жайгашкан профилдүү саламаттык сактоо уюмуна толук сунуштар менен консультациялык корутунду жиберет.

Иш жүзүндө, 2025-жылы Улуттук госпиталында органдары трансплантацияланган бейтаптар үчүн иммуносупрессанттарды бөлүштүрүү боюнча дарылоо-контролдоо комиссиясы түзүлбөстөн 95372,5 миң сомго дары-дармек каражаттары сарпталган.

**Сунуштама**

Улуттук госпиталда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 7-майындагы №287 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Медициналык жардамдын жогорку технологиялык (кымбат баалуу) түрлөрүнүн фонду жөнүндө" Жобонун талаптары сакталсын жана кайталап бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Улуттук онкология жана гематология борборунда 2025-жылы жалпысынан жогорку технологиялык (кымбат баалуу) түрлөрүнүн фонду боюнча жалпы 856592,4 миң сом бөлүнгөн.

"Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Медициналык жардамдын жогорку технологиялык (кымбат баалуу) түрлөрүнүн фонду жөнүндө" жобонун 13, 14, 15-пункттарынын талаптарын бузуу менен жогорку технологиялык (кымбат баалуу) түрлөрүнүн фонду боюнча Дарылоо-контролдоо комиссиясы жана оорулууну дарылоонун зарылдыгы боюнча Күтүү баракчасы түзүлбөстөн (түзбөө кайталанат жыл сайын) Улуттук онкология жана гематология борбору жалпы 470 896,2 миң сомго жогорку технологиялык (кымбат баалуу) медициналык кызматтар көрсөтүлгөн, анын ичинен химио-таргенттик жана шишикке каршы препараттар 335 960,3 миң сомду түзөт.

**Сунуштама**

Улуттук онкология жана гематология борборунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 7-майындагы №287 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Медициналык жардамдын жогорку технологиялык (кымбат баалуу) түрлөрүнүн фонду жөнүндө" Жобонун талаптары сакталсын жана кайталап бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

2025-жылдын 11-февралында Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илимий-изилдөө институтунун жер төлөсүндө жарылуу болуп, өрт чыккандыгы катталган. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-февралындагы №71 буйругу менен чыккан өрттүн себептерин аныктоо боюнча ведомстволор аралык комиссия түзүлгөн.

Ведомстволор аралык комиссия, келтирилген зыяндын жана жабдуулардын жалпы суммасы 340 711,1 миң сомду түзгөндүгүн аныктаган.

2025-жылдын 16-майындагы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин төрагасында болгон кеңешмесинин протоколунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин макулдугу менен, Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институтуна медициналык жабдыктарды алуу үчүн кошумча каражат 3112 “Машина жана жабдуулар” беренеси боюнча 257 667,6 миң сом каралган.

Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институту (сатып алуучу тарап), жана “Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасы (жеткирүүчү) менен 2025-жылдын 2-декабрындагы №0-333 баасы 212 770,5 миң сом, 2025-жылдын 22-декабрындагы №0347 баасы 2963,2 миң сом жана 2025-жылдын 25-декабрындагы №0-369 баасы 37388,6 миң сом медициналык шаймандарды алуу үчүн келишимдери түзүлгөн. Келишимдердин шарттарын ылайык 100 пайыз алдын -ала төлөмдөрү жүргүзүлөөрү аныкталган.

Жогоруда көрсөтүлгөн келишимдердин негизинде, “Кыргызфармация” Мамлекеттик ишканасы медициналык шаймандарды болгону 2367,0 миң сомго канаатандырган. Каржылоо Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан “Кыргызфармация” мамлекеттик ишканасына түз жүргүзүлөт.

Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институту жогоруда аталган келишимдердин 3.1-бөлүмүндө карлган, сатып алуучу тарапка жеткирилүүчү медициналык шаймандарды алууга даярдыгы тууралуу мамлекеттик ишканага билдирүү берилген эмес..

**Сунуштама**

Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институтуна медициналык жабдыктарды жеткирүү үчүн түзүлгөн келишимдерде каралган шарттардын аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

ГАЗ 221717-1752 маркасындагы 2022-жылы чыгарылган, мамлекеттик номери №01KG 670 AL, баланстык баасы 2883,2 миң сомду түзгөн автоунаа Азия өнүктүрүү банкынын каражатынын эсебинен сатып алынып, Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институтунун 2022-жылдын 19-январындагы №3 буйругунун негизинде өзүнүн балансына алынган.

Аталган ГАЗ 221717-1752 маркасындагы автоунаа, Саламаттык сактоо министрлигинин унаа тейлөө директору менен Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институтунун директору ортосунда кабыл алуу жана өткөрүп берүү актысы түзүлгөн. Кабыл алуу жана өткөрүп берүү актысында, шашылыш медициналык тез жардам берүү үчүн бардык медициналык шаймандары бар экендиги тастыкталган.

Автоунаанын өз максатында пайдаланылышы жана медициналык шаймандардын иш жүзүндө абалын текшерүү үчүн, Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институтунун чарба

бөлүмүнүн башчысы жана айдоочусунун катышуусунда инвентаризация жүргүзүлгөн.

Жыйынтыгында автоунаага тиешелүү медициналык шаймандардын 42 түрүнөн, болгону 3 гана шайман ордунда болгон *(№4.тиркеме)* же шашылыш керектелүүчү медициналык шаймандары алынып салынып, ички чарбалык иштерге колдонуп жүргөндүгү аныкталган.

**Сунуштама**

Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институтунун балансында катталган автоунаанын өз максатында пайдаланылышы камсыздалсын жана медициналык шаймандары ордуна коюлсун. Максатсыз пайдалнууга жол берген тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

2025-жылдын 11-февралындагы Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институтунда болгон өрттөн кийин медициналык шаймандарды профилактикалык-техникалык тазалоо иштерине мамлекеттик сатып алуулар боюнча 2025-жылдын 14-февралында №25022492299619 сандуу конкурсу жарыяланып, конкурс өткөрүлгөн.

2025-жылдын 5-мартында ИП “Макаров Д.В.” менен №17 келишими түзүлгөн.

Аудит учурунда конкурстук комиссиясынын төрагасы берген маалыматка ылайык, Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институтунда ЖИ “Д.В. Макаров” медициналык апараттарды тазалоо иштерди мамлекеттик сатып алуулар процедуралар аяктаганга чейин жумушту баштаган. Ошондой эле, берилген маалыматка караганда 2025-жылдын 11-февралынын КДО бөлүмү жайгашкан Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илимий-изилдөө институтунун жер төлөсүндө жарылуу болуп, өрт жана түтүн чыгып, медициналык шаймандарды колдонуу кооптуу болуп калгандыктан, тез арада шаймандарды тазалоо, ирээтке келтирүү керектиги зарыл болгон.

**Сунуштама**

Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илимий-изилдөө институтунун жетекчилиги, мамлекеттик сатып алуулар алкагында, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

**Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына**

Жүрөк хирургиясы жана органдарды алмаштыруу боюнча илим-изилдөө институтунда болгон өрттөн кийин медициналык шаймандарды профилактикалык - техникалык тазалоо иштери туралуу маалымат тиешелүү кароого укук коргоо органдарына берүү сунушталат.

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинде жана анын ведомстволук мекемелеринде бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору А.Б. Турдумалиевдин, 2026-жылдын 20-апрелинен тартып аудитор З.А. Сатаевдин жетекчилигинде, башкы мамлекеттик инспекторлор А. Токоматов, З. Солпуева, А. Шамшиев, С. Зулуев, Н. Кайимов, К. Абдыманапов, Бакир уулу Э., А. Омурсаков Б. Парпиев, О. Турсункожоев, Н. Жолдошев, .А. Ниязалиев К. Торобеков, С. Утуров,, А. Аттокуров И. Сабырканов, М. Макешов, Кутпидин уулу А., курулуш иштери боюнча инспекторлор Б. Джайлообаев, А. Ажибеков, Д.. Кубанычбеков жана З. Кыралиев, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмдөрүнүн инспекторлору тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **З.А. Сатаев**